Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КЫРГЫЗ ТИЛИ 7

Жалпы орто билим берүүчү мектептеринин
7-классы үчүн окуу китеби

Жаңы басылышы

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги тарабынан басууга сунушталган*



ТАШКЕНТ – 2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УЎК 811.512.154(075.3)
КБК 81.2(5Кир)я72
У 69

**Түзүүчүлөр:**
Ш. Уринбаева, Г. Шерматова

**Пикир жазгандар:**

**М. Темирова** – Андижан мамлекеттик университетинин Кыргыз тили жана адабияты багытынын филология илимдери боюнча философия доктору (PhD), доцент.

**Г. Маматхалилова** – Андижан облусунун Жалакудук районундагы 29-жалпы билим берүүчү мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими.

**М. Каламбекова** – Андижан облусунун Коргонтөбө районундагы 29-жалпы билим берүүчү мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими.

**Х. Усманов** – Ташкент облусунун Паркент районундагы 33-жалпы билим берүүчү мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими.

## ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР

 – текст менен иштөө

 – суроо жана тапшырма

 – үйгө тапшырма

 – топтор менен иштөө

 – грамматыкалык тапшырма

 – өз алдынча иштөө

 – накыл сөздөр

 – кичи топтордо иштөө

Оргинал-макет «O‘zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө даярдалды.

Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.

ISBN 978-9943-8371-2-6

© Республикалык билим берүү борбору, 2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАЗМУНУ

## I БӨЛҮМ. МЕН, СЕН, АЛ ЖАНА АЛАР

Киришүү ........ 5

Интернет кооптору
жана алардан сактануу ........ 8
Социалдык тармактын пайдалуу жактары ........ 11
Компьютер ........ 16
Заманыбыздын каармандары ........ 21
Өзбекстандын географиялык орду ........ 30

## II БӨЛҮМ. ЖАРАТЫЛЫШ ЖАНА БИЗ

Туран жолборсу ........ 44
Алтын Казык жөнүндө уламыш ........ 52
Байчечекей жаздын кабарчысы ........ 61

## III. БӨЛҮМ. ДЕН СООЛУК–ТЕРЕҢ БАЙЛЫК

Аарылар – тазалыктын символу ........ 72
С витамини ........ 80
Күрөш – улуттук спорт оюну ........ 85

## IV БӨЛҮМ. КЕСИБИМ – СЫЙМЫГЫМ

Кесип же өнөр ........ 92
Ветеринар ........ 97
Келечек кесиптери. Мен келечекте ким болгум келет........ 104

## V БӨЛҮМ. ЖАШ ЭКОНОМИСТ

Падыша менен сүрөтчү ........ 114
Базар........ 116
Чоң атамдын пенсиясы ........ 121

## VI БӨЛҮМ. ИЛИМ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАР

Физика эмне үчүн керек? ........ 126
Саманчынын жолу галактикасы ........ 131
Электромобиль ........ 134



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## VII БӨЛҮМ. ТИЛ ЖАНА ДИЛ

Туура сүйлөө........................................................................ 140
Жазуучунун сөз чеберчилиги .................................................... 144
Т. Сатылганов – көп кырдуу акын.............................................. 149

## VIII БӨЛҮМ. ТАРЫХ КАЗЫНАЛАРЫ

Хива жана Ичан Калаа жөнүндө ............................................. 156
Темир жол.................................................................................. 162
Ньютон Исаак ............................................................................ 170

## IX БӨЛҮМ. ИСКУССТВО ЖАНА МАДАНИЯТ

Захириддин Мухаммад Бабур.................................................... 176
«Чыгыш обондору» эл аралык музыка фестивалы ................ 182
Эл акындары жана манасчылар ................................................ 187

## X БӨЛҮМ. УКУГУБУЗ – СЫЙМЫГЫБЫЗ

Олий Мажлис.............................................................................. 194
Министрлер Мекемеси – Мамлекет өкмөтү,
аткаруу органы .......................................................................... 197
Авторлук укугу ..........................................................................202
Жыл боюнча өтүлгөндөрдү кайталоо
жана тексттерди логикалык жактан талдоо ............................207



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИРИШҮҮ

## Кымбаттуу окуучулар!

Силерди жаңы окуу жылыңар менен куттуктайбыз! Кыргыз тилин окуп-үйрөнүүдө көп-көп ийгиликтерди каалайбыз! Бул окуу китеби 6-класста алган билимиңерди андан ары тереңдетет. Окуу китебинде жаратылыш, ден соолук – терең байлык, кесибим – сыймыгым, жаш экономист, илим жана технологиялар, тил жана дил, тарых казыналары, искусство жана маданият, укугубуз – сыймыгыбыз жөнүндө көп кызыктуу маалыматтар сунушталган. Силер ийгиликтүү тил үйрөнүшүңөр үчүн кызыктуу жана керектүү маалыматтар менен таанышып, окуган жана билген маалыматтарды жупта, кичи топто талдап, ар түрдүү кырдаалдарда баарлашып, ой-пикириңерди жазып, аракеттене турган тапшырмалар берилди. 7-класстагы көндүмдөрүңөрдү андан ары өнүктүрүп, окуу китебиндеги ар бир тапшырманы адегенде өз алдынча, андан кийин жупта, кичи топто аткаруу керек экенин жакшы түшүнүп калдыңар деп ойлойбуз. Тапшырмаларды ушундай ирети менен аткарып жатып, силер өз пикириңерди түшүнүктүү билдирип, башкаларды түшүнгөндү жана окуган маалыматыңарды баалаганды үйрөнө аласыңар. Ийгиликтүү окуучу болуу үчүн окуучулар беш базалык көндүмгө ээ болушу керек, алар окурмандык компетенттүүлүктүн түзүмдүк элементтери болуп саналат. Окуу көндүмдөрүнүн өз ара байланышын, ошондой эле пландоо, окутуу жана окуучулардын беш базалык көндүмдү өздөштүрүү деңгээлин баалоо принциптерин билүү мугалимдер үчүн маанилүү болуп саналат.

Текст менен иштөө
Текст боюнча суроолор
Топтук ыкмадан пайдалануу
Практикалык грамматика
Кызыктуу методдор

Окуу китебинин материалдары кеп ишмердиктин түрлөрүн (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) комплекстүү өнүктүрүүгө багытталды. Бул окуу китебинин мазмуну Мамлекеттик билим берүү жана Кыргыз тилинин предметтик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык түзүлдү. Коммуникативдик технологиянын негизинде эң натыйжалуу окуу ыкмаларын колдонуу менен көп тилдүү билим берүү программаларын апробациялап жаткан мектептердин алдыңкы тажрыйбаларына таянуу окуу китебинин принципиалдуу өзгөчөлүгүн түзөт. Ошондой эле окуу китебинде маалымат технологияларын колдонуп, окуучулардын долбоордук жана изилдөөчүлүк ишмердикке катышуусу каралган. Окуу китебиндеги материалдар окуучуларга кыргыз элинин жана дүйнөдөгү башка элдердин тарыхы, каада-салттары, маданий өзгөчөлүктөрү, жалпы адамзатка тиешелүү рухий баалуулуктары менен таанышууга өбөлгө түзөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бул окуу китеби мектептин негизги материалдарын кайталоого, монологдук, диалогдук кеп ишмердүүлүгү боюнча көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жардам берет.

Байланыштуу кеп түзүү (айтып берүү, маектешүү, дискуссия жүргүзүү), угуу жана укканын түшүнүү, жазуу (жазуу түрүндөгү текст түзүү) окуу жана окуганын түшүнүү.

Сабактын мазмуну таанып-билүүчү материалдарга багытталган; машыктыруучу тапшырмалар лексика-грамматикалык көндүмдөрдү калыптандырып, угуп түшүнүү, сүйлөө, окуп түшүнүү жана жазуу көндүмдөрүн, өз алдынча иштөө боюнча жана тестирлөөгө даярдоо үчүн машыктыруучу тапшырмаларды өз ичине камтыйт.

Сабакта силерге берилгендердин баары практика жүзүндө максималдуу колдонууга багытталган нерселер.

Китептеги материалдарды өздөштүрүү процессинде төмөнкүлөрдү үйрөнөсүңөр:

– иш кагаздары боюнча материалдар менен таанышып, аларды өз алдынча жаза алууга;

– айлана чөйрөдөгү маалыматтар менен тааныша алуу жана аларга өз пикирин билдире алуу;

– илим жана техникада кандай жаңылыктар болуп жаткандыгы боюнча маалыматтарды угуп түшүнүү;

– мамиле маданиятын үйрөнүү жана аны өздөрүндө калыптандыра алуу;

– ар кандай суроолор берүү менен өздөрүнө керектүү материалдарды таба алуу;

– өздөрү кызыктырган темалар боюнча баарлаша алуу;

– сүйүктүү китебиңер же кино тасмаңар тууралуу аңгеме куруу;

– алдын ала даярдыксыз түрдүү темаларды талкуулоо;

– ар кандай темада текст түзө алуу;

– түрдүү типтеги жана мүнөздөгү тексттерди окуп түшүнүү жана түзүү (мисалы, аңгеме, интервью, диалогдор, баяндамалар);

– өздөрү кызыктырган темада өз пикирлерин оозеки жана аны жазма түрдө баяндап бере алуу;

– грамматика боюнча практикалык тапшырмаларды аткаруу;

– топтор менен биргеликте өз пикирлерин билдире алуу;

– угуп түшүнүүдө сүйлөмдөрдү толуктай алуу;

–морфология боюнча билимдерге ээ болуу жана тексттеги материалдар менен грамматикалык талдоолорду иштей алуу;

– текст боюнча берилген чагылдыруу ыкмасы жана жыйынтыктоочу суроолорго жооп бере алуу;

– тексттен керектүү маалыматты өздөрүнө алуу.

Кымбаттуу жогорку класстын окуучулары, силерге кызыктуу чыгармачылык ийгиликтерди каалайбыз!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# І БӨЛҮМ. МЕН, СЕН, АЛ ЖАНА АЛАР




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Текст менен иштөө

## ИНТЕРНЕТ КООПТОРУ ЖАНА АЛАРДАН САКТАНУУ

Интернет өнүккөн сайын түрдүү коoптор да көбөйүүдө, көптөгөн учурларда реалдуу турмушта да анын таасири билинүүдө. Реалдуу дүйнөдөгү мамиленин эрежелери интернеттеги виртуалдуу дүйнөгө да тиешелүү. «Өзүңө кандай мамиле жасалышын каалаcаң, башкалар менен да ошондой мамиледе бол». Виртуалдуу дүйнөдө маалымат кабыл алуучу адам башка маданиятка таандык болушу мүмкүн, мындай жагдай түшүнбөстүктөр келип чыгуу коопун туудурат. Мисалы, мыскыл-тамашаны түшүнүү түздөн-түз маданий үрп-адат жана тарбия менен байланыштуу болгондуктан, ким менен мамиле жасаганыңды билбей туруп, тамашалоодо сак болгон оң. Айныкса, жүзүңдү маектешиң көрбөсө, сөзүңдү укпаса, ага тамашадан турган маалымат берүү жакшы эмес. Демек, Интернетте башкаларга карата тармак адеп-ахлак эрежелерине баш ийген түрдө мамиледе болуу интернеттен пайдалануу маданиятын билдирет.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Текст боюнча берилген суроолордун айрымдары андагы ойдун кандай ыкма менен, кандай стилде чагылдырылганын текшерет.

**Тексттеги маалыматтын жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Текстти окуп мазмунун түшүндүрүп бергиле.
2. Интернеттеги вертуалдуу дүйнөгө кандай эрежелер тиешелүү?
3. Реалдуу жана виртуалдуу дүйнө дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
4. Социалдык тармактардан пайдалана аласыңарбы?
5. Интернеттен кандай пайдалануу керек?

**Тапшырма 1.1.** Төмөнкү берилген таянч түшүнүктөрдү окуп, ал боюнча өз пикириңерди билдиргиле.

Виртуалдуу – ойлоп табылган, ойдогу.
Виртуалдуу дүйнө – Интернет чөйрөсү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Социалдык тармак – пайдалануу үчүн текст, сүрөт, видео өңдүү материалдарды жүктөө, маектешүү, коюлган материалдарга түшүндүрмө калтыруу мүмкүнчүлүгүн берген сайттар топтому, мисалы, Facebook, Instagram, Telegram жана у.с.

Профил ачуу – өздүк маалыматтарды киргизүү аркылуу сайттарда катталуу, өзүн башка пайдалануучуларга тааныштыруу.

**Топтор менен иштөө**

Мында биринчи топтун окуучулары кластер методунда интернеттин пайдалуу жактарын, экинчи топтун окуучулары интернеттин зыяндуу жактарын жазышат.





**Тапшырма 1.2.** Интернетке тиешелүү сөздөрдүн жазылышына көңүл бургула.

## ТИЛДИН ЧЫГЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

Тил – коомдук көрүнүш, ал коом пайда болгондо келип чыккан. Коомдун өнүгүшү менен тил да өнүүгүгө, өзгөрүүгө дуушар болуп отурат. Эмгектенүү учурунда тил адам баласынын оюн тиешелүү деңгээлде андан ары өнүктүрүп,болгон бардык иштажрыйбаларын тил аркылуу бир элден экинчи элге, бир муундан экинчи муунга өткөрүп турат.Тил коомдук эмгекти уюштурууда, аны андан ары өнүктүрүүдө, илим менен техниканын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Биздин кыргыз тили түрк тилдеринин катарына кирет. Ал узак жолду басып өткөндүктөн, тектеш жана тектеш эмес тилдердин арасында өнүгүп, биздин күнгө жетип отурат. Кыргыз элинин тарыхын карап чыгуу менен Орхон-Енесай доорунан баштап, Орто Азияда жашаган мезгилге чейин жашоо турмушунда алыс жана жакын тектеш элдер менен саясий, экономикалык, географиялык жактан өз ара катышта болгондугун тилдик жана адабий мурастар далилдейт.

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Тил кандайча пайда болгон?
2. Биздин күнгө чейин кандай процесстерди башынан өткөргөн?
3. Анын өсүп-өнүгүү, баюу жолу кандай?

Тил жөнүндө айтылган ырларды, макалдарды, учкул, накыл сөздөрдү жазып келгиле. Интернет жооптору жөнүндө кыскача текст жазып келгиле.

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |

**Текст менен иштөө**

## СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТЫН ПАЙДАЛУУ ЖАКТАРЫ

Учурда интернет жашообузда аябай чоң мааниге ээ. Ансыз жашоону элестетүү мүмкүн эмес. Ал эми социалдык тармактарда катталбай калгандар ого бетер аз. «Бир аз эле убакытка отуруп, кайра чыгам деп ойлогом, анан эле карасам толтура убактым кетип калыптыр» – деген сөздөрдү көп угабыз. Ошону менен бирге андан кантип көз карандысыз болууну дагы көп ойлонобуз. Бир нече видеороликтерди көрөбүз, ошентип карасак бир нече саатыбыз куру бекер өтүп кеткен болот.

Социалдык тармак – кимдир бирөө үчүн бош убакытты өткөрүүгө мыкты мүмкүнчүлүк, ал эми кимдир бирөөгө пайдасыз текке кеткен сааттар. Ар бир нерсенин оң-терс, пайдалуу-зыяндуу жактары болот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ИЗДЕП-ТАБУУ ОҢОЙ






Издеген **маалыматты,** сүрөттү, аудио-видео **материалды** тез эле таба аласыңар. Керек болсо издеген адамды дагы бат табасыңар. Айрым себептерди эске албасак, дээрлик көп нерсени тапса болот.

**Баарлашуу жана маалымат алмашуу оңой**.

Албетте ар бир адамда азыр **мобилдик** телефон бар. Биз смс жана ммс аркылуу маалымат алмаша алабыз.Бирок буга бир топ акча кетет.

Ал эми социалдык тармактарда тез жана **ыңгайлуу** түрдө баарлашууга шарт бар.

**Кызыкчылык боюнча топ түзүү же мүчө болуу**.

Мисалы: **Кызыктуу** уюмдардын, топтордун, **коомдордун** мүчөсү болуп, ага жазылып коюуга болот. Ал жактан маалымат аласыңар. Сатып алсаңар же сатсаңар болот. Учурда кайсы бир **товарды** саткан топтор абдан өнүгүүдө.

Өз убагында майрамдар тууралуу маалымат берип турат. Айталы, жакыныңардын туулган күнү, шаардын **майрамы**, **досуңардын** маарекеси. Эскерткичтин жардамы менен ошол эле замат куттуктоо жазып, кооз стикер же фото жөнөтүп, өз убагында көңүлүн көтөрүп коё аласыңар.

## СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРДЫН ТЕРС ТААСИРИ

21-кылымда адам баласынын жашоосуна социалдык тармактардын тийгизген таасири чындыгында абдан **күчтүү** болууда. Социалдык медиага байланыштуу жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөргө баам салсак, абдан таң калтыруучу **жыйынтыктарды** байкайбыз. Төмөндө психологиялык ден соолугубузга тийгизген терс таасирлердин эң маанилүүлөрүн кыскача мисал келтирем.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРДЫН ТААСИРИ

Социалдык тармактар анча деле маани бербей турган нерсени, анча деле баркы жок, баасы жок нерсени, байкалбаган нерсени идеалдаштырууга алпарат, ал бизди жипсиз байлайт. **Виртуалдык** дүйнө чыныгы баалуулуктардын маанисин жок кылууга чейин жеткирет. Интернет **колдонуучулар** ар дайым өзүн башкалар менен салыштырып, же атаандашып отуруп, өзүнүн чыныгы жашоосун аз ойлоп калат.

Адамда индивидуалдык нерсе жоголот, тамыры ыркылат, ошентип отуруп социалдык тармактын терс таасири тийе баштайт. **Эксперттердин** айтымында социалдык тармак керек болсо жалкоо, акылсыз болууга чейин жеткирет. Эгерде силердин **лентаңарда** таанышыңардын жумуштары жакшы жүрүп жатса, ал эми силерде бул күн татаал өткөн болсо, бул силердин маанайга заматта терс **таасирин** тийгизет. Британдык изилдөөчүлөрдүн жүргүзгөн социалдык сурамжылоосуна таянсак, адамдардын 55%ы социалдык тармактар алардын жүрүм-турумуна зор таасир тийгизээрин, ал эми 53%ы өз жашоосун башкаларга салыштыруудан улам маанайы түшкөнүн мойнуна алган.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## СОЦИАЛДЫК ТАРМАК БАКТЫСЫЗДЫККА АЛЫП БАРАТ

Мичиган университетинде болсо эң белгилүү социалдык медиалар боюнча иликтөөлөрдү жүргүзүп чыгып, учурдагы атактуу социалдык тармак Фейсбук деп далилдешкен. Мунун негизинде Фейсбукка байланыштуу атайын иликтөөлөрдүү жүргүзүшүп, колдонуучулардын маанайына абдан таасир тийгизээрин жазышкан. Жыйынтыктардын негизине назар салсак, социалдык тармакка кирбегендерге караганда тынбай киргендер негизинен бактысыз жана жашоосуна канааттанбагандар экени далилденген.

**Тексттеги маалыматтын жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Тексттеги негизги ой эмне жөнүндө айтылып жатат?
2. Биринчи абзацтын маанайы эмнеге көбүрөөк жакын?
3. Интернеттин жашообузда кандай мааниси бар?
4. Социалдык тармактар дегенибиз эмне?
5. Социалдык тармактардын кандай пайдалуу жактары бар?
6. Социалдык тармактардын кандай терс таасирлери бар?
7. Британиялык изилдөөчүлөр социалдык тармактын таасири боюнча кандай жыйынтыкка келишти?
8. Мичиган университети кайсы социалдык тармакты учурдагы атактуу тармак деп далилдешкен?
9. Сен кайсы социалдык тармактан пайдаланасың?

**Тапшырма 1.1.** Сүрөттөр менен иштөө. Жогоруда берилген сүрөттөр боюнча өз пикириңерди билдирип, топтук ыкмада ар бир окуучулардын катышуусунда текст түзгүлө.

## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

**Топтор менен иштөө**

Жогоруда берилген тексттен кара тамга менен берилген сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыраткыла. Сөздөрдөгү мүчөлөрдүн кайсы түрү экендигин аныктагыла: а) сөз өзгөртүүчү мүчөнүн кайсы түрү экендиги; б) сөз жасоочу мүчөнүн кайсы түрү экендиги;




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


1. Сөздүн курамдык бөлүктөрү уңгу жана мүчө жөнүндө түшүнүк бергиле.
2. Мүчөнүн маанисине карай бөлүнүшүн түшүндүргүлө.
3. Сөз өзгөртүүчү жана сөз жасоочу мүчөлөр жөнүндө айтып бергиле, оозеки мисалдар келтиргиле.
4. Тубаса жана туунду сөздөр деп кандай сөздөрдү айтабыз?

**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү таблица боюнча тексттеги сөз мүчөлөрүнүн түрлөрүн аныктагыла жана аларга мисалдар келтиргиле.

***1-топко:***




***2-топко:***




**Кичи топтордо иштөө**

Тексттен татаал сөздөрдү таап, аларды түрлөргө ажыраткыла. Төмөнкү суроолорго жооп берип ар бирине өз алдынча мисалдар келтиргиле. Сөз жасоонун синтаксистик ыкмасын түшүндүргүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Өтүлгөндөрдү эске түшүрдүм, билдим**

**Пайдаландым**

**Таң калдым**

**Мен**

**Үйрөндүм**

**Түшүндүрө алам**

**Түшүнгөн жокмун**

**Тапшырма 1.3.** Көчүрүп жазып, сүйлөмдөгү кош сөздөрдү тапкыла. Кош сөздөрдүн кайсы түрү экендиги боюнча төмөнкү таблицаны толтургула. Кош сөздөрдүн жазылышын аныктагыла.

| Эки сөзү тең маани берүүчү кош сөздөр | Бир сөзү маани берип, экинчи сөзү маани бербөөчү кош сөздөр | Эки сөзү тең маани бербөөчү кош сөздөр |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |

Түш ообой, **шаардын** чет-жакасындагы бак-дарак көрүндү. Жолдогу жүргүнчүлөр да улам-улам көбөйө берди. Атасы **божуну** өз **колуна** алды. Анысы да туура болду. Султанмураттын көңүлү шаардын ызы-чуулуу кызыгына ооган эле. Ары-бери, аркы-терки, өйдө-ылдый жүргөн азан-казан эл, катар-катар калың там. Кызыл-тазыл, өң-түспөлү да бөтөнчө чоң шаар Султанмуратты толкундан-толкунга серпип алып жөнөдү. *(Ч.А.)*

Социалдык тармак боюнча эссе жазып келгиле.

**Текст менен иштөө**

## КОМПЬЮТЕР

Бүгүнкү күндө илим менен техниканы компьютерсиз элестетүү кыйын. Компьютер окуу жайларда, мектептерде, медицинада, космосто, телекөрсөтүүдө, ал тургай үй тиричилигинде



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

да кеңири колдонулууда. Мектеп окуучулары менен студенттер эл аралык «Интернет» маалымат системасынан пайдаланып, билимдерин тереңдетишет. Дүйнө элдери «Интернет» аркылуу бири-бири менен байланышат. Компьютер басма ишинде да кеңири пайдаланылат. Газета, журнал, китептер жана башка илимий, көркөм чыгармалар да компьютерде терилип, калыпка салынат. Компьютердик китепканадан каалаган чыгармаларды окуп, кинофильм көрүп, музыка, обондуу ырларды укса да болот. Мындай сабаттуулук менен дүйнөлүк билим мейкиндигине аралашабыз.



**Тексттеги маалыматтын жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Мектеп окуучулары менен студенттер билимдерин кантип тереңдетишет?
2. Басма ишинде компьютер кандай пайдаланылат?
3. Дүйнө элдери бири-бири менен кантип байланышат?
4. Компьютердик китепканадан кандай пайдаланса болот?
5. Компьютерлер кайда кеңири колдонулууда?

**Тапшырма 1.2.** Тексттеги зат атоочторду кайсы жөндөмөдө экендигин аныктагыла жана алты жөндөмө жөнүндө айтып бергиле. Төмөнкү суроолорго жооп берип, ар бирине мисалдар келтиргиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Кандай сөз түркүмүн зат атооч деп айтабыз? Эрежесин айтып берип, оозеки мисал келтиргиле.
2. Зат атооч сөздөр кандай суроолорго жооп берет?
3. Төмөнкү сөздөрдү жөндөгүлө: окуучу, эне, бала, мектебим.
4. Кыргыз тилинде канча жөндөмө бар экенин айтып бергиле. Жөндөмөлөрдүн мүчөлөрүн жана кандай суроо берилерин түшүндүргүлө.

## Топтор менен иштөө

«Боз үйдү жасалгалоо» методу боюнча ар бир топтун окуучулары өздөрүнө тиешелүү боз үйдү жасалгалайт. Тексттен биринчи топтун окуучулары атооч, илик, барыш жөндөмөдөгү сөздөрдү таап боз үйдү толтурса, экинчи топтун окуучулары табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөдөгү сөздөр менен боз үйлөрүн толтурушат. Ким биринчи аткарат?



*1-топко:*



*2-топко:*

**Тапшырма 1.3.** Тексттен аягы үндүүлөр менен бүткөн зат атоочтордун кайсы жөндөмөдө турганын тапкыла. Өзгөчөлүктөрүн аныктагыла. Зат атоочтун жөндөлүш типтерин санагыла.

## БЕШИК ЫРЫ

Бешик ыры кыргыздарда байыркы учурларда эле пайда болгон. Эненин чүрпөсүнө болгон мээрими бешик ырынан, кээде аталгандай бөбөк ырынын назиктигинен, эркелеткен мүнөзүнөн байкалып турат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бешик ыры ар дайым эле бала сооротуу үчүн гана эмес, ал жакшы тилек билдирүү, эненин кубанычын, муңун, баланын ата-бабаларынын санжыралуу окуяларын, эл жомокторун, дастандарын айтуу менен баланы жаш кезинен жакшы жүрүм-турумдарга тарбиялоо үчүн ырдалган.

**Тапшырма 1.4.** Тексттен ат атоочторду аныктап, алардын түзүлүшү жана маанисине карай түрлөргө ажыраткыла.

## «БУМЕРАНГ» УСУЛУ: ИШКЕ АШЫРУУ:

***1-топко суроо:*** Тексттин биринчи абзацын окуп чыгып, жактама ат атоочторду тапкыла жана аларды түзүлүшүнө карай түрлөргө ажыраткыла. Жактама ат атоочту уңгу мүчөгө ажыратып, алардын синтаксистик кызматын түшүндүргүлө.

***2-топко суроо:*** Тексттин экинчи жана үчүнчү абзацын окуп чыгып, шилтеме ат атоочту тапкыла жана алардын кайсы жөндөмөдө экендигин аныктагыла, синтаксистик жактан кандай милдет аткаргандыгын айтып бергиле

**Тапшырма 1.5.** Тексттеги этиш сөздөрдү тапкыла. Алар этиштин кайсы категорияларына тиешелүү? Этиштин ыңгайлары жана мамиле категориялары жөнүндө айтып бергиле.



### Өз алдынча иштөө

«Интернеттеги досторум» деген темада 8–10 сүйлөмдөн турган текст жазып келгиле. Текст түзүүдө төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Силердин интернетте досуңар барбы?
2. Канча досуңар бар?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3. Жакшы дос деп кандай досту айтса болот?
4. Жакшы дос болгон оңойбу же кыйынбы? Эмне үчүн?

**Тапшырма 1.6.** Тексттен туура эмес жазылган этиштерди таап, тууралап көчүрүп жазгыла. Алардын жазылыш себебин түшүндүргүлө.

## БОСТОН МЕНЕН ГҮЛҮМКАН НЕГЕ ЫЙЛАДЫ?

Үчүнчү жолу карышкырдын башынан ашыра атты. Ок дагы ышкырып, жырткычтын үстүнөн өттү. Тизелеп отурагалып мээледи. Ок дагы тийбей галды. Бостон ошо замат акыркы окту октой салып, кайрадан мээледи. Кандайча атыбийгенин өзү да байкабай калды. Карышкырдын бир секирип алып, кап- талына кулап түшкөнүн көрдү.

Бостон эс-мас болгон кишидей Акбараны көздөй чуркады... Өз көзүнө өзү ишенбейеле, кызыл-ала канга чыланган баласынын үстүнө үйрүлүп түшүп, жерден көтөрүп алагойду.

Гүлүмкан баласынын баш жагына чыңырып келип кулады...

Базарбай бөлтүрүктөрдү алып кеткенде, Акбара кандай боздоп улуса, булар да так ошондой боздоп, ыйлашты. *(Ч.А.)*

Жогорудагы тексттин төртүнчү жана бешинчи абзацтарынан маани берүүчү сөз түркүмдөрүн аныктап, төмөнкү таблицаны толтургула.

| Зат атооч | Сын атооч | Сан атооч | Ат атооч | Этиш |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Накыл сөздөр

Жамандардын талашынан чыр,
Жакшылардын талашынан сыр чыгат.

## Текст менен иштөө

### ЗАМАНЫБЫЗДЫН КААРМАНДАРЫ

Бүгүнкү күндүн «баатыры» ким деген суроо мени көптөн бери түйшөлтүп келет. «Баатыр» демекчи, илгери жоокерчилик заманда өзүнүн эли-жерин душмандардан коргогон адамдарды баатыр дешчү экен. Кийинчрээк, биздин жерде тынчтык орногондо ак эмгегин элге, жерге арнаган адамдарды «баатыр» деп атап калдык.

Биз бүгүн сөз кылмакчы болгон инсан, мына ошол тынчтык замандын баатыры, бүтүндөй өмүрүн жаш муундарды тарбиялоого арнаган, кесибин урматтаган, өзүнүн ораторлук даражасы да өтө күчтүү болгон, тарых илимин ийне-жибине чейин беш колундай билген айыл мугалими Пардабаев Арипбай агай жөнүндө болмокчу.

Кыргызда «көзгө көрктүү болгону үчүн көтөрөргө оор» деген сөз бар эмеспи.Ошол накылга агайдын сыртынан бир караган адамга эле жарык маанайлыгы, акылмандуулугу, жөпжөнөкөйлөгү, бир сырдуу токтоо мүнөзү, баскан-турганы, кылган ишинин тыкандыгы, адамдарга жасаган мамилеси, ой жүгүртүүсүнүн тереңдигі, ар кандай адам таң кала турган бийик элдик рухту өзүнө сиңирип, аны жаш муундарга тартуулаганы бардык жагынан төп келет.

«Арипбай агай окуучуларына эч качан үнүн бийик чыгарчу эмес, ошол эле учурда аларга койгон талабы да күчтүү болчу. Анын сабагын кунт коюп уккан окуучулардын тынчтыгынан чымындын учканы угулуп турчу», – деп али күнгө чейин окуучулары айтып калышат.

Мугалимдиктин бардык түйшүгүнө чыдаган, жөнөкөй мугалимдиктен мектеп директорлугуна чейинки тепкичтерди басып өткөн 48 жылдык эмгеги, жөн гана тарых предметин окутпастан, элдин тарыхы боюнча бир канча илимий макалаларды жазышы азыркы замандын баатыры деген наамга толук татыктуу.

Өлкөнүн өсүп-өнүгүшүнө жигердүү салым кошуу менен кыргыз элинин чыгаан уулдарынын бири катары жетекчилик ишмердүүлүктүн үлгүлөрүн өзүндө сактап, чыныгы мамлекеттик кыз-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

маткердин жоопкерчиликтүүлүгү, ак пейилдүү эмгеги, мазмундуу сөзү, кенен ой чабыты, жугумдуу ой-акылы, бийик адамгерчилиги менен таанымал болуп, кадыр-барктуу улуу инсан катарында элдин эсинде калды.

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор.**

1. Текстте кандай тема чагылдырылды?
2. Элдик баатырлар түшүнчөсү кандай маанайда берилген?
3. Мугалим Пардабаевди заманыбыз каарманы катары кандай сапаттары көрсөтүлгөн?
4. Каармандын мүнөзүн, элесин чагылдырууда кандай тилдик каражаттар пайдаланылды?
5. Коомдо өз ордун табуу жана чыныгы инсан болуу үчүн кандай үлгү болорлук маалыматтар менен тааныштыңар?


**Тексттеги маалыматтын жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Заманыбыздын каармандары деп кандай инсандарды көрсөтө алабыз?
2. Пардабаев Арипбай агай окуучуларынын көз алдында кандай инсан катары калыптанды?
3. Агай эмне үчүн заманыбыздын каарманы катарында бааланды?
4. Тексттеги каармандын үлгү болорлук кандай сапаттарын алсак болот?
5. «Мен урматтаган инсан» деген темада презентация даярдагыла.

**Тапшырма 1.1.** Төмөнкү берилген текстти окуп, мазмунун түшүндүрүп бергиле жана «Ассоциация» методу менен текстти талдоо.

**Жүзөгө ашыруу кадамдары:**

**1-кадам:** Айлана сызып, ортосуна теманын аталышын жазуу. Мисалы: «Менин биринчи мугалимим».






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**2-кадам:** Дептерлерине «Менин биринчи мугалимим» темасына байланыштуу өздөрү билген маалыматтарды жазуу, жеке натыйжасын алгач жупта талкуулоо, андан кийин майда топто талкуулоо;

**3-кадам:** Бардык топтордун «Менин биринчи мугалимим» темасына жазгандары боюнча класста презентация жасоо;

**4-кадам:** Жалпы класска тема боюнча алынган бардык маалыматтардын тизмесин жасоо;



## МЕНИН БИРИНЧИ МУГАЛИМИМ

Ар бир адамдын турмуш тагдырында өзүнүн жанган ак жылдызы болот эмеспи. Ата-эне өз баласынын бактылуу болушун чын дилден тилеп, колунан жетелеп мектеп партасына отургузат. Балалык кезимде акыл-эси торолуп, ага биринчи мугалими «А» деген тамга аркылуу турмушту таанып билүүгө үйрөтөт. Ошол мезгилден баштап ар бир адам үчүн алгачкы мектеп босогосун аттаган күн жана биринчи мугалими эч качан эстен чыкпайт.

Менин биринчи мугалимим Асанова Бурулкан эсиме түшөт. Мен жана курдаштарым үчүн ал билим босогосунда жанган шам чырак болду. Класста сабак башталардан кызыктуу жөө жомоктордон эки ооз сөз айтып бергенде биз кулагыбызды салып, көз ирмебей укчубуз. Ал аны жан дили менен берилип айтар эле. Биз ар күнү эжекенин жомок айтышын өзүбүз окуп, бири-бирибизге айтып берчүбүз.

Биринчи мугалимдин жаш жеткинчектерди тарбиялоодогу бай тажрыйбасын, келечекке кам көрө билиши, адал эмгегин ыраа-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

зы болуу менен эскерем. «Мугалим – мөмөлүү дарак» дегендей менин биринчи мугалимим Дүйшөндүн бай теректериндей тээ бийиктен шуулдап, келечек муундарды билимге, жакшылыкка, ыймандуулукка чакырып келет.

## БАЙЛАНЫШТУУ КЕП

Эсиңерге сактагыла! **Текст** – маанилик, тематикалык, грамматикалык, стилистикалык жана структуралык жактан тыгыз байланышкан бир нече сүйлөмдөрдөн түзүлгөн кеп ишмердүүлүгүнүн оозеки, жазуу жүзүндөгү көрүнүшү жана жыйынтыгы.

**Тексттин маанилик бүтүндүгү**

**а) тексттеги ойдун башталышы**

**б) тексттеги ойдун өнүгүшү;**

**в) тексттеги ойдун аякталышы**

Эсиңерге сактагыла! Тексттин негизги оюу жана темасынан кабар берүү менен окуя, көрүнүш, кыймыл-аракеттердин аталыштарын туюндурган зат, алгачкы бир нече сүйлөмдөр тексттеги ойдун башталышы деп аталат.

Теманы жана негизги ойду тереңдетүү менен окуялардын андан ары кеңейтилип баяндалышын туюндурган бир катар сүйлөмдөр тексттеги ойдун өнүгүшү деп аталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ал эми окуя, көрүнүш, кубулуштар тууралуу ой-корутундуларды жыйынтыктап турган акыркы сүйлөмдөр тексттеги ойдун аякталышы болуп саналат.

**Тапшырма 1.2.** «ПТМТ (ПОПС) – ФОРМУЛА» УСУЛУ

Текстти окуп чыгып, аны ПТМТ( ПОПС) – формула усулу боюнча

**П – позиция** | **Т – түшүн-дүрүү** | **М – мисал** | **Т – тыянак**

Текстти окугула, силер да компьютерге кызыгасыңарбы, өз оюңарды билдиргиле.



## МЕН ПРОГРАММИСТ БОЛГУМ КЕЛЕТ

Мен компьютерге абдан кызыгамын. Бул мен үчүн өзүнчө бир жаңы дүйнө! Компьютер адамга караганда миллион эсе тез эсептөө жүргүзө ала турган электрондук түзүлүш. Ал киргизилген маалыматтарды кабыл алып, аны пайдалануу үчүн түшүнүктүү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кылып кайрадан иштеп чыгат. Менин эң жакшы көргөн сабактарым – математика, физика жана информатика.Үйүмдө компьютерим бар. Мен компьютерде көп иштеймин. Анда дил баян жазуу ыңгайлуу, анткени оюң өзгөргөн сайын текстти оңдой берүү жеңил. Ошондой эле үй тапшырмаларды, конспект жана рефераттарды да компьютерде аткарамын. Интернет аркылуу саякатка чыгамын. Мени кызыктырган ар кандай маалыматтарды аламын. Керектүү тарыхый тарыхый фактыларды тактаймын. Каалаган музыка, обондуу ырларды да угамын.

Бүгүнкү күндө биз информациялык жаңылануу доордо жашап жатабыз. Ошондуктан билим алууда програмистик кесиптин көп мүмкүнчүлүктөрү бар деп ойлоймун. Мектепти аяктагандан кийин жогорку окуу жайына тапшырып, компьютердик сабаттуулугумду тереңдетемин.

**Тексттеги маалыматтын жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Текстти кунт коюп окугула. Анын бөлүктөрүн (башталыш, өнүгүш, аякталыш) аныктап көрсөткүлө.Тексттин мазмунун кайра айтып бергиле.
2. Тексттин башталыш бөлүгүн кайсы сүйлөмдөр туюндуруп турат? Эмне үчүн башталыш деп атайбыз?
3. Тексттин өнүгүш бөлүгүн аныктагыла.Эмне үчүн өнүгүү бөлүгү дейбиз?
4. Тексттин аякталышындагы сүйлөмдөр кайсылар?Аякталыш бөлүгү экендигин эмнеден байкоого болот?

**Тапшырма 1.3.** Топтор менен иштөө. «АВАТАР» УСУЛУ

**Биринчи топтун аватарына тексттин баштапкы сөзүн айтуу**

1. Тексттеги сүйлөмдөр өз ара ички маанилик жактан кандайча байланышып жатат? Ага тексттен мисалдар келтиргиле.
2. Тексттеги сөздөрдүн ортосундагы байланыштар менен сүйлөмдөр арасындагы байланыштын түрлөрүн ажырата билгиле.
3. Сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдорунун ишке ашуусунда көбүнчө 1-сүйлөм 2-сүйлөмгө, 3-сүйлөм 4-сүйлөмгө негиз боло тургандыгын көңүл бургула. Бул текстте сүйлөмдөр кандайча байланышты?
4. Тексттеги сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн ээрчишүү, башкаруу, таандык, ыкташуу жолу менен байланышкан сөз айкаштарын аныктагыла.

Өз алдынча иштөө.Тексттеги сүйлөмдөрдү байланыштыруучу тышкы тил каражаттарын аныктагыла.

а) Текстте сөздөрдүн кайталанышы барбы?
б) Синоним жана антоним сөздөр катышканбы?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

в) Тексттеги кайсы сүйлөмдөр жана сөздөр байламталар аркылуу байланышты?

г) Тексттеги баяндоочтордун жак, чак, сан боюнча бирдей келиши, интонация, синтаксистик параллелизмдер аркылуу байланышкан сүйлөмдөрдү аныктагыла.

*Кыдырамын күнүгө,*
*Булуң-бурчун дүйнөнүн.*
*Балдар менен достошом,*
*Бирок өзүм үйдөмүн.*
*Бардык жерден заматта,*
*Жаңылыкты угамын.*
*Жер тыңшаган Маамыттай,*
*Бирок үйдө турамын.*

1. Бул ыр саптарынан синтаксистик параллелизмдер аркылуу байланышкан сүйлөмдөрдү аныктагыла. Мында сүйлөмдөрдүн синтаксистик түзүлүштөрү кандай болду?

2. Байламталар аркылуу байланышкан ыр саптары кайсы?

Ыр тексттиндеги тыныш белгилерине (интонацияга) көңүл бургула. Тыныш белгилери аркылуу сүйлөмдөр кандайча байланышып жаткандыгын аныктагыла.

Баяндалып жаткан ойду тактоо, бекемдөө, бышыктоо жана сөздөрдүн образдуулугун, көркөмдүүлүгүн, элестүүлүгүн арттыруу максатында колдонулган кайталоо орундуу кайталоо деп аталат.

Акылбек, Болотбек... Кулунум... Мени эле карайсың, түк көз айрыбай карайсың... Эмне... мени сагындыңбы?.. Мен да сени сагындым... Аябай Акылбек, Болотбек... Кулунум... Мени эле карайсың, түк көз айрыбай карайсың... Эмне... мени сагындыңбы? ... Мен да сени сагындым... Аябай сагындым.., куса болдум, кулунум ..., Болотбек, качан келип, комузуңду колуда аласың? Ушинтип эле илинип тура береби? Келсеңчи, келип ырдап берсеңчи... Ырыңды сагындым, күүңдү сагындым. Кыял-жоругуңду сагындым. Чыгарчы үнүңдү угайын ..., Уруштун азап-тозогун тартып, колу-бутуңду окко жулдуруп ийсең деле мейли эле, Жеңишбегимди жетим калтырбай өзүң тирүү маңдайыма келип берсең, арман жок эмес беле. Андан бөлөктүн мага кереги жок эле го, кулунум, Болотбек! Болотбек!.. Баары бир сен келесиң! Ыраспы, сен келесиң! Келүүгө тийишсиң! Сенин өлгөнүңө ишенген эмесмин, азыр да ишенбейм! Түк ишенбейм! Күтөм сени! Сен келгиче өлбөй тирүү жүрө берем, чыдайм ошого, чыдайм!

*«Атанын тагдыры*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.4.** Текстти окуп чыгып, төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Тексттен орундуу кайталанган сөздөрдү аныктагыла.
2. Текстте орундуу кайталоо кандай максатта колдонулду?
3. Тексттен адамдын ар кыл ички сезим-туюмдарын баяндалган сүйлөмдөрдү аныктагыла.
4. Тексттин маанилик бүтүндүгүн аныктагыла.

**Тапшырма 1.5.** Расмий иш кагаздарында да орундуу кайталоо колдонулабы, эгер колдонулса, ага мисалдар келтиргиле.

**Тапшырма 1.6.** «Броундук кыймыл» усулу боюнча окуучулар эки топко бөлүнүп, биринчи топтун окуучулары орундуу кайталанган сөздөрдү аныкташат, ал эми экинчи топтун окуучулары орундуу кайталанган сөздөрдүн кандай мааниде жана кандай максатта колдонулгандыгын аныкташат.

**Тапшырма 1.7.** Тексттеги Карыянын ички сезимин автор кайсы сөздү орундуу колдонуу менен окурмандарга жеткирип жатат, далилдегиле.

Кептин образдуулугун, элестүүлүгүн жеткирүү максатында кандай сөздөрдүн кайталангандыгын силер орундуу деп эсептейсиңер? Ал сөздөрдү тексттен белгилегиле.

*Калдыңарбы кызыгып,*
*Интернет сырын билсем деп.*
*Техника заманбап,*
*Анын аты Интернет.*
*Көп нерсеге үйрөтөт.*
*Керек болсо компьютер,*
*Көп тилдерди сүйлөтөт.*
*Компьютерден аласың,*
*Интернеттен табасың.*
*Үйдө эле олтуруп,*
*Үй-бүлөнү багасың.*
*Кел, колуңду келе деп,*
*Интернетке жетелеп.*
*Компьютердин заманы,*
*Мына ушундай керемет.*

1. Бул ырды окуп чыккыла жана орунсуз кайталанган сөздөрдү аныктагыла.
2. Орунсуз кайталоонун натыйжасында тексттин көлөмүндө, логикалык ырааттуулугунда, мазмунунда кандай өзгөрүүлөр болду?
3. Орунсуз кайталоону четтетүү үчүн кандай жол тутуу керек?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

4. Оозеки кепте жана кайсы сөздөр орунсуз түрдө көп колдонулат жана аны арылтуу максатында кандай сөздөрдү колдонуу керек?

5. Тексттен орунсуз колдонулган сөздөр кайсы сөз түркүмүнө таандык жана аны кайсы сөз түркүмү менен алмаштырууга болот?

6. Тексттеги орунсуз кайталанган сөздөрдү четтетип, кайрадан оңдоп чыккыла.

7. Орунсуз кайталоону четтетүүдө айрым учурда байламталардын орунсуз кайталанышында аны оңдоо максатында кандай жолдорду колдонууга болот? Мисалдар келтиргиле.

## Өз алдынча иштөө

Окуучулар жекече өз алдынча орунсуз кайталоо түрүндө текст түзүшөт. Кийинки окуучу тексттеги орунсуз кайталанып берилген сөздөрдү оңдойт. Тексттеги орунсуз кайталанган сөздөрдү четтетип, кайрадан оңдоп, түзүп чыккыла.

Улуттук китепканада кыргыз, өзбек жана башка элдердин бардык акын-жазуучуларынын чыгармалары орун алган. Кайсыл акын-жазуучунун чыгармасы болбосун бул жерден китепкананын кызматкерлеринин жардамы менен кыйналбай таап алууга болот. Китепкананын кызматкерлери окурмандарды сылык жана маданияттуу тейлешет. Китепкананын залдары кенен, жарык, таза, ирееттүү жана кышкысын жылуу. Китепканада атайын отуруп, эс алганга ылайыкташтырылган жумшак орундуктар бар. Китепканада айрым окурманды байкасаң, кээде окубай эле керээли кечке сүйлөшүп, күн өткөрүшөт. Алар анда эмне үчүн убактысын коротуп, китепканага келишерин түшүнбөйсүң. Эгер, албетте, бош убакыт болсо, китепканага барып, кызыктуу адабий чыгармаларды окуганга, жан дүйнөңдү байытканга не жетсин.

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Накыл сөздөр

Акылман тили, акмак муштуму менен көрүнөт,
Акылга баа жок, тарбияга чек жок,
Эмгек чыйралтат, өмүр үйрөтөт.
Эмгек – эрдин өркү, эр – элдин көркү.

## Текст менен иштөө

### ӨЗБЕКСТАНДЫН ГЕОГРАФИЯЛЫК ОРДУ

Белгилүү бир мамлекет, аймак, облус, район, айыл, а түгүл короонун өзүнө мүнөздүү жактарынан бири – бул алардын жер бетиндеги кайталангыс орду. Бул илимде географиялык орун деп аталат. Ал мазмун жагынан табигый географиялык, экономикалык географиялык жана саясий географиялык орун түрүндө түрлөргө ажыратылат.

Географиялык обьекттер өз ара байланышта болот. Байланыштын көлөмүнө карай географиялык орун микро, мезо, макро деңгээлде каралат. Мекенибиздин географиялык ордундагы өзүнө мүнөздүү жактарды, аны белгилеген факторлорду карап көрөбүз.

Өлкөбүздүн климаты жылдын кыйла бөлүгүндө ачык жана кургак келет. Көңүл бурсак, Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик гимни «Күнөстүү азат өлкөм...» деп аталат. Табигый географиялык орун себептүү күнөстүү жана жылуу күндөрдүн көпкө созулушу өлкөбүздүн айыл чарбалык, транспорттук жана коомдук турмушунда эмгек жана каржылык сарптардын үнөмдөлүшүнө мүмкүнчүлүк түзөт. Булутсуз асманыбыз астрономиялык изилдөөчүлөр үчүн да ыңгайлуу. Абу Райхан Беруний, Ахмад ал-Ферганий, Мырза Улугбектей космостун билимдүүлөрү биздин журттан чыккандыгы текке эмес.

Ар кандай мамлекеттин өнүгүүсүн тышкы экономикалык байланыштарсыз элестетүүгө болбойт. Тышкы экономикалык байланыштардын көлөмү эл аралык эмгекти бөлүштүрүүдөн жана экономикалык географиялык ордундун мүмкүнчүлүктөрүнөн көз каранды. Экономикалык географиялык ордундун мүмкүнчүлүктөрү убакыттын өтүшү менен өзгөрүп турат. Экономикалык жана социалдык турмушта саясий географиялык орун да маанилүү фактор болуп саналат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Өлкөбүздүн географиялык орду кандайча жайгашкандыгы жөнүндө текстте кандай маалыматтар берилген?
2. Географиялык орундун кандай түрлөрү жөнүндө тааныштыңар?
3. Өлкөбүздүн табыгый географиялык орду кандай чагылдырылган?



**Тексттеги маалыматтын жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Өзбекстандын экономикалык өнүгүүсүн тышкы экономикалык байланыштарсыз элестетүү мүмкүнбү?
2. Өлкөбүздүн географиялык ордунда кандай өзгөрүштөр болууда?
3. Эгемендүүлүк мезгилиндеги Өзбекстандын экономикалык өнүгүшү эмнеге байланыштуу өнүгүп жатат?
4. Айылың жайгашкан райондун экономикалык географиялык ордун төмөнкү пландын негизинде мүнөздөп жаз.

а) район чек арасынын өзгөчөлөктөрү;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

б) кошуна райондогу кандай факторлор районун чарбасынын өнүгүшүнө салым кошуп жаткандыгы;
в) райондук транспорттун кайсы түрү жардамында башка райондор менен байланышып жаткандыгы;
г) өз айылыңардын географиялык картасын сызгыла.

**Тапшырма 1.1.** Сүрөт менен иштөө. Төмөнкүдө берилген Өзбекстандын географиялык картасын үйрөнүп чыгып, андагы админстративдик-аймактык түзүлүшүн аныктагыла.

## ӨЗБЕКСТАНДЫН ГЕОГРАФИЯЛЫК КАРТАСЫ




**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү берилген текстти окуп чыгып мазмунун түшүндүрүп бергиле. «Билем – билгим келет – билдим» стратегиясы боюнча текстти талдоо.

**Жүзөгө ашыруу кадамдары:**
**1-кадам:** Тексттин темасы айтылып, доскага жазылат жана төмөнкү таблица боюнча иштешет.

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**2-кадам:** Таблицанын 1-бөлүгү толтурулат. Тема боюнча билгендерин жазышат. Алгач бир категория боюнча идеяларды жазып, андан кийин калган категориялар боюнча билгендерин талкуулашат.

(Билем) Өзбекстандын аймактык мүнөздөмөсү боюнча эмнелерди билесиңер?

**3-кадам:** Таблицанын «Билгим келет» бөлүгү толтурулат. Мында окуучулар темага байланыштуу өздөрүн кызыктырган суроолорду жазышат.

| Өзбекстандын аймактык мүнөздөмөсү боюнча эмнелерди билесиңер? | Өзбекстандын аймактык мүнөздөмөсү боюнча дагы эмнелерди билгиңер келет? |
|---|---|
| | |
| | |
| | |
| | |

**4-кадам:** Текстти окууга көрсөтмө берилет. Текстти окуп жатканда 2-бөлүктө жазылган суроолордун кайсынысына жооп тапса, таблицанын 3-бөлүгүнө ошол суроонун номерин коюп туруп жоопту жазуу, андан соң жаңы идеяларды жазуу;

**5-кадам:** Толтурулган таблицанын жыйынтыктарын талкуулашат. (топто, жалпы класста). Дагы жаңы суроолор же идеялар жаралса, таблицага жазылат.

**6-кадам:** Жоопсуз калган суроолор боюнча өз алдынча изденүүгө багыт берилет. Тактап айтканда, жоопту табуу үчүн окуучулар үчүн жеткиликтүү болгон маалымат булактары, эксперттер көрсөтүлүүгө тийиш.

**7-кадам:** Жыйынтыктоочу жазуу жумушу сунушталат. Мисалы, «Мен жашаган облустун аймактык мүнөздөмөсү» деген темада дил баян жазуу.

## ӨЗБЕКСТАНДЫН АЙМАКТЫК МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Мамлекетибиз аймагынын ар бир бөлүгү географиялык ордунун кайталангыстыгынан табигый шарттары, байлыктары, калкынын ишкердиги жана турмуш мүнөзү калыптанган. Экономика, негизинен, орундун жергиликтүү табигый байлыктары базасында өнүккөн. Экономика кээ бир жерлерде тыштан алып келинген чийки заттын негизинде калыптанган. Тажрыйбалуу кадрлар ири



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

шаарлардагы илимий мекемелерде даярдалат. Ошонон улам тажрыйба талап кылган өндүрүштөр шаарларда өнүксө, башка жерлер айыл чарба продукцияларын жана өнөр жай үчүн чийки зат жеткирип берет. Өлкөнүн айрым бөлүктөрү ортосунда эмгектин бөлүштүрүлүшүнө эмгектин географиялык, же аймактык бөлүштүрүлүшү дейилет. Белгилүү убакыт өтүп аймактардын адистешүүсүндө өзгөрүүлөр болушу мүмкүн. Мисалы, Кашкадарыяда мунайзат жана газ кендери ачылып, бул жерде жаңы адистешкен өндүрүш калыптанды. Өзбекстан көз карандысыз болгондон кийин дан продукциялары менен өзүн-өзү камсыз кылуу милдети коюлду. Натыйжада облустарда көп санда дан эгиле баштады. Ошентип, облустар пахтачылыктан тышкары дан эгиндери да адистешти.

Эмгектин географиялык бөлүштүрүлүшү негизинде өзүнүн адистиги боюнча бири-биринен айырмаланган аймактар – экономикалык райондор пайда болот.

**Тапшырма 1.3.** Сүрөттөр менен иштөө. Төмөнкүдө берилген сүрөттөрдөгү шаарлар Өзбекстандын кайсы аймактарында жайгашкан?







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




## КЕП ЖАНА АНЫН ТҮРЛӨРҮ

Эсиңерге сактагыла! Кеп – тилдин колдонулушу. Кеп монологдук жана диалогдук болушу мүмкүн

Диалог

Эсиңерге сактагыла! Диалог гректин «диалогос» – аңгеме деген сөзүнөн алынган. Эки же бир нече кишинин өз ара сүйлөшүүсү деген маанини билдирет. Кептин бул түрү эл арасында кеңири тараган кептерден болуп саналат. Мында бир адам сүйлөп бүткөндөн кийин, экинчи кишинин, ал бүткөндөн кийин үчүнчү кишинин сөзү башталат.

**Тапшырма 1.4.** Төмөнкүдө берилген диалогдорду маанисине карай түрлөргө ажыраткыла.

**1.** – Ыракмат, Торгой аке, чыгаан болор малың бар экен. Көңүлүм ачыла түштү.
– Бу тайдан чыгат, бирок сен анчалык үзүлүп түшпөй жүр. Көзүң да тийбесин, көрүнгөнгө да айта бербе.
– Кам санабаңыз, аксакал, мен кичине бала эмесмин, арде мени көрүп калбадыкпы.
– Анын дурус, эмесе билип ал, аты Гүлсары. Былтыр жайлоодо кичине кызым коюп кеткен. Ошондо Гүлсары деп ат койду эле. Гүлсары атын өчүрбө, балам. *(Ч.А.)*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**2.** – Амансыңбы, куттуу талаам?
– Амансыңбы дейсиңби?
– Келдиңби, Толгонай?
– Былтыркыдан дагы карый түшүпсүң го?
– Өмүр өтүп жатпайбы.
– Сен баланы ээрчите келмек эмес белең? *(Ч.А.)*

**3.** – Коё бергиле, агайды! Урбагыла!
– Качкыла, балдар! Кач, Алтынай!
– Кызды коё бергиле, иттер! Коё бергиле азыр!
– Алтынай, бат кет! Балдарга айт! *(Ч.А.)*

– Чоң ата, сүйүнчү! – Болсун тилегим, болсун! – Мен кат жазган академик силердин тоодо укмуш кен көп дептир! – Ал укмуштарды ача турган өзүбүз да! – Жашасын акыл! – Жашасын тынчтык! – Көктөй бергиле, өркүндөй бергиле!

## Топтор менен иштөө

Окуучулар төрт топко бөлүнүшүп, биринчи топ жай диалогго, экинчи топ суроолуу диалогго, үчүнчү топ буйрук маанисиндеги диалогго, төртүнчү топ күчтүү сезим менен айтылган диалогго мисалдар келтиргиле.

Диалогдуу сүйлөмдөрдү окуп чыгып, диалогдун кайсы түрү экендигин аныктагыла. Диалог жөнүндөгү түшүнүктү айтып бергиле.

– Айланайын жылдызым, азыр үркпөгөн айылга барабыз. Талканды көбүрөөк табабыз. Сен ырыңды унута элексиңби?
– Жок, атаке, унутканым жок. Бая күнкү баланын обонун дагы үйрөнүп алдым.
– Сен жакында жигит болосуң, март болосуңбу же сараң болосуңбу?
– Март болом, атаке, бизге окшогон турпанчылар болсо, нан, талканды аябай берем...
– Жүр, айланайын!..
– Мен калып баратам, атаке!
– Жардамыңызга ыракмат, аке! Менин атым Айша. Тирүүлүктөн менин үмүтүм үзүлүп калды! Мен көрүнбөй калсам, куран окуп, менин атыма атап коёр бекенсиз? *(А.Т.)*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Монолог

Эсиңерге сактагыла! Бул сөз гректин «монос» – бир, «логос» – сөз (кеп) деген сөздөрүнөн алынган. Бир адамдын өзү менен өзү сүйлөшүүсү, же драмалык жана башка адабий чыгармаларда жеке адамдын жанындагыларына, оюнга катышуучуларга, оюн көрүүчүлөргө карата айтылган узак сөзү монологдук кеп деп аталат.

**Тапшырма 1.1.** Төмөнкү Ажардын монологун окуп чыгып, монолог жөнүндөгү алган түшүнүгүңөрдү бекемдегиле. Текст жөнүндөгү өз түшүнүгүңөрдү айтып бергиле. Көрктүү окугула.

– Жаным, апа, тур! Жетим тайлактай боздоп, жетимсиреп, артыңда калган жалгызың келип, жалооруп жаның да отурат. Жалгызыңдын сөзүн ук, ая! Жалгызың бүгүндөн баштап, ата-бабасы тааныбаган бөтөн журттун биреөнө башы байланганы, ага сатылганы жатат. Андан кутказ, ал азапты көрсөтпө, коюнуңа ал, ач койнуңду! *(К.Б.)*

**Тапшырма 1.2.** Көркөм чыгармалардан монологдук кепке мисалдар келтирип жазгыла.

Баяндоо

Эсиңерге сактагыла! Окуянын, кыймыл-аракеттин, иштелген иштин ырааттуулугун сактап, баяндап айтып берүү баяндоо деп аталат. Баяндоодо окуя, кыймыл-аракет, иштелген иштер ж.б. өз ирети менен баяндалат.

Төмөнкү берилген тексттерди окуп чыгып, баяндоонун кайсы түрү экендигин аныктагыла.

## АЖАР

1. Калың бейитти бет алган жалгыз аяк жол менен үч аял келе жатышты. Биринин үстүндө шайы ала чапаны бар. Жоолугу ийнине түпгүп, башы жылаңбаш; аягында кепич, маасы; өңү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

саргайыңкы, жүдөңкү, ак жүзүнүн көркү кетип, көзүнүн алды карарган. Жашы 15–16 лар чамасында. Сенделип буту араң гана шилтөөгө келип, муңдуу көз жашы тыйылбай, үшкүрүгү таш жарат. Бул – Ажар деген кыз. (*К.Б.)*

2. Кыш. Түз талаа. Кыймылдаган жан жок. Табият уктап жаткандай. Калың жааган аппак кар көздү уялтат. Кай бир жерлери күнгө чагылышып, музга айланып кеткендей. Бирин-серин өскөн чий арасында ачыкка бөрү жашынып тургансыйт. Алыста жалгыз там турганы менен анда да адам жашаганы билинбейт...

Эсиңерга сактагыла! Ой жүгүртүү – ар түрдүү ойлорду пикирлерди топтоп, мисалдар жана далилдер аркылуу кандайдыр бир маанини же идеяны билдирүү максатын көздөгөн ойлонуунун натыйжасы.

Ой жүгүртүүнүн бөлүктөрү:

А) тезис (кандайдыр бир далилдениши керек болгон ой)
Б) далил (аргументтер, мисалдар)
В) корутунду (жыйынтык)

Азыркы күндө унутулуп бараткандай сезилген китеп, чындыгында, өтө пайдалуу. Аны көп окуп, ага өтө аяр мамиле кылуу керек (тезис). Себеби китеп эзелтен бери адам баласынын таалим-тарбия берүү ишин эң мыкты аткарып, адамдардын аң сезимин жогорулатуу максатында көздөп келген. Кандай гана китеп болбосун, ар биринен кандайдыр бир пайда,билим, тажрыйба алса болот (далил). Ошондуктан, китеп окуудан качпай, ал менен дос болуп, ал менен рухубузду дайыма азыктандырып туруубуз дурус (корутунду).

**Тапшырма 1.3.** Текстти окуп чыккыла, анда кептин ой жүгүртүү түрүнүн кайсы бөлүктөрү катышты? Тексттин темасын аныктап, планын түзгүлө.

Адам баласы асмандагы канаттуулардан тез, бийик жана алыс учууну эчак эле ойлошкон.

Канаттуулардын кандай учканын байкап көргүлөчү. Алар канаттарын бир-эки сермеп, анан асманга учуп чыгат. Оңой эле



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

учуп келип жерге конот. Ал эми самолётко, сөзсүз, аэродром керек. Ансыз самолёттор асманга көтөрүлө да албайт, жерге коно да албайт. Канаттуулардын башка артыкчылыгы да бар. Чабалекей балдарын кандай тамактандырарын көз алдыңарга элестетип көргүлөчү. Чабалекейлер канаттарын тез-тез сермеп, учуп киререде абада асылып тургандай көрүнөт. Самолёттор антип токтоп тура албайт. Учуп бараткандa гана абада боло алат. Ошондуктан самолёттор учушу жана жерге келип конушу үчүн атайын аянтча керек. Самолёттун дагы бир өзгөчөлүгү – эгер мотор иштебей калса, же бир тетиги сынып калса, винттери айлана берет. Ал ошол замат жерге түшүп кетпейт. Акырындык менен төмөндөй баштайт. Айыл чарбасында, өнөр жайда жана турмуштун башка тармактары үчүн да самолёттун практикалык мааниси өтө зор.

## Топтор менен иштөө

Көркөм чыгармалар негизинде ой жүгүртүү түрүндө төмөнкү тема боюнча текст түзгүлө.

***1-топко:***

«Менин келечектеги айылымдын көрүнүшү» деген темада текст түзүү.




***2-топко:***

«Мен айылымды өзгөртүүгө өз салымымды кошо аламын» деген темада текст түзүү






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эсиңерге сактагыла! Расмий эмес иш кагаздары административдик-канцелярдык мүнөздөгү документтердин катарына кирет. Негизги максаты – атуулдардын жеке укуктарына байланышкан иш-аракеттерди, мамилелерди жөнгө салуу, макулдашуу. Бул иш кагазында көбүнчө жеке адамдын керт башына, кызыкчылыгына байланышкан маселелер ишке ашырылат.

*Мүнөздөмөнүн үлгүсү:*
*Ташкент облусу Бөкө районуна караштуу*
*орто мектептин 7-классынын бүтүрүүчүсү*
*Каюмов Медерге (2008-ж. туулган, улуту кыргыз)*

## МҮНӨЗДӨМӨ

Каюмов Медер 2014-жылдан бери биздин мектепте окуп келатат. Жыл сайын бардык предметтерден «эң жакшы» деген баага татыктуу болуп, жүрүш-турушу жагынан да башкаларга үлгү.

Жоопкерчиликти ар дайым сезе билип, милдетин так аткарат. Жолдошторуна жардам берет. Коомдук иштерге да активдүү катышат. Өзгөчө математика сабагына кызыгып, «Жаш математик» ийримин жетектеп келди. Республикалык олимпиадага катышып, алдыңкы орунду ээлеп, мектептин намысына жараган. Мектептеги «Математика» дубал газетасынын редколлегиясынын жетекчиси. Классташтарына гана эмес, жалпы мектепте кадыр-баркка ээ.

*Класс жетекчиси (колу) У. Куттубаев*
*25-май 2022-жыл*

**Тапшырма 1.1.** Көркөм адабий чыгармалардан каармандарды мүнөздөгөн эпизоддорду таап, таанышкыла.

**Тапшырма 1.2.** Курбуңа, досуңа, жеңе, байкеңе же ата-апаңа мүнөздөмө жаз. Официалдуу түрдө эмес, көркөм сүрөттөөнүн элементтерин пайдалан.

Эсиңерге сактагыла! Аннотация – көркөм адабий, публицистикалык чыгармага, ыр жыйнактарына же илимий эмгектерге кыскача, так, конкреттүү мүнөздөмө берүү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*Аннотациялардын үлгүлөрү:*
1) К. Сейдакматов, Кыргыз элинин календарлык түшүнүгү. – Ф.: Кыргызстан, 1987, 68 б.
2) Х. К. Карасаев. Өздөштүрүлгөн сөздөр. Сөздүк. 5100 сөз. – Ф.: Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1986, 424 б.

**Тапшырма 1.3.** Прозалык, поэзиялык чыгармалардагы аннотациялар менен кеңири таанышкыла.

**Тапшырма 1.4.** Даяр аннотациялардын үлгүлөрүнө таянып, каалаган адабий чыгармаларга карата аннотация жазгыла. Чыгарманы жакшылап окуп чыгып, анан жазгыла.

Эсиңерге сактагыла! Сын-пикир адабий чыгармаларга, илимий эмгектерге, кинофильмдерге, окуу китептерине, окуу куралдарына ж.б. жазылат. Мындай сын-пикир кээде *отзыв* же *рецензия* деп аталат.

**Тапшырма 1.5.** Сын-пикирди окуп чыгып, анын кандай жазылганына көңүл бургула.

Акматов Б. «Жардам бердик». Ыр. Бул ыр 1987-жылы мектептин «Жаш талант» аттуу дубал газетасынын 18-майындагы санына жарыяланган.

Ыр – 6-класстын окуучусунун биринчи чыгармасы. Анда окуучулардын мектепке жардамы баяндалат. Ыр негизинен төрт куплеттен турат. Уйкаштыгы дурус. Бирок ырда кемчиликтер да бар. Акматов окуучулардын жардамын ачык жана ишенимдүү сүрөттөй албаган. Ошондой эле аталган ыр акын М. Жангазиевдин «Жардам бердик» аттуу ырына окшоп калган. Автор мындан ары өз алдынча болууга, тилин байытууга тырышышы керек.

Жогоруда берилген текстке сын пикир жазгыла. Сын пикир жазууда «Даймонд» стратегиясынан пайдалангыла.

| Үлгү: | Шарты: | Мисал келтирүү: |
|---|---|---|
| 1. | Адегенде сын-пикир жазылган иштин автору; | |
| 2. | Андан кийин чыгарманын аты, качан, кайдан чыкканы, көлөмү (бети); | |
| 3. | Чыгарманын мааниси, козгогон проблемасынын актуалдуулугу, маселенин ачылышы, тили; | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| | | |
|---|---|---|
| 4. | Жетишкен жактары, кемчиликтери; | |
| 5. | Жалпы жыйынтык (жакшы же жаман | |

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## Накыл сөздөр

Мээнетиң катуу болсо, тапканың таттуу болот,
Эмгек менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт.

* * *

Жасаган ишке мактанган жарабайт.

* * *

Сулуулук – жандын азыгы, кыялдын канаты
Сулуулук – азык эмес, акыл – азык.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# II БӨЛҮМ. ЖАРАТЫЛЫШ ЖАНА БИЗ



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Текст менен иштөө

## ТУРАН ЖОЛБОРСУ

Туран жолборсунун өзгөчөлүктөрү жана жашаган жери Орто Азиядагы байыркы жерлердин аттары жана Каспийдин жээгине тарагандыгына байланыштуу Каспий, Персия же Закавказье деп аталган.

Жергиликтүү элдер табигый дөө Джулбарс деп аташкан, бул түрк диалектилеринен которгондо «тентип жүргөн илбирс» дегенди билдирет. Бул ат жолборстун маанилүү жүрүм-турум мүнөздөмөлөрүнүн бирин чагылдырган – алгачкы жашаган жерлеринен жүздөгөн жана миңдеген чакырымдарды басып өтүү. Жаныбар күнүнө 100 км аралыкты басып өтчү.

Жулбарс Бенгалия жана Амур жолборстору менен биргеликте эң ири жапайы мышыктардын арасында биринчиликти бөлүштү. 240 кг салмактагы жана денесинин узундугу 224 см чейинки бир адамдын массасынын далилдери сакталып калган, бирок андан да чоң өкүлдөрү болгон болушу мүмкүн.



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жырткычтын жүнү жалындуу кызыл, айрыкча узун чачтуу болгон. Кышында аны калың жана үлпүлдөк капталдар менен кооздоп, манжага айландырып, курсагынын астындагы жүндөрү өзгөчө тыгыз болуп калган.

Жолборс чоң болгондугуна карабастан, ийкемдүү болушкан. Анын 6 метрге секирүүсү күч менен шамдагайдын айкалышкандыгын күбөлөндүрдү.

Күчтүү жырткычтын өткөн тарыхы биздин заманга чейинки мезгилдерге барып такалат. Жерлер, Туран жолборсу жашаган, илгертен Кавказ, Казакстан, Түркмөнстан, Өзбекстан, Афганстандагы аймактарды камтыган.

Жаныбарлардын жашоо чөйрөсү субтропикалык токойлор, өткөрбөс токойлор, дарыя өрөөндөрү болгон. Суунун булагы жолборстун жашоосу үчүн ажырагыс шарт болгон. Алардын түндүк чек араларында туруктуу жашаган жери Балхаш көлү, Аму-Дарыянын жээги жана башка дарыялар болгону бекеринен эмес. Түрдүү боёлгонуна байланыштуу, жырткыч камыш жана камыш токойлорунун арасында ишенимдүү түрдө камуфляцияланган.

Туран жолборсу – бул Борбордук Азияда өткөн кылымдарда жашаган ири жана коркунучтуу жырткыч. Бул аймактарда жашаган элдер ага супер жандыктын касиеттерин беришкен. Жаныбардын күчү жөнүндө уламыштар бар.Ошол эле учурда, адамдар жолборстордон коркушкан жок, анткени анын үйүнөн көрүнүшү чоң коркунуч жок деп эсептешкен. Жырткычтардын негизги азыктүлүк базасы тогай токойлорунда болгон, ал жерде жаныбар жапайы камандарды, эликтерди жана куландарды уулаган.

Жолборстун чоңдугуна карабастан, өзүн чебердик менен жамынып, күтүлбөгөн жерден пайда болуп, ар кайсы жерде жок болуп кетүү жөндөмдүүлүгү адамдардын кыялына таң калтырды.

Жолборс үчүн эң оор мезгил суук, карлуу кыш болгон. Алар жүздөгөн чакырымдарды басып өтүп, шаарларга жакындап, чарчаган жана ачка жырткычтан коркунучту көргөн адамдын колунан көп өлүштү.

Аңчылык кылуунун негизги объектиси – каман. Кичинекей дарыяларда жолборстордун сазан кармаган учурлары белгилүү.

Перс жолборсунун байыркы тарыхы бар. Бир жолу, Бенгалия жана Туран жолборстору менен катар гладиатордук согуштарга катышкан. Алар туугандары жана Барбара арстандары менен жолугушууга аргасыз болушкан.

19-кылымда адамдардын массалык түрдө көчүрүлүшү Борбордук Азияда жаныбарлардын популяциясынын жоголушуна апааттуу таасирин тийгизген жана аймакты өнүктүрүү. Жергиликтүү тургундардын сураныучтарына ылайык, жырткычтарды жок кылуу үчүн аскер бөлүктөрүн колдонуунун белгилүү эпизоддору бар.

Дыйканчылык муктаждыктары жана имараттар үчүн дарыялардын жээгиндеги жерлерди иштетүү жаныбарларды жашоо



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чөйрөсүнөн жана азык-түлүк ресурстарынан ажыратты. Көлдөрдүн жана дарыялардын суулары жерди сугарууга колдонулуп, жайыт токойлору кыйылган. Жолборстун кадимки жашоо чөйрөсү талканалып, кургакчыл аймактарда ири жаныбарлар өлүп калган.

Адам жолборстордун трагедиялуу жок болушуна күнөөлүү, жаратылыштын бул укмуштуу жаратылышын жандандыруу анын колунда.

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Текстте кайсы проблемалык тема жөнүндө ой жүгүртүлгөн?
2. Жергиликтүү элдер Туран жолборсун эмне үчүн табигый дөө Джулбарс деп аташкан?
3. Туран жолборсуна кандай көз караш болушкан?
4. Туран жолборсунун көрүнүшү, салмагы кандай болгондугу жөнүндө кандай маалыматтар берилген?
5. Бул жырткыч эмнелер менен азыктанган?

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Туран жолборсу эмне үчүн башка жаныбарларга караганда байыртадан эле адамдардын аң-сезимине башкача таасир кылып келген?
2. Бул анын өтө күчтүүлүгүндө деп ойлойсуңарбы?
3. Туран жолборсунун башка жаныбарларга караганда адамдар тарабынан жогору баалашын кайсы чыгармалардан окудуңар же кинофильмдерден көрдүңөр?
4. Азыркы күндө мындай жаныбарларды сактап калуу үчүн кандай чаралар көрүлүүдө?
5. Туран жолборсунун жок болуп кетишинин негизги себеби эмнеде деп ойлойсуңар?

**Тапшырма 1.2.** Сүрөттөр менен иштөө. Төмөнкү берилген сүрөттөр боюнча «Кызыл китепке» киритилген жаныбарлар жөнүндө текст түзгүлө.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Тапшырма 1.3.** Текстти окугула. «Кызыл китеп» жөнүндө эмне билесиңер? Силер атаган жаныбарлардын кайсынысы «Кызыл китепке» киргизилген?

«Кызыл китеп» – сейрек кездешүүчү жана жоголуу коркунучундагы жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн тизмеси. Өзбекстандын «Кызыл китебине» жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн бир канча түрү киргизилген. Алар мамлекеттин өзгөчө коргоосунда турат. Өзбекстанда «Кызыл китепке» сүт эмизүүчү жаныбарлардын 30 түрү, куштардын 52 түрү балыктардын 17 түрү, сойлоп жүрүүчүлөрдүн 21 түрү, 14 түрдүү малюска, муунбуттуулардын 66 түрү киритилген. Статистик маалыматтарга караганда Өзбекстан флора жана жаныбарлар дүйнөсүнө өтө бай болгон, бирок алар секиндик менен азайып барууда.

**Тапшырма 1.4.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

1) «Кызыл китеп» – ... тизмеси.
2) Өзбекстандын Кызыл китебине ... ашык түрү киргизилген.
3) Өзбекстанда сейрек кездешкен жаныбарларга ... кирет.
4) Алар ... мекендейт.
5) Бул жаныбарларга ... болбойт, алар «Кызыл китепке» ... .



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.5.** Текст боюнча суроолорго жооп бергиле.

– «Кызыл китеп» кандай китеп?
– «Кызыл китебине» киргизилген жаныбарларды атагыла.
– Кайсы өрөөндөрдү бийик тоолуу өрөөндөр дейбиз?
– «Кызыл китептеги» жаныбарларга аңчылык кылууга болобу?

**Тапшырма 1.6.** Өзбекстандын «Кызыл китебине» киргизилген жаныбарларды кантип сактап калыш керек? Чакыруу, статья же башка формада текст түзүп, презентация кылгыла

Төмөнкү «Кызыл китепке» кирген жаныбарлар жана куштар боюнча маалымат топтогула.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

Морфология, Орфография жана кеп маданияты
тактооч

Кыймыл-аракеттин ар түрдүү кырдаалын: мезгилин, ордун, сын-сыпатын, сан-өлчөмүн көрсөтүп, морфологиялык жагынан өзгөрбөй турган, өзгөрсө да жарым-жартылай өзгөргөн сөздөр тактоочтор деп аталат. Тактоочтор: качан? кайсы убакта? кайда? кантип? кандай? канча? нече? кайдан? качантан бери? качанка чейин? деген суроолорго жооп берет.

**Тапшырма 1.1.** Бумеранг методу. Ишке ашыруу.Текстти окуп, тактоочторду көчүрүп жазгыла.

Тактоочторго суроолор берип, лексикалык маанисин түшүндүрүп бергиле.

Тактоочтун морфологиялык белгилерин айтып бергиле.

**Тапшырма 1.2.** Тексттеги тактоочторду төмөнкү таблица боюнча уңгу жана мүчөгө ажыратып, тактоочтун кандай жолдор менен жасалгандыгын айтып бергиле.

| Тактооч | Уңгусу | Мүчөсү |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жөнөкөй тактоочтун жасалышына карай бөлүнүшү

Тубаса тактоочтор: кеч, эрте, мурун, жана, кем, аз, ылдам, бат

Туунду тактоочтор: адамча, жылдап, кышкысын, күздөй

**Тапшырма 1.3.** Текстте берилген тактоочторду тубаса жана туунду тактоочторго бөлүп жазгыла.

**Тапшырма 1.4.** «Броундук кыймыл» методу менен иштөө.

**1. Биринчи** топтун окуучулары тубаса тактоочторду таап жазгыла.

**2. Экинчи** топтун окуучулары тубаса тактоочторду катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

Ү л г ү : **эрте;** Быйыл жаз **эрте** келди.

Төмөнкү берилген таблица боюнча сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу туунду тактоочторду жасагыла.


| Мүчөлөр | Зат атоочтон | Сын атоочтон | Ат атоочтон | Сан атоочтон | Тактоочтон |
|---|---|---|---|---|---|
| -ча | | | | | |
| -лап | | | | | |
| -чылап | | | | | |
| -лай | | | | | |
| -лата | | | | | |
| -чылык | | | | | |
| -сын | | | | | |

**Тапшырма. 1.5.** «Кластер» методу менен иштөө. Биринчи топтун окуучулары тубаса тактооторго, экинчи топтун окуучулары туунду тактоочторду катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**Тапшырма 1.6.** Өз алдынча иштөө. Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, тактоочторду түзүлүшүнө карай ажыраткыла жана синтаксистик кызматын аныктап, астын сызгыла.

1. Жакында, алыста, кайда, кайсы жерде жүрсөк да, Ата Мекенди, туулуп-өскөн жерди эстейбиз.
2. Кайсы гана малчы болбосун, кышында жана эрте жазда баккан малын арыктатпай, ар убак чыгашасыз асыраса, ал алган милдеттенмесин ар дайым жеңил аткарууга негиз түзөт.
3. Эртели-кеч кеп урса, эрикпейт да, зерикпейт.
4. Эрте туруп, иш кылсаң, элден ишиң бат бүтөт.
5. Айылдык жаштардын мектептериндеги сабактар күндүз да, кечинде да уюштурулушу мүмкүн.
6. Кийин, мен эс тартканда, ал жылкычы болуп кеткен.
7. Жылдан-жылга замана, кыйын чыгат ошондо.
8. Улам кийинки кадамы акыркы марасы болуп баратты, азыр.

«Өзбекстандагы кызыл китепке кирген жаныбарлар» деген темада презентация даярдагыла.

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |

## Накыл сөздөр

Ар кимдин мекени – өзүнө Мисир.
Мекенден айрылганча, өмүрдөн айрыл.
Туулган жердин топурагы алтын.
Мекендин бактысы өмүрдөн кымбат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Текст менен иштөө

### АЛТЫН КАЗЫК

Алтын казык (жылдыз) – Кичи жетиген топ жылдызынын эң жарык жылдызы (а-Кичи жетиген). Батпай турган топ жылдыздардын катарына кирет. Жердеги байкоочуга ал дайыма бир чекитте турат. Кээде ал Уюл жылдызы деп да аталат. Анткени дүйнөнүн түндүк уюлунан тик чыгыш боюнча $I^n$, 8 м мин жана жантаюу боюнча 89°01' айырмаланып тургандыктан, жердеги байкоочу ал аркылуу уюлду жана анын бардык тарабын аныктай алат. Анын өңү саргыч келип, бетинин темпрасы 7000° Кге барабар. Көрүнгөн жылдыз чоңдугу 2,1 м ден 2,3 м ге чейин өзгөрөт. Алтын казык аркылуу уюлду жана анын бардык тарабын аныктаса болот. Асман сферасындагы жылдыздар Алтын казыкка салыштырылып аныкталат.



### АЛТЫН КАЗЫК ЖӨНҮНДӨ УЛАМЫШ

Көк теңиринин Аксарат, Көксарат деген эки жакшы аты болуптур. Аны алтын казыкка аркандаттырып койгон экен. Ал аттарды Көк уурулары өздөрүнчө кармамак болуп, аркан таштаса, аркандары жетпей калыптыр. Аларга чалманы түшүрүп кармайбыз деп жүрүшөт. Ошого Аксарат, Көксарат алтын казыкты айланып качып жүрөт экен.

Жети каракчы алтын казыкты айлана чалма көтөрүп жүрөт экен. ...Эгерде, жылдыздарга кокустан мылтык мелжесе, анда бардыгы ордунан жылат имиш. Бир гана алтын казык козголбойт экен. Анткени, илгери Канжыга аттуу баатыр атын байлаш үчүн, темир казык катары кагып койгон экен, ошондон бери алтын казык аталып калыптыр.

Алтын казык жөнүндөгү бул мифтик баян Алтын Казык жылдызынын орду туруктуу тургандыгын жана анын айланасында жети каракчы (Жетиген) айланып турганын баамдап,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

алардын эмне үчүн ошондой жайгашып калгандыктары мифтик түшүнүк боюнча, наристе элестетип, адам сыңары көркөм образга көтөрүп түшүндүрүүгө умтулуп жатканынын баамдайбыз. Заттарды таанууда аны наристе элестетип түшүндүрүү нагыз мифтик тааным болуп эсептелет. Алтын Казык жылдызы жөнүндөгү мифтин (аңыздын) ошол жылдызды таануудагы наристе баам болгон. Ал эми ошол баам, элестетүү аркылуу бир жылдызга «Алтын казык» деген жарашыктуу ат коюлганы эл оозундагы мифтердин коомдук турмушка кызмат кыларын эске салып турат.

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Текстте негизинен эмне жөнүндө түшүнчө берилген?
2. Алтын казык жылдызынын көрүнүшү жана орду жөнүндө тексте кандай маалыматтар берилген?
3. Алтын казык жөнүндө кеңири баяндап, уламышта кандай окуялар чагылдырылгандыгын түшүндүрүп бергиле.
4. Уламыштагы каармандар эмнелерге салыштырылып көрсөтүлүп жатат?

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Эмне үчүн бул жылдыз Алтын Казык жылдызы деп аталып калган?
2. Бул жылдыз аркылуу эмнелерди аныктаса болот?
3. Бул уламыштан элдерде Алтын казык жылдызы жөнүндөгү алгачкы түшүнүк кандайча берилген?
4. Кандай баам жана элестетүү аркылуу бул жылдызга ушундай жарашыктуу ат коюшкан деп ойлойсуңар?
5. Демек, байыртан эле элдерде Алтын казык жана анын орду жөнүндө түшүнчөгө ээ болушкан деп ойлойбузбу?

**Тапшырма 1.1.** Сүрөттөр менен иштөө. Берилген сүрөттөр боюнча «Алтын казык жана анын орду» жөнүндө күндөлүк турмуштан салыштырмалуу түрдө текст түзүүгө аракеттенгиле.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү берилген текстти окуп чыгып, мазмунун айтып бергиле жана «Семантикалык карта» боюнча текстти талдагыла.

**Жүзөгө ашыруу кадамдары:**

**1-кадам:** Таблица менен тааныштырылат;

| Тексттеги маалыматтар | Ооба «+» | Жок «-» |
|---|---|---|
| Асмандын белгилүү бир жарым сферасында алардын көрүнө турган саны 3000 ден ашпайт. | | |
| Бүткүл асман сферасынын жылдыздары байкоочудан өтүүчү ой жөнүндөгү октун айлансында айланып жатканын көрүү мүмкүн. | | |
| Жылдыздар асманын мындай көрүнмө айлануу мезгили бир сутканы түзөт. | | |
| Чынында мындай кубулуш Жердин өз огу айланасында айлануусу себеп болот. | | |
| Байыркы Чыгышта адамдар жырткычтарга карап багыт алуу үчүн асмандын белгилүү бир бөлүгүндө жайгашкан жарык жылдыздарды өзүнчө топторго бөлүп, аларга жылдыз түркүмдөрү деп ат беришкен. | | |
| Жылдыз түркүмдөрүн жаныбарлар (Чоң аюу, Ак куу, Арстан, Ажыдаар, Кит), грек уламыштарынын каармандары (Кассиопея, Андромеда, Пегас ж.б.) кээде анын жарык жылдыздары чогуу каралганда эстете турган геометриялык фигура же буюмдардын аттары (Үч бурчтук, Тараза, Чөмүч) менен аташкан. | | |

**2-кадам:** Окуучулар өткөн темаларды талдайт жана «+» –Ооба, «-» – жок белгилерин ар бир маселенин таблицанын тушундагы сапатына карай белгилеп турушат.

**3-кадам:** Тексттин мазмунун түшүнүп баруда семантикалык сыпаттамада али өздөрүнө түшүнүксүз туштарга «?» белгисин коюшат.

**4-кадам:** Текстке өз билгендерин толуктап барышат.

**5-кадам:** Окуган текстти талдоо, жыйынтык чыгаруу, таблицагакайра токтолуу, кошумча алынган материалдар боюнча түзөтүүлөрдү киритүү же алдыңкы жоопторду бекитүү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЖЫЛДЫЗ ТҮРКҮМДӨРҮ

Булутсуз түндө асманда топ-топ жылдыздарды көрүп, андан ырахаттанбаган адам болбосо керек. Бир караштa жылдыздардын эсеби жоктой туюлса да, чынында жөнөкөй көз менен караганда, асмандын белгилүү бир жарым сферасында алардын көрүнө турган саны 3000 ден ашпайт. Эгерде түндө белгилүү бир жерден туруп жылдыздарды бир нече саат бою тынымсыз күзөтсөк, бүткүл асман сферасынын жылдыздары байкоочудан өтүүчү ой жөнүндөгү октун айлансында айланып жатканын көрүү мүмкүн. Мындай айлануу маалында каалагандай жарыткыч өз абалын горизонттун жактарына салыштырмалуу өзгөртүп барат. Жылдыздар асманын мындай көрүнмө айлануу мезгили бир сутканы түзөт. Түштүк жакка карап турган байкоочуга жырткычтар солдон оңго, башкача айтканда, салт жебеси багытында кыймылдап жаткандай көрүнөт.

Эгерде байкоочу белгилүү бир убакыт бою фотоаппарат жардамында асмандан түндүк бөлүгүн сүрөткө алса, жылдыздардын белгилүү бир бөлүгү чыгыштан чыгып, батышка багуусу менен бирге, батпай тургандары – белгилүү бир кыймылсыз чекиттин айланасында концентрикалык айланаларды сызып жатканын көрөт. Чынында мындай кубулуш Жердин өз огу айланасында айлануусу себеп болот.

Байыркы Чыгышта адамдар жырткычтарга карап багыт алуу үчүн асмандын белгилүү бир бөлүгүндө жайгашкан жарык жылдыздарды өзүнчө топторго бөлүп, аларга жылдыз түркүмдөрү деп ат беришкен. Жылдыз түркүмдөрүн жаныбарлар (Чоң аюу, Ак куу, Арстан, Ажыдаар, Кит), грек уламыштарынын каармандары (Кассиопея, Андромеда, Пегасж б.) кээде анын жарык жылдыздары чогуу каралганда эстете турган геометриялык фигура же буюмдардын аттары (Үч бурчтук, Тараза, Чөмүч) менен аташкан.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

Татаал тактоочтордун синтаксистик жол менен жасалышы

Эсиңерге сактагыла! Эки, же андан ашык сөздөрдөн тутамдашып же тактоочтордун эки ирет кайталанып айтылышы аркылуу жасалган тактоочтор татаал тактоочтор деп аталат.

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыгып, татаал тактоочторду көчүрүп жазгыла. Кандай жолдор менен жасалгандыгын түшүндүргүлө.

**Тапшырма 1.2.** «Бумеранг» усулу. Ишке ашыруу.

*1-топко:* Кош сөз түрүндөгү тактоочторду катыштырып, сүйлөмдөр түзүү. Мисалы: колмо-кол, бат-бат, ачык-айкын.

*2-топко:* Кошмок сөз түрүндөгү тактоочторду катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө. Мисалы: Бир күнү, ар качан, ар убакта, бир маалда.

**Тапшырма. 1.3.** Эки сөзүнө тең **-дыр** мүчөсү уланышы менен жасалган төмөнкү татаал тактоочторду (жайдыр-кыштыр, эртедир-кечтир, аздыр-көптүр) катыштырып, «***Табият мыйзамы***» деген темада эссе жазгыла.

Төмөнкү таблицада берилген сүйлөмдөрдү окуп чыгып, тактоочторду тапкыла жана кандай жол менен жасалгандыгын аныктап жазгыла.

| Сүйлөмдөр | Тактоочтун кандай жол менен жасалгандыгы (морфологиялык же синтаксистик жол) |
|---|---|
| 1. Азыр элибиздин күндөп-түндөп иштеп турган убагы. | |
| 2. Бүгүн-эртең чоң концерт болот. | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| | |
|---|---|
| 3. Жапардын иймилчектей буттары тез-тез көтөрүлдү. | |
| 4. «Манас» кинотеатрынан жайдыр-кыштыр эл үзүлбөйт. | |
| 5. Алар бетме-бет кездешишти. | |
| 6. Кеч кирип, ары-бери өткөндөрдүн карааны көрүнбөй калды. | |
| 7. Жайы-кышы эл келет, жазында салкын жел келет. | |

Тактоочтун маанисине карай бөлүнүшү. → Мезгил тактооч, орун тактооч, сын-сыпат тактооч, сан-өлчөм тактооч.

**Тапшырма 1.4.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, тактоочторду аныктап, алардын кайсы түрү экендигин түшүндүрүп бергиле жана астын сызгыла.

1. Кышында өтсөң, бороон улуп, жайында өтсөң, үп болуп, дымыктырып турат. 2. Танабай эрте келип, кеч кайтты. 3. Жалкоонун иши аз, себеби көп. 4. Нурбай аюудан коркуп, бирде жогору, бирде төмөн түшүп турду. 5. Жолдоштон артта калсаң, жолдошсуз каласың. 6. Дыйкандар мол түшүм алышты. 7. Кулча иштеп,бийче отур. 8. Тоолуу жерге кышкысын кар көп жаап, жайкысын салкын болот.

Мезгил тактооч → Эсиңерге сактагыла! Кыймыл-аракеттин мезгилин көрсөтүп, качан? кайсы убакта? качантан бери? качанка чейин? деген ж.б. суроолорго жооп берген тактоочтор мезгил тактооч деп аталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.5.** Текстти окуп чыгып, андагы мезгил тактоочторду көчүрүп жазгыла жана суроолорго жооп бергиле, морфологиялык жана синтаксистик белгилерин аныктагыла.

| Мезгил тактооч | Суроосу | Морфологиялык белгиси | Синтаксистик кызматы |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |

## Кичи топтордо иштөө

Биринчи топтун окуучулары тексттеги мезгил тактоочтордон тубаса тактоочторду, ал эми экинчи топтун окуучулары туунду тактоочторго бөлүп, аларды уңгу жана мүчөгө ажыраткыла.

Төмөнкү берилген мезгил тактоочторду түзүлүшүнө карай ажыратып, татаал тактоочтордун кайсы түрүнө киришин аныктагыла жана бул берилген мезгил тактоочтордун кээ бирлерин катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө

бүгүн, эртең, кечээ, бүрсүгүнү, кийин, кеч, жана, анан, күндүз, быйыл, эми, ар качан, түштө, кечинде, жайында, жазында, күзүндө, кышында, жайды-жайлай, күздү-күздөй, түндө, эртең менен

**Орун тактооч** →

Кыймыл-аракеттин боло турган ордун, багытын көрсөтүп, кайда? каякта? кайсы жакта? кайсы жакка? кайсы жактан? деген суроолорго жооп берип турган тактоочтор орун тактооч деп аталат.

**Тапшырма 1.1.** Тексттен орун тактоочторду көчүрүп жазып, алардын морфологиялык жана синтаксистик кызматын айтып бергиле.

**Тапшырма 1.2.** «Бумеранг кыймыл» методу. Ишке ашыруу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жөнөкөй орун тактоочторду тубаса жана туунду түрүнө ажыратып, туунду тактоочторду уңгу жана мүчөгө ажыратып, кандай мүчөлөр менен жасалгандыгын түшүндүргүлө;

Татаал тактоочторду кош, кошмок сөз түрлөргө ажыратып, аларды кандайча жасалгандыгын түшүндүргүлө.;

1. Анын мында келгенине көп убакыт болду.
2. Күнүгө таң заардан туруп, мурда долбоорлонгон айрым-айрым варианттарымды кайра баштан карап чыгам да, ары-бери басып ойлоном.
3. Иштин баары алдында турат.
4. Күн батыштан болгон шамал булуттарды алыска-алыска айдады.
5. Биз терекке чыкканда, айылдан төмөн алда кайдан мунарыктаган мейкиндиктин ушунчалык кеңдиги көз алдыбызга тартыла түшчү.
6. Анын үйү мында, суунун жогорку маңдайында, экинчи бригаданын көчөсүндө.

**Тапшырма 1.3.** Өз алдынча иштөө. «Жылдыздардын карталары» деген текст түзүп, орун тактоочторду катыштырууга аракеттенгиле.

Сын-сыпат тактооч

Эсиңерге сактагыла! Кыймыл-аракеттин сын-сыпатын билдирип, кантип? кандай? кандайча? кимче? эмнече? деген суроолорго жооп берген тактоочтор сын-сыпат тактооч деп аталат.

**Тапшырма 1.4.** Өз алдынча иштөө. Төмөнкү берилген тактоочторду түзүлүшүнө карай ажыратып, кандай жолдор менен жасалгандыгын түшүндүргүлө жана аларга сүйлөмдөр түзгүлө.

жай, ылдам, тез, бат, араң, зорго, орусча, кыргызча, өзүбүзчө, менимче, өздөрүнчө, өзүнчө, тескерисинче, кокустан, жөө-жалаң, соо-саламат, жекеме-жеке, бетме-бет, колмо-кол, акырын, дароо.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.5.** Сын-сыпат тактоочторду катыштырып, «Күн – эң жакын жылдыз» деген темадагы төмөнкү текстти улантып жазгыла. Мында ар бир окуучу катышып, текстти андан ары улантышат.

Менимче, эгерде Күн өчсө, Жерди караңгылык каптамак...

**Тапшырма 1.6.** «Кластер» методу менен иштөө. Текстте берилген сын-сыпат тактоочторду аныктап, алар боюнча сүйлөмдөр түзгүлө.

**Тапшырма 1.7.** Сүрөттөр менен иштөө. Төмөнкүдө берилген сүрөттөр боюнча «Мырза Улугбектин абсерваториясы» деген темада дил баян жазгыла.





Төмөнкү сүйлөмдөрдөн сын-сыпат тактоочторду таап, көчүрүп жазгыла. Кандай суроого жооп берип турганын аныктагыла. Эрежелерин түшүндүргүлө. Өзүңөр сын-сыпат тактоочторду катыштырып, 4–5 сүйлөм ойлоп тапкыла.

1. Жамыйла сабагын дароо, жай баштады. 2. Сейде менен Мырзакул бетме-бет келе түштү. 3. Поезд акырын жүрө баштады. 4. Жолоочулар тез-тез келе жатышты. 5. Мен кызыгып, англисче, немисче, үйрөнүп калдым.

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## Накыл сөздөр

Бир жолу калп айтсаң, калпычы атың өчпөйт.
Эр энеден туулат, элге кызмат кылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жоого жалынба, доско таарынба.
Ата жакшы–уул жакшы, эне жакшы – кыз жакшы.

## Текст менен иштөө

### БАЙЧЕЧЕКЕЙ ЖАЗДЫН КАБАРЧЫСЫ

*Күн күркүрөйт кайрадан,*
*Көктүн бети бүркөлүп.*
*Балдар үйгө чуркашат,*
*Байчечекей гүл терип.*
*Татынакай көгүш гүл,*
*Тамылжытат ажарын.*
*Байчечекей аркылуу*
*Кучактайсың жаз айын!*

… Жаз майрамы. Салтанаттын башталарына саналуу гана мүнөттөр калды. Аянтта музыка жаңырып, элдин маанайы көтөрүлдү. Жаштар жакшынакай кийинишкен. Алар элибиздин ак дилин, ак пейилин ай-ааламга даңазалалаган бүгүнкү шааншөкөттү ого бетер көркүнө чыгарып жиберген сыяктанат. Карыга да, жашка да жарык маанай, кубаныч тартуулаган майрамга борбор шаардын өкүлдөрү келишкен. Көпчүлүгүнүн колдорунда жаздын, жаштыктын символу болгон гүлдесте.

*Калкымдын пейли ток болсун,*
*Каргаша салган ааламга.*
*Кан төккөн согуш жок болсун,*
*Кут качпай пейли оңолсун!*
*Кор болбой балдар төрөлсүн!*

### НООРУЗ

Кыштын суук ызгаарынан үшүгөн, узун түндөрүнөн талыккан, бир аз зериккен адамдар жарык, тунук асманга, Күндүн жагымдуу нурларына, табияттагы ойгонууга утурлаш чыгышкан. Алардын маанайында өзгөчө бир көтөрүңкүү жагымдуу маанай пайда болот.

Ал эми дыйкандар үчүн болсо Нооруз жылдын өзүнө мүнөздүү белги – чек арасы, чеги болуп эсептелет. Ушул күндөн баштап жерге кабатырланбастан үрөн сээп, анын шексиз өсүп чыгуусунан көңүлү ток болуусу мүмкүн.

Демек, Чыгыш элдери дээрлик төрт миң жылдан бери белгилеп келе жаткан Нооруз жаратылыш менен адамдын жашоосунун



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

шайкештигинин, алардын ортосундагы эзелки тагдырлаштыктын да далили, жеңиши, майрамы десек болот.

Чындыгында да, ар кандай салт, үрп-адат жана маарекелер белгилүү бир турмуштук зарылдык себеп пайда болот.Алар белгилүү бир элдин жашоо мүнөзү, психологиясы, руханий дүйнөсү, үмүт-мүдөөлөрүнүн күзгүсү болуп, удаалаш келүүчү муундардын руханий-ахлактык түспөлүнүн калыптануусуна да ошончолук олуттуу таасир көрсөтөт. Көптөгөн салттардын мазмун-маанисинде элди, элетти изгиликке, жакшылыкка, гумандуулукка үндөөчү өчпөс идеялар жатат.

Жаңылануу жана изгиликтин символу болгон Нооруз философиясы элибизге таандык адамгерчилик, мээр-акыбет, жардам жана көмөк сыяктуу жогорку өзгөчөлүктөрдөн азыктанып келгени, бабаларыбыз кылымдар бою кандай улуу жалпы адамзаттык идеялардан азыктанып, руханий өркүндөгөнүнүн дагы бир далили болуп саналат.



Нооруз – жаркыраган жаздын, жаштык жигердин, кужурмөн эмгектин, жакшы тилек-үмүтүн, билимдүүлүктүн, кайрымдуулуктун, боорукердиктин, ыймандуулуктун, адилеттүүлүктүн, таттуу, даамдуу жайыл досторкондун майрамы. Нооруз чын куран (март) айынын 20 санынан 21 ине караган түнү өткөрүлгөн. Бул күндү биздин элдердин баары кары-жашына карабай чыдамсыздык менен күтүшкөн. Алар жаңы кийимдерди даярдашкан. Карыялар, байбичелер, жаштар бардыгы жапырт ак түстүү кездемеден кийимдерди, көйнөктөрдү тиктиришкен. Боз үйлөр тигилип, тал-теректер буталып, короо жайлар тазаланып, ар бир үйдүн ичи кут түшкөндөй түргө келтирилген. Ал эми ар бир адам колунда болгон эң даамдуу, сыйлуу тамак-ашын Ноорузга арналган. Жаңы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жылга карата даярдалган тамактардын ичинен өтө сыйлуусу, ширелүүсү сүмөлөк, чоң көжө болгон.

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Жогоруда берилген ырда байчечекейдин өзгөчөлүгүн кандайча чагылдырган?
2. Кантип гүл аркылуу жазды кучактоого болот?
3. Жогоруда берилген тексттерде чагылдырылган окуялардын бири-бирине кандай жакындыгы бар?
4. Нооруз майрамы жөнүндө кандай маалыматтар берилген?
5. Ноорузду элибизде эмненин символу катарында жогору баалап келишкендиги жөнүндө кандай маалыматтарды алдыңар?

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Эмне үчүн байчечекей жаздын кабарчысы катарында каралат?
2. Нооруз майрамынын жаз келгенде майрамдалышы эмне менен байланыштуу деп ойлойсуңар?
3. Текстте Нооруз майрамынын касиети эмнелерде көрүнөт?
4. Нооруз элибизде кандай майрам болуп саналат?
5. Нооруз майрамын элдерибиз качантан бери майрамдап келе жатышат?
6. Эгемендүүлүк жылдарында кайра калыбына келтирилген дагы кандай майрамдарды билесиңер?

**Тапшырма 1.1.** Сүрөттөр менен иштөө. Төмөнкү берилген сүрөттөр боюнча жаратылыш көрүнүшүн кептин сүрөттөө түрүндө текст түзгүлө.

***1-топко:***



***2-топко:***



**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү берилген ырды окуп чыгып, мында кайсы мезгил жөнүндө акын айтып жаткандыгын аныктагыла. Ырды «Түртүп алуу» методу боюнча талдап чыккыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| Талдоо шарттары | Ырдагы материалдар |
|---|---|
| «V» – мага тааныш маалымат | |
| «+» – мен үчүн жаңы маалымат | |
| «-» – мен билген түшүнүккө шайкеш келбейт | |
| «?» – бул тууралуу тереңирээк билгим келет | |

## КАНДАЙ КЕЗ?

Шашкеде сансыз күкүк ыр ырдаган,
Кандай кез дүйнө балкып, күү тыңдаган!
Эркелеп мөлтүр булак ала салып,
Сүйкүм жаш үнү менен шаңкылдаган?
Алыска тентек өзөн күркүрөгөн,
Жер жатат жалт-жулт этип бир түлөгөн.
Асмандын өрмөгүндөй жерге төккөн,
Бир назик көктөн жамгыр нөшөрлөгөн.

*Абай Кунанбаев*

**Тапшырма 1.3.** Төмөнкү «Жаз» деген текстти окуп чыгып, мазмунун айтып бергиле жана «Кластер» методу боюнча талдагыла.

**1-кадам:** «Жаз» темасына кластер түзүү: «Жазгы талаа», «Жазгы эмгек», «Жазгы кийим», «Жазгы гүлдөр», «Жазгы жаратылыш», «Жазгы куштар».






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**2-кадам:** Окуучулар ушул багыттагы тема боюнча жумуш дептерлерине өз ой пикирлерин билдиришет.

**3-кадам:** Жеке жазууда топто талкууга салуу, жалпы топтун атынан жооп дайындоо.

Тексттин мазмуну боюнча тест суроолору түзүп келгиле.

## ЖАЗ

Жаз – жыл мезгилдеринен эң коозу, Жаздын келиши менен жандуу жана жансыз жаратылышта зор өзгөрүү болот. Жер бетин жаңы чыккан көк чөп, ар түрдүү гүлдөр каптап, дарактардын бутактарына жаш жалбырактар чыгат. Улам барган сайын күн ысып, айлана көркүнө кирип, аны коштогон ар түрдүү куштардын үнү жаратылышка дем берет.

Адамдар ызгаардуу кыштын суугунан кийин, жаздын келишин зарыгып күтүшөт. Кышкы оор кийимдерин жеңил кийимдерге алмаштырып, келбетине каранып, алардын сезимдеринде да жаңылануу пайда болот.

Жаздын ар бир күнү дыйкандар үчүн өтө баалуу. Анткени күзгү түшүмдүн негизи жазда түзүлөт. Ошол себептүү дыйкандар жазында жан аябай эмгектенишет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## Накыл сөздөр

Жаз – жарыш, күз – күрөш.
Кыштын камын жазда көр.
Жаздын бир күнү – кышка катык.
Жаздын аракети, кыштын берекети.

## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

Сан-өлчөм тактооч

Эсиңерге сактагыла! Кыймыл-аракеттин иштелиш өлчөмүн, көлөмүн, санын көрсөтүп, канча? нече? канчалык? канчалап? нечелеп? деген суроолорго жооп берген тактоочтор сан-өлчөм тактоочтор деп аталат.

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп, сан-өлчөм тактооч катышкан сүйлөмдү көчүрүп жазгыла жана кайсы сүйлөмдөргө сан-өлчөм тактоочту катыштырып, сүйлөмдүн маанисин өзгөртүүгө болот?

**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү берилген сан-өлчөм тактоочторду катыштырып, «Кластер» методунда сүйлөмдөр түзгүлө.

***1-топко:***




***2-топко:***






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Топтор менен иштөө

Топтук ыкма. Төмөнкү берилген сан-өлчөм тактоочтор боюнча сүйлөмдөр түзүп, кандай жасалгандыгын түшүндүргүлө жана синтаксистик кызматын аныктагыла.

***1-топко:***

Көбүрөөк, азыраак, кыркча, отуздай, молураак.

***2-топко:***

Кемирээк, ондоп, жүздөй, жетимиштей, аз көп.

**Тапшырма 1.3.** Аналогиялык тапшырма. Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү сан-өлчөм тактоочторду коюп жазгыла.

1. **Темирдин** ... кечигиши жалгыз чыйылдак Чымырбайдын тынчын алды. 2. Акеш, силерден ... –... суранарым, ал-жайыңарды билдирип, ...–... кат жазып тургула. 3. ... сүйлө, ... сүйлө. 4. Биз белгиленген убактан ... – ... кечиктик. 5. Акырын жылып, ... аскерлер келе жа- тышты. 6. ... эгинди кайдан табасыңар, деп сурадым. 7. Иштеп тапканың ..., колуңа нак тиери канча? 8. Мен ... жыргалды такыр көрө элек болчумун.

**Тапшырма 1.4.** «Даймонд» стратегиясы менен иштөө.Тактоочтун кандайча жазылышы боюнча төмөнкү шарт аркылуу мисалдар келтиргиле.

| Үлгү: | Шарты: | Мисал келтирүү: |
|---|---|---|
| 1. | Карама-каршы маанидеги кош сөз тактоочтор: | |
| 2. | Уңгу, туунду түрүндө кайталанып айтылган татаал тактоочтор: | |
| 3. | Кошмок тактоочтор: | |
| 4. | -ыраак мүчөсү менен жасалган тактоочор: | |

Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла, андагы тактоочторду тапкыла. Кош, кошмок тактоочтордун жазылышын түшүндүргүлө.

1. Какшаалда кыргыздардын бар экенин уккан Ажар бат-бат чуркап отуруп, таң сүрүүгө жакынырак калың токойго келип бекинди. 2. Бир кезде Данияр менен Жамийланын карааны



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

көрүнбөй калды. 3. Жамийла, сен башыңды өйдө-өйдө көтөрүп бас, эч убакта жер караба. 4. Эрте турган Шамбет Нуркасымды ээрчитип, Чаргындын үйүнө кайра-кайра кирди. 5. Ал жылы атам мага жардам берип, эртели-кеч кой четиндерет. 6. Сан-өлчөм тактооч, уңгусу – көп, мүчөсү – ыраак, буга-ыраак мүчөсү уланды.Ушунчалык – ушу(л) деген ат атоочтон түзүлдү.

## Тактоочко морфологиялык талдоо жүргүзүү

**Тапшырма 1.5.** Тактоочтун кайсы сөз түркүмүнө (маани берүүчү, кызматчы) кирерин айтып бергиле. Маани берүүчү сөз түркүмдөрүн санагыла. Төмөнкү сүйлөмдөрдөн тактоочторду таап, анын кайсы түрү экенин ажыраткыла.

1. Эртең менен Анархан баласына жаңы көйнөктү кийгизип жатканда, Дарыяхан акырын кирип келди. 2. Зоолору күмүш кымкап кийгендей, алыстан-алыстан Алай тоолору заңкаят. 3. Оо, Кымка эне, Атайды тезирээк ойготуңуз. 4. Жипти ашыкча чойсоң – үзүлөр, жибекти ашыкча чойсоң – созүлөр. 5. Кыш азыгы жайында. 6. Жамийла тез-тез басып, коридорго чыкты.

Кермекаш быйыл жайды-жайлай көбүрөөк иштеп, эгинден ушунчалык түшүмдү мол алды.

**Оозеки талдоонун үлгүсү:**

Бул сүйлөмдөгү *быйыл* деген сөз – тактооч. Мезгил тактооч, качан? деген суроого жооп берди. Бул *жыл* деген эки сөздөн бириккен, составы боюнча жөнөкөй сөз. *Жайды-жайлай* бул дагы качан? деген суроого жооп берди, мааниси боюнча мезгил тактооч, түзүлүшү боюнча татаал, жай деген зат атооч сөздөрдөн түзүлдү, кош сөз катарында арасында дефис коюлуп жазылат. Уңгусу – *жай*, мүчөлөрү -ды,-ла, -й. Көбүрөөк – уңгусу – *көп,* канча? деген суроого жооп берет. Сан-өлчөм тактооч, уңгусу – көп, мүчөсү – ыраак,буга -ыраак мүчөсү уланды. Ушунчалык – ушу(л) деген ат атоочтон түзүлдү, уңгусу – ушу(л), мүчөлөрү – ча, -лык; канчалык? деген суроого жооп берет, *Мол* -- сан-өлчөм тактооч, канча? деген суроого жооп берди. Уңгу түрүндө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Аналогиялык тапшырма. Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү тактоочторду таап жазгыла.

Биздин көчөнүн балдарынын ... мектепте окушат. ... окушпагандыктан, ... өз үйлөрүндө болушат. Алар такыр окуй элек болушса да, ...–... колдорунан китеп түшүрүшпөйт. Балдардын ... эң шайыры – Эркин. Ал ... сергек, сөздү да кез-... сүйлөйт, сал-паал тентектиги болбосо, башкача чорт кыялы жок. Эртең менен ... туруп, жалгыз апасына жардамдашат. ... – жайлай, кышты – ... стадиондо ойношот. Мирлан токтоо бала, аны бардык балдар алыстан таанышат. Бири-бири менен урушпай, жай ойношот, алыс барышпайт. Алар ушунчалык ынтымактуу.

**Тапшырма 1.6.** Окуп чыгып, тактоочторду тапкыла. Маанисине карата кандай тактооч экенин аныктап, аларга морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

## ТУРСУН

Убакыт алдыга кандай умтулса, Турсун да азыр ошондой умтула берди. Менимче, ар бир күн анын өмүрүнө акырындап, кыйла жетишкендиктерди аз-аздан кошуп жаткан сыяктанды. Аз эле мезгилдин ичинде орусча жаттаган сөздөрүн айтып отурса, адамды көп кубандырат. Анын бир жакшы жери анча-мынча деле орусчалап сүйлөп берет. Лира деген өзүнүн группасында окуган кыз менен тез эле ынак болуп кетти. Класста жанаша отурчу. Ал эми сабактан тарагандан кийин башка балдарчылап кете бербей, экөө бирге жүрүшөт. Сабакда кыргызча сүйлөгөндү жакшы көрөт. Келсе-келбесе деле сөздөрдө туура айтпай калганда, дароо оңдоп да коюучу.

Азыр көрсөң, баягы Турсун жок, ушунча өзгөрүп кеткен. Орусча жакшы сүйлөйт. Лира болсо, кыргызча жакшы түшүнүп калды.

**Тапшырма 1.7.** Окуп чыгып, тактоочторду тууралап көчүрүп жазгыла. Мааниси боюнча тактоочтун кайсы түрү экендигин аныктап, морфологиялык талдоо жүргүзгүлө. Синтаксистик кызматын айтып бергиле.

1. Анда санда шаңшып коюп, асманда канат какпай жалгыз бүркүт каалгыйт. 2. Ар дайым так иштегенди, так жүргөндү бардык киши жакшы көрөт. 3. Жайды жайлай, кышты кыштай Мамирбазиндин жумушунда иштедик. 4. Бул сөздөр илгери айтылган, азыр эскирип бүттү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |

## Накыл сөздөр

Досу көптү жоо албайт, акылы көптү доо албайт.
Ашык дөөлөт баш жарбайт.
Эл башы болгончо.
Ар иштин устасы бар, ар устанын устаты бар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# III БӨЛҮМ. ДЕН СООЛУК – ТЕРЕҢ БАЙЛЫК





Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Текст менен иштөө

## ААРЫЛАР – ТАЗАЛЫКТЫН СИМВОЛУ

Канчалык көп болбосун, бир уюкта жашаган курт-кумурскалардын ар биринин өз милдети, иши бар экенин биз окуу китептеринен билебиз. Мисалы, аарынын уюгун алып көрсөк, бир уюкта жашаган аарылардын саны орто эсеп менен 80 миңге чейин чыгат жана андагы ар бир аарынын өзүнүн иши бар: бири гүлдөрдөн бал жыйнайт, экинчиси уюкту кайтарат, үчүнчүсү уюкту тазалайт. Мына ушул уюктун тазалыгын камсыз кылган аарылар керексиз калдыктарды сыртка чыгарып, уюкту желдетип турушат.

Мемиреген тынчтыкта аарылардын ызылдаган ыры кулакка музыкадай угулат. Мындай сонун учурда бир да кыбыраган жандык уюгунда калбай, шашыла сыртка чыккан сыяктуу. Ар кимиси өз түйшүгү менен алек. Жыпар жыт көңүл көтөрөт. Албетте, бул – гүлдөрдүн, ар кандай өсүмдүктөрдүн жыттары. Теребелге көрк берген да, жан-жаныбарга ырахат тартуулаган да ушул гүлдөр. Карап турсаң кандай гана кооз гүлдөрдү кезиктирбейсиң! Бирин-бири жерибей, алар аралаш өскөн. Алар ошонусу менен кооз, ошонусу менен көзгө сүйкүмдүү! Жаратылышта ар нерсенин өз ынагы да, өз шериги бар дегендей бал аарылар да өз азыктарын ушул гүлдөрдөн алышып, дарылык касиети жактан теңдешсиз балдарды жыйнашкан.

Бал байыркы замандан бери дарылык касиети бар азык катары пайдаланылат.

Бал – өтө пайдалуу жана баалуу азык. Анын курамында 300гө жакын пайдалуу заттар камтылган жана анда адамдын организмине зарыл болгон дээрлик бардык химиялык элементтер бар. Бал организмге тез жана 100 пайыз сиңет. Ошондуктан ал тамак сиңирүүнү, тамакка болгон табитти жакшыртат. Пайдалуулугу жагынан балга бир дагы жашылча тең келе албайт. Ал эми калориялуулугу жагынан ал нан, эт, боор, балыктардын катарында жүрөт. Балды пайдалануудан кандын түзүлүшү жакшырат, иммунитет көтөрүлөт, мындан тышкары ал күчтүү энергиянын булагы болуп эсептелет, ошондой эле бал организмди мезгилинен эрте картаюудан сактайт.

Балды ар кандай түрдө колдонууга болот, бирок, ошолордун ичинен эң натыйжалуу деп муздак сууга аралашкан бал эсептелинет. Мындай суусундук аз кандуулукка жардам берет, баш ооруну, баш айланууну, чарчоону жоготот.

Бал Байыркы Египетте кеңири колдонулган. Мунун далили катары изилдөөчүлөр адамдын сөөгү жаткан кээ бир гробдордон миңдеген жылдар бою баалуулугун жана даамын жогото



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

элек балды табышкан. Мындан тышкары, Александр Македонскийдин сөөгү Вавилондон Александрияга чейин балга чыланып келгенин тарыхчылар тастыкташат. Балдын антибактериалдык касиетинин негизинде сөөк бузулбай келген.

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Текстте негизинен эмне жөнүндө ой төгүндөлдү?
2. Бал аарылардын жашоо тиричилиги кандай чагылдырылган?
3. Бал аарылар балды бир гана гүлдөрдөн жыйнайбы?
4. Балдык касиеттери жөнүндө текстте кандай маалыматтар берилген?
5. Балдын пайдалуу азыктан тышкары жана кандай касиеттери айтылган?

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Бал аарылардын жашоо тиричилигинен кандай тыянакка келдиңер?
2. Анын эмгекчилдигинен кандай үлгү алса болот?
3. Жакшылыктан жакшылык, тазалыктан тазалык, сулуулуктан сулуулук жаралгандай ушундай сулуу кереметтүү гүлдөрдөн бал аарылардын эң дарыгерлиги жактан күчтүү кереметтүү балдын жаратышын кандай түшүнөсүңөр?
4. Бул жаратылыштын адамга болгон табыгый белегин жараткан бал аарыларды багуу зарылчылыгы эмнеде деп ойлойсуңар?
5. «Жаратылыш жан дүйнөм» деген темада эссе жазгыла.
6. Сүрөттөр менен иштөө. Берилген сүрөттөр боюнча кептин баяндоо түрүндө текст түзгүлө.
7. Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

| | |
|---|---|
| Ден соолук чың болуу үчүн | Эмне кылуу керек?<br>1)<br>2)<br>3)<br>4) |






## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

Өзгөчө сөз түркүмдөрү жана кеп маданияты. Тууранды сөздөр.

Эсиңерге сактагыла! Жандуу жана жансыз заттардан чыккан үндү, табышты, добушту, кыймылды, элести, көрүнүштү тuурап, окшоштуруп көрсөткөн сөздөр тууранды сөздөр деп аталат.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.1.** Текстте берилген бал аары, гүлдөр жана башкалардын аракеттеринин элесин,көрүнүшүн жана алардан чыккан добуштарды туурап көрсөткөн сөздөрдү таап жазып, алардын грамматиалык белгилерин айтып бергиле.

**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү берилген сүрөттөр боюнча бул жаныбарлардан чыккан үндү, элести, кыймылды туурап көрсөтүүчү сөздөрдү таап жазгыла.









**Тапшырма 1.3.** Текстти угуп, жөнөкөй жана татаал тууранды сөздөрдү аныктагыла. Тууранды сөздөрдүн эрежесин айтып бергиле.

1. Арс этип, асылган иттин үнү Бектурганды чалкасынан түрткөндөй болду. 2. Чырр этип, арабанын токтогону Бектурганды жалт каратты. 3. Алыстан Ысык-Көл мелт-мелт этет. 4. Кыртыштуу жерге кетмендер күп-күп согулат. 5. Ооздугун карс-карс кемирип, Гүлсары байлоодо 2 турат. 6. Бир заматта жамгыр тып басылып, күн чайыттай жарк этти. 7. Үстүндө күр-шар келаткан таштардан чочуган Акбара артын карай жалт секирди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.4.** Окуп чыгып, тууранды сөздөрдү көчүрүп жазгыла. Тууранды сөз кайсы сөз түркүмүнө (маани берүүчү, кызматчы, өзгөчө) кирерин далилдегиле. Эрежесин айтып бергиле. Тууранды сөздөргө кандай сөздөр кирерин оозеки санагыла, аларды түзүлүшүнө карай ажыраткыла.

1. От бат эле жалп-жулп өчтү. 2. Бака-шака үндөр угулат. 3. Чагылган чарт-чурт, жарк-журк этет. 4. Кечүүдөн чалп-чулп дабыш угулгансыйт. 5. Бурмаке Мукайды карай күнк-маңк этти. 6. Эмгектенсең, чекеден тер тып-тып тамаар. 6. Байдалынын колундагы кетмен ар бир чапкан сайын жарк-журк, жарк-журк. 7.. Гүлсарынын жүрөгүнүн дүп-дүп какканы кулакка даана угулат. 8. Тоо койну тынч, айыл үстүндөгү айдоо тараптан трактордун тытыр-тытыр үнү гана басылбайт.

**Тапшырма 1.5.** «Даймонд» стратегиясы менен иштөө. Төмөнкүдө берилен шарттар боюнча татаал тууранды сөздөрдүн түрлөрүн аныктагыла.

| **Үлгү**: | **Шарты:** | **Мисал келтирүү:** |
|---|---|---|
| 1. | кыйк-кыйк, калдыр-кулдур, карс-курс: | |
| 2. | шак-шук, эрбең-сербең, карс-курс: | |
| 3. | эрбең-сербең, ызың-кызың, жал-жал: | |

Төмөнкү таблица аркылуу оорулуу адам менен дарыгердин сүйлөшүүсү, оорулуунун абалы жөнүндө тууранды сөздөрдүн синтаксистик милдет аткарышы боюнча сүйлөмдөр түзгүлө.

Үлгү:

| **Сүйлөм мүчөлөрү** | **Мисалдар** |
|---|---|
| Ээлик | Оорулуу адамга ызы-чуу жакпайт. |
| Баяндоочтук | |
| Аныктоочтук | |
| Толуктоочтук | |
| Бышыктоочтук | |

Табыш тууранды сөздөр

Эсиңерге сактагыла! Жандуу жана жансыз заттардын үнүн, табышын, добушун тууроо иретинде айтылган сөздөрдү табыш тууранды сөздөр деп айтабыз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.6.** Төмөнкү берилген табыш тууранды сөздөр кимге же эмнеге таандык экендигин тапкыла.

| Табыш тууранды сөздөр | Кимге же эмнеге таандык экендиги |
|---|---|
| тарс, карс, курс, шылдыр, калдыр, мөө, маа, арс, каңк, так, шуу-шуу, шаңк, шыңк, шака-шука, ха-ха-ха, шалп-шулп, чырр | |

## Топтор менен иштөө

«Топтук ыкма» Кластер методунда табыш тууранды сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшүн аныктагыла

***1-топко:***



***2-топко:***











*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***3-топко:***

**Канат-туулар-дын**

***4-топко:***

**Курт-кумурс-калар-дын**

Элес тууранды сөздөр

Эсиңерге сактагыла! Кыймыл-аракеттин же заттардын сырткы көрүнүшүн, кыймылын, элесин билдирген сөздөр элестүү же элес тууранды сөздөр деп аталат.

**Тапшырма 1.7.** Бумеранг усулу. Ишке ашыруу. Төмөнкү берилген сөздөргө мисалдар келтирип, аларга сүйлөмдөр түзгүлө. Аларды түзүлүшүнө карай ажыраткыла.

***1-топко:***

Кыймыл-аракеттин же элестин тездигин билдирүү билдирүүчү элес тууранды сөздөр.

***2-топко:***

Заттардын сырткы көрүнүшү, кыймыл-аракети жөнүндөгү элести билдирүүчү сөздөр.

**Тапшырма 1.8.** Окуп чыгып, элестүү сөздөрдү тапкыла. Эрежесин айтып бергиле.Элестүү сөздөрдүн аягы кандай тыбыштар менен (к, ң) бүтүп жатканын билгиле. Кыймыл-аракеттин, заттардын эмнесин билдирип турганын далилдегиле.

1. Көпчүлүк заматта жалп тизе бүгүп, баш уруп, шыпшып жыгылышты. 2. Данияр арабасын жай айдап, кылчаккылчак карап келе жатты. 3. Бектургандын карааны алыстан эрбең-сербең



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


көрүндү. 4. Жалп өчүп, жалт-жулт этип, кээде үлп өчүп баратты. 5. Элдин уу-дуусу дербишти селт эттирди. 6. Хан элди жалт карады эле, элдин арасын күлкү аралады.

**Тапшырма 1.9.** «Даймонд» стратегиясы менен иштөө. Тууранды сөздөрдүн жазылышы боюнча төмөнкү берилген тапшырма аткаргыла.

| Үлгү: | Эрежеси: | Мисал келтирүү: |
|---|---|---|
| 1. | к, п тыбыштары менен бүткөн тууранды сөздөргө **-ылда** мүчөсү улангаңда: | |
| 2. | Кош сөз түрүндө айтылган табыш тууранды сөздөр: | |
| 3. | Кош сөз түрүндө айтылган элес тууранды сөздөр: | |

Сүрөттөр менен иштөө. Төмөнкү берилген сүрөттөр боюнча жаратылыштагы жандуу жана жансыз заттардан чыккан үндү, кыймылды, элести туурап көрсөтүүчү сөздөрдү катыштырып, «Жаратылыштын кызыктуу обондору» деген темада түзгүлө.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Накыл сөздөр

Спорт – ден соолуктун булагы.
Дене тарбия – ден соолукка табылбас дары.
Дени соонун ою соо.
Ден соолук– терең байлык.

### Текст менен иштөө

## С ВИТАМИНИ

Витаминдер органикалык кошулмаларга кирет. Алар – тиричилик аракети үчүн эң зарыл болгон биологиялык активдүү заттар. Витаминдер организмге өсүмдүктөр жана жаныбарлардын азыктары менен келет. Азыркы мезгилде адамдын организминде жыйырмага жакын витаминдер бар экени аныкталган. Организмге узак убакытка чейин витаминдер жетишпесе, мындай кубулуш авитаминоз деп аталат. С витамини аскорбин кислотасы деген да аталышка ээ. Ал организмдин көптөгөн функциялары үчүн маанилүү каражат болуп саналат. Мисалы, адамдын денесиндеги ткандардын өсүшүнө жана калыбына келишине жардам берет. С витамини – суук тийүүдө колдонулуучу кеңири белгилүү каражаттардын бири, бирок ооруну алдын алууга жардам береби же жокпу, бул багытта изилдөөлөрдүн жыйынтыгы бирдей эмес.

1982-жылы изилдөөчүлөр С витаминин көп колдонгон адамдардын жарааттары, жаралары жана көгөргөн жерлери тез айыгат деген бүтүмгө келишкен. Бул С витамининин организмде кол-







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

лагендин иштелип чыгышына өбөлгө түзгөндүгүнө байланыштуу болушу мүмкүн. С витамини антиоксидант катары ткандарды калыбына келтирүүгө, сезгенүүдөн жана кычкылдануудан келип чыккан зыянды азайтууга жардам берет. С витамини жетиштүү деңгээлде болгон адамдар С витамини жетишсиз адамдарга караганда инфекцияларга жакшы туруштук бере алышат. Ошондой эле С витамини курч респиратордук инфекциялардын алдын алууга, айрыкча жетишсиз тамактанган адамдарга жана стрессте жүргөндөргө жардам берет.

С витамининин эң жакшы булагы болуп жаңы мөмө-жемиштер эсептелет. Сууга ысытуу жана бышыруу С витамининин бир бөлүгүн жок кылышы мүмкүн, андыктан чийки азыктарды пайдаланган оң.

## КУРАМЫНДА С ВИТАМИНИ БАР АЗЫКТАР:

Жарым стакан таттуу кызыл калемпирде: 95 мг же суткалык ченемдин 106%ы. Бир орточо апельсинде: 70 мг же суткалык ченемдин 78%ы. Жарым стакан жаңы кулпунайда: 49 мг же суткалык ченемдин 54%ы. Жарым стакан шпинатта: 9 мг же суткалык ченемдин 10%ы. Курамында С витамини көп башка азыктар – цитрус жемиштери, кара карагат, брокколи, брюссель капустасы, картошка жана помидор болуп саналат.



**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Текстте эмненин артыкчылыгы жөнүндө сөз болду?
2. Текстте адам үчүн эң керектүү витаминдер жөнүндө кандай маалыматтар берилген?
3. С витамини кандай аталышка ээ экендиги, бул витаминдин жана кандай касиеттерге ээ экендиги жөнүндө тексттеги кайсы сүйлөмдөрдө чагылдырылган?
4. С витамини жетишсиздиги организмде эмнелерге алып келиши жөнүндө маалыматтар барбы?
5. Бул витамин кайсы азыктарда, жер-жемиштерде бар экендиги жөнүндө тексттин кайсы бөлүгүндө берилген?




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Витаминдер адам организми үчүн эмне үчүн керек?
2. С витамини кайсы биздин организмибизге эмнелер аркылуу кирет?
3. Биз эмне үчүн витаминдерге бай азыктардан пайдаланабыз?
4. Күндөлүк турмушубузда витаминдерге бай азыктарды жетиштире алабызбы?

**Тапшырма 1.1. Сүрөттөр менен иштөө.** Сүрөттөгү жемиштердин жана тамак-аштын аталыштарын жазгыла. Силер төмөнкү тамак-аштардын жана жемиштердин кайсынысын көп пайдаланасыңар? Эмне үчүн?



**Тапшырма 1.2.** Текстти окугула. Сүрөттөгү жашылчаларды жана тамак-аштарды эмне бириктирет? Витаминдер жөнүндө эмне билесиңер?

## ВИТАМИНДЕР

Витаминдер органикалык кошулмаларга кирет. Алар – тиричилик аракети үчүн эң зарыл болгон биологиялык активдүү заттар. Витаминдер организмге өсүмдүктөр жана жаныбарлардын азыктары менен келет. Азыркы мезгилде адамдын организминде жыйырмага жакын витаминдер бар экени аныкталган. Организмге узак убакытка чейин витаминдер жетишпесе, мындай кубулуш авитаминоз деп аталат.

Сабизде В, РР, С, Е, К витаминдери көп. Көз жана рак ооруларына жардам берет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Банандын курамында калий жана магний көп.

Ал жүрөк ооруга, ашказанга жакшы таасир берет.

Анарда С, $B_6$, $B_{12}$ витаминдер бар. Ал витаминдер адамдын иммунитетин жогорулатканга чоң жардам берет. Анардан жасалган сок сасык тумоодон бат айыкканга жардамдашат.

Балыкта $B_1$, $B_2$, $B_6$, $B_{12}$, С жана D витаминдери көп. Балыкты көп жесе, адам жүрөк оорусу менен оорубайт.

**Тапшырма 1.3.** Текстти окуп, төмөнкү тапшырмаларды аткаргыла.

## СҮТ

Сүт – бул алмаштыргыс тамак. Маалыматтарга караганда нечен кылымдардан бери якут, казак, кыргыз, кыпчак жана башка элдер жер которуп, көчүп жүрүшкөн. Алар сүттөн быштак, айран, курут, сүзмө, кымыз жана башка тамак-аштарды даярдашып, азыктанып келишкен. Сүт кичинекей наристеден тартып, чоң кишиге чейин алардын алмаштыргыс тамагы болгон. Сүттөн даярдалган азык заттардын сиңимдүүлүгү 95–98% га жетет.

Андай касиет башка тамак-ашта болбойт. Мисалы, тамак ичердин алдында же ичип жатканда, аз гана өлчөмдө сүт ичип койсо, тамак сиңирүүчү бездердин иштеши күчөйт.

Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла. Досторуңарга кандай сунуш берет элеңер?

| | |
|---|---|
| | ... витаминдери бар. |
| | ....жардам берет. |
| Сүт... | ... көтөрөт. |
| | ... тамак. |

## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

Сырдык сөздөр

Эсиңерге сактагыла! Адамдын ички сезимин жана айбанатка карата эрктик мамилени билдирген лексикалык мааниге ээ болгон сөздөр сырдык сөздөр деп аталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыгып, андагы сүйлөмдөрдүн айрымдарына сырдык сөздөрдү кошуп жазып, алардын маанисин айтып бергиле.

**Тапшырма 1.2.** Күндөлүк турмуштан алып, төмөнкү тапшырмалар боюнча сырдык сөздөрдү аныктап, аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.Сырдык сөздөрдүн морфологиялык белгилерин айтып бергиле.

| Адамдын ички сезимин билдирүүчү сырдык сөздөр | Айбанаттарга карата айтылуучу сырдык сөздөр | Турмуш-тиричиликке байланыштуу сырдык сөздөр |
|---|---|---|
| | | |
| | | |

**Тапшырма 1.3.** Төмөнкү берилген диалогду окуп чыгып, мазмунун түшүндүрүп бергиле. Анда медицинага байланыштуу сөздөрдү көчүрүп жазып, алардын маанисин айтып бергиле. Бул диалогдогу кайсы сүйлөмдөргө сырдык сөздөрдү кошуп колдонсо болот? Анда сүйлөмдүн мааниси өзгөрөбү?

Мурат: Акыл, бул студенттер ооруκананын бөлүмдөрүндө практикадан өтүшөбү?
Акыл: Ооба, алар онкологиялык, терепевттик, хирургиялык, инфекциялык, кулак-көз-мурун жана тамак оору бөлүмдөрүндө практикадан өтүшөт.
Мурат: Сен кайсы бөлүмдө практикадан өтүп жатасың?
Акыл: Мен инфекциялык балдар бөлүмүндө практикадан өтүп жатамын.
Мурат: Инфекциялык балдар бөлүмүндө балдар кандай оорулардан дарыланышат?
Акыл: Инфекциялык балдар бөлүмүндө балдар дизентерия, скарлатина, кызылча, кызамык жана башка оорулар менен ооруган балдар дарыланышат.
Мурат: Хирургиялык бөлүмдө кандай оорулуу адамдар дарыланышат?
Акыл: Анда бир жери сынган, чыгып ,кеткен, күйгүзүп алган же бир жерин кокустатып алган адамдар дарыланышат.

**Ташырма 1.4.** Суроолорго жооп бергиле.

1. Тамактануу адеби эмнеден башталат?
2. Тамакты кантип туура ичүү керек?
3. Тамактанып жатканда сүйлөөгө болобу?

**Тапшырма 1.5.** Микроб жөнүндө эмне билесиңер? Алар кандай болот, эмнеден көбөйөт?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жуптарда сүйлөшкүлө.
1. Микроб – бул ...
2. Микроб ..., ..., ... болот.
3. Микробдор ... көбөйөт.
4. Микроб зыяндуу, анткени ...
5. Микроб пайдалуу, себеби ...

**Тапшырма 1.6.** Микробдор жөнүндө жомок менен таанышкыла. Бул жомоктун мааниси эмнеде? Текст боюнча өз пикириңерди билдирип, талкуу жүргүзгүлө.

Бир жерде микробдор жашаптыр. Баарынан алар кирди жакшы көрчү экен. Канчалык кир болсо, ошончолук алар көбөйүшчү. Бир жолу Акмат өзүнүн артынан жуулбаган тарелкаларды, чыныларды жана кашыктарды калтырып коёт. Столдун үстүндө нандын күкүмдөрү,тамактын калдыктары да калат. Ошол эле замат чымындар учуп келип,идиш-аякка, нанга конушат. Бала аларды көрүп, кубалайт. Чымындар учуп кетет, ал эми микробдор жана бактериялар тарелкаларда, кашыктар да жана нанда калышып, өздөрүнчө: «Дүйнөдө тазалыкты жакшы көрбөгөн адамдар жана чымындар бар экендиги кандай жакшы!» – деп ойлонушат.

Сырдык сөздөрдү катыштырып, сүйлөм ойлоп тапкыла. Эмне үчүн сырдык сөз экенин жана сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албагандыгын далилдегиле.

Саламат, кайыр кош, кокуй күн, тырр, чиш, капырай, аттиң, ботом.

Акылман кебине, азамат элине таянат.
Жакшы жигит сыртта мырза, үйдө кул.
Жаман жигит үйдө мырза, сыртта кул.
Убакыт – учкан куш, учуруп жиберсең кармай албайсың.

**Текст менен иштөө**

## КҮРӨШ – УЛУТТУК СПОРТ ОЮНУ

**Күрөш** – элибиздин улуттук спорт оюну. Күрөш байыртадан эле элибиздин сүйүктүү оюндарынын бири. Күрөш оюнуна жаштар да, чоң кишилер да катышкан. Көбүнчө эл чогулткан той-тамашада, ар кандай жыйында балбан күрөштүрүшкөн. Күрөштө жеңген балбандарга байге берилген. Ошентип, эзелтеден эле балбандарды даңазалап, алардын атын муундан муунга өткөрүшкөн.

Күрөш оюну көк майданда, мектептин спорт залында таарынды төшөлүп, үстүнө килем салынган жумшак жерде ойнолот. Оюнга



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

7–17 жаштагы 20–25 эркек бала катышат. Оюнчулар жашына, салмагына, күчүнө жараша топтолот. Ар бир топтогулар өз-өзүнчө жаатка бөлүнүшөт. Калыс эки жааттан бирден оюнчуну ортого чыгарып, күрөштүрөт. Күрөшкө катышкан оюнчу өз атаандашын чалбастан,бутун тосо койбостон, «ит жыгылыш болбостон, так көтөрүп чаап, далысын жерге тийгизүү керек. Күрөш 10–15 мунутага созулат. Күрөштө жеңген оюнчуга 1 упай берилет. Оюндун акырында кайсы жааттын упайы көп болсо ошол жеңет.

«Күрөш оюну» бул – спорттун эң байыркы түрлөрүнөн бири. Биздин доорго чейинки 2500-жылдарда эле күрөшкө египеттиктер кызыгып келишкен. Күрөштү байыркы гректер да жакшы көрүшкөн. Ал мезгилде мелдеш көбүнчө кумдуу аянтчада өтө турган. Балбандардын жылаңач денеси кумдан улам жылмакай болбой, бири-бири менен кармашууга оңой болгон. Денеси күнгө тотуккан балбан баатырлар жекеме-жеке көпкө таймашат да, капысынан чабуулга өтүшөт. Ар бир балбандын өзүнө жаккан ыкмасы болот. Бирөө теңтайлашып буттан алууга аракеттенсе, экинчиси моюнду кысууга тырышат, үчүнчүсү ийинден кармап жыгууга далалаттанат. Атаандашынын далысын, жамбашын же ийинин үч сапар жерге тийгизген адам гана жеңүүчү болуп жарыяланган.

«Күрөш оюну» башталганда балбандар атайын кийимин кийинип, килемдин ортосуна чыгышат да колдорун кысышат. Ар бир балбандын максаты: теңтайлашынын далысын жерге тийгизүү. Спортчулардын өздөрү айткандай, таза жеңишке жетүү.



**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Текстте негизинен кайсы улуттук оюн жөнүндө сөз болду?
2. Күрөш оюнунун шарттары жөнүндө текстте кандай маалыматтар берилген?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3. Кайсы абзацта күрөштүн байыркы доордогу абалы жөнүндө чагылдырылган?
4. 1-абзац менен 2-абзацтын ортосунда маанилик жактан байланыш барбы?
5. Күрөш оюну өткөрүлө турган жерлердин азыркы менен байыркы доордогу орун жайлары жөнүндө кандай түшүнчөгө ээ болдуңар?

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Күрөш эмне үчүн улуттук оюндар катарына кирет?
2. Күрөш оюнуна илгертен эле элибиз эмне себептен кызыгып келишкен?
3. Оюнга канча жаштан катышышат жана бул оюн катышуучулары канип күрөшүшкөн?
4. Чет өлкөлөрдө күрөш оюну кандай өткөрүлгөн жана алардын биздин улуттук күрөш менен кандай айырмасы бар?
5. Азыркы күндөгү өлкөбүздүн күрөш боюнча чемпиондорунан кимдерди билесиңер жана алар кайсы жылдары мелдешүүлөргө катышып, ийгиликтүү орундарды ээлешти?

**Тапшырма 1.1.** Сүрөттөр менен иштөө. Төмөнкү берилген сүрөттөр боюнча «Биз чемпиондорубуз менен сыймыктанабыз» деген темада дил баян жазгыла.






Төмөнкү текстти окуп чыккыла, мазмунун айтып бергиле жана «Зигзаг» методу боюнча талдагыла.

**Жүзөгө ашыруу кадамдары:**

**1-кадам:** Мугалим тарабынан текст 4 бөлүккө бөлүнөт.

**2-кадам:** Сабак башталганда тексттин темасы угузулат. Тексттин темасы боюнча окуучулардын мурдагы билимдери эске түшүрүлөт, же божомолдоого мүмкүнчүлүк берилет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**3-кадам:** Окуучулардын ар бир тобуна бирден тексттин бөлүгү талдоого берилет.

**4-кадам:** Текстти окууга көрсөтмө берилет жана ар бир топтун окуучулары өздөрүнө тиешелүү бөлүктү гана окушат.

**5-кадам:** Ар бир топтун окуучулары тексттин өздөрүнө тиешелүү бөлүк боюнча өз ой пикирлерин айтышат жана суроолуу тапшырмалар түзүшөт.

**6-кадам:** Жалпы текст боюнча түшүнүктөрүн чагылдырган жазуу ишин аткарса болот.

## УЛАК ТАРТЫШ ЖАНА ООДАРЫШ ОЮНУ



Улак тартыш, көкбөрү – Орто Азия элдеринин улуттук оюну. Улак тартыш илгертен бери чоң салтанаттарда, майрамдарда, аштойлордо өткөрүлгөн. Татаал коркунучтуу, кокустуктары көп оюн болгондуктан аттандаштардын ортосунда кадыр-барктуу, тажрыйбалуу кишилерден калыстарды дайындашып, ошолордун чечими боюнча оюн өткөрүлгөн.

Улак же серкени мууздап, баш, шыйрагын кесип салып, ичинин кичине жерин жиреп, ичеги-карынын да алып салып, кесилген жер менен мууздоосун бекем тигет, Атаандаштар эки тарапка (айыл, аймак боюнча) бөлүнүшүп, жакшы аттарга минишет. Бөлүнгөн жааттар бирдей санда (3,5,7) оюнчуларды чыгарышат. Оюндун негизги максаты жерге ташталган улакты эңип алып, атаандаштарга тарттырбастан белгиленген марага алып келип таштоо. Айрым учурда кичирээк торпок да тартылып, аны торпок тартуу деп аташат.

Оодарыш – ат оюндарынын бир түрү. Эки жаат тараптан бирден киши атчан чыгышат да, бирин-бири аттан оодара тартып түшүрөт. Оодарышка күчтүү, эптүү, шамдагай жана чабандес киши түшкөн.Анын аты омоктуу, күчтүү, кебелтең болушу зарыл. Оюнга катышкан адам бышык өтүк, таар же булгары шым кийип, белине кездеме кур байланат. Оодарышка катуу күч келээри эске алынып, кош басмайыл, бышык куюшкан, бекем көзөмөлдүрүк тагылып, чоңураак жана катуураак бөктөрүнчөк ээрдин артына байланат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Оодарышчылар белден жогору кийим кийбейт. Алар курдан, колдон, буттан алууга, кучактай кармоого, тизесин же бутун атаандашынын атына такап балбанды өзү жакка тартууга же ары түртүп жыгууга, сүйрөп кетүүгө укуктуу. Бири-бирин же атын чабууга, тебүүгө, муштоого, ат жабдыктарын кармоого, манжаларды кайрууга, үзөңгү боолукка салууга, тизгинди же чалбырды атаандашынын колуна, бутуна орой коюуга укугу жок. Булардын кармашын атчан калыс тейлейт.

**Тапшырма 1.2.** Өз алдынча иштөө. Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдөн сырдык сөздөрдү аныктап, алардын сүйлөм ичиндеги ордун жана аларга кандай тыныш белгилер коюлгандыгын түшүндүргүлө.

1. Кош, боорум Ажар! Оо, сага окшоп, өз боштондук, өз теңдигин талашып, кулдуктан кутулууну самаган эже-сиңдилериң максатына жете алышпай, арманда кетти! 2. Оо, ботом, жанагы Мурат деген немени жер жуттубу? Капырай, ал кайда кеткен? 3. Бах! Күн да ушундай мемиреп тиерби? 4. Ботом, бул эмне дейт, сени чоңойткон ким? 5. Пай-пай, элдин, машинанын көптүгүн кара. 6. Ассалому алейкум деп, Мурат Алымдын алдынан чыкты.

**Тапшырма 1.3.** Топтук ыкма. Төмөнкү берилген сырдык сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө. Аларды маанисине карай ажыраткыла.

***1-топко:***

ой-оой, бах, кап, бали,ой тобо, карангүн, капырай.

***2-топко:***

түшөй-түшөй, мый-мый, кы-руу-кыруу, капырай, өш, чойт-чойт, саламатсызбы, эсенсизби, кош, кайыр.

**Тапшырма 1.4.** «Даймонд» стратегиясы менен иштөө. Сырдык сөздөрдүн жазылышы боюнча төмөнкү тапшырманы аткаргыла.

| Үлгү: | Шарты: | Мисал келтирүү: |
|---|---|---|
| 1. | Кош сөз түрүндөгү сырдык сөздөр: | |
| 2. | Кошмок сөз түрүндөгү кош сөздөр: | |
| 3. | Уңгу түрүндөгү кош сөздөр: | |

**Тапшырма 1.5.** Чыгармачылык тапшырма .Төмөнкү көп чекиттин ордуна тиешелүү сырдык сөздөрдү коюп, көчүрүп жазгыла. Анын кайсы түрү экенин аныктагыла. Сырдык сөздөр кайсы сөз түркүмүнө кирерин айтып бергиле.

1. ..., сөз эмес бекен. 2. ..., эп келе түштү. 3. ..., азаматсыңар, ..., силерге. 4. Ушундай да дал тиет экен, ... 5. Келбей калганын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

карачы ... 6. ..., тосуп алганына,... дешти. 7. ..., эмне деген керемет! 8. ..., жардам бергиле, жардам бергиле ...! 9. ..., эркечим, ... баштагын.

Сырдык сөздөрдү морфологиялык жактан талдоонун үлгүсү: Ой тобоо! Ошондой де, иничек, эми мага баары түшүнүктүү болду, ыракмат!

Бул сүйлөмдөгү сырдык сөздөр ой тобоо адамдын ички сезимин билдирип жатат. Эгер сырдык сөздөр күчтүү сезим менен айтылса, илеп белгиси коюлуп, андан кийинки сүйлөм баш тамга менен жазылат. Кошмок сөз катарындагы сырдык сөз.

Ыракмат – сырдык сөз, турмуш-тиричиликке байланыштуу сырдык сөз, уңгусу ыракмат, мүчөсү жок

Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, сырдык сөздөрдү гана көчүрүп жазгыла. Сырдык сөздөрдүн маанисине карай канчага бөлүнөрүн айтып бергиле. Сырдык сөздөргө морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

1. Бали, адам болот деген ушул! 2. Кетип баратасыңбы,кош эми, жакшы бар! 3. Атаганат, тамак болсо эле тыңып кетер элеңер. 4. Айымжан таежем кош-кош деп, козуларды короодон узатып салды. 5. Адам бол, балам, элдин керегине жара, омийин! 6. Жаныбарым, Гүлсары, чү, чү! 7. Жемиштердин бышканын кара, бах, кандай сонун! 8. Ай-ий, Айганыш, ошол кезде сен беш көкүл кыз элең го, чиркин. 9. Ой тобосун айтып, шакылдак кирди.

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |

## Накыл сөздөр

Ата-эне – өз баласына сынчы.
Сөз айтпагын болбоско, суу куйбагын толбоско.
Атанын сөзү – акылдын өзү.
Адамдын эң жаманы гана өзүнө өзү курсант болот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# IV БӨЛҮМ. КЕСИБИМ – СЫЙМЫГЫМ













*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Текст менен иштөө

## КЕСИП ЖАНА ӨНӨР

Кесип – өмүрүбүздүн үчтөн бирин өткөргөн ишибиз, алгарды болгон нерсебиз.Адамдар кесиптери менен өздөрүн таанытышат. Адамдар менен кесиптердин арасында көптөгөн байланыштар бар.Кесип ал кишинин адамгерчилигине, дүйнөгө көз карашына, кабыл алуусуна таасир этип, кишилерде окшоштуктар, айырмачылыктар, өзгөчөлүктөр жана жакындыктарды пайда кылат.

Кол өнөрчүлүк – элдик казына.Ал атадан балага, энеден кызга өткөн мурас,бул чыгармачылык өнөр элдин жашоо шарты, кесиби, айлана-чөйрөсү жана дүйнө таанымы менен тыгыз байланыштуу. Ошондой эле элдин байыркы ата-бабалардан бери келе жаткан рухий маданиятын, көркөм ой жүгүртүүсүн да чагылдырат.

Кыргыз элинин улуттук кол өнөрчүлүгүндө жыгач, чий, таш, сөөк, темир, алтын, күмүш сыяктуу металлдар жана ар түрдүү табигый заттарды, өздөрү баккан төрт түлүк малдын жүнүн, терисин пайдаланышкан.

Малдын жүнүнөн боз үйдүн жабуусун, ар бир буюм шырдак, кийиз сыяктуу үй буюмдарын, кийим-кечелерди жасашкан. Жасалган ар бир буюм оймо-чийме түшүрүлүп коозддолгон. Жүндөн ийрилген жиптен түрдүү оймолор салынып токулган килем, сайылган саймалар менен боз үйдүн ички жасалгасын даярдашкан.

Элде кол өнөрчүлүктүн устачылык, саймачылык, өрмөкчүлүк, зергерлик,көпчүлүк деген түрлөрү кеңири тараган.Аталган өнөрлөр өз ара дагы бир топ түрлөргө бөлүнүп, алардын колунан жасалган көркөм буюмдар чет өлкөлөрдө да таанылып, зор кызыгууну жаратууда.

Жакында Германияда болуп өткөн Эл аралык кол өнөрчүлүктүн көргөзмөсүндө кыргыз чеберлеринин колунан жасалган көркөм буюмдар башкы байгени жеңип, көрүүчүлөрдү таң калтырды. Бул элдик мурасты сактап, өркүндөтүп, муундан муунга берип алып жүрүү ар бир жарандын милдети болууга тийиш.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Текстте эмне жөнүндө ой төгүндөлдү?
2. Адамдар менен кесиптер арасындагы байланыштар кандайча баяндалган?
3. Кол өнөрчүлүктүн түрлөрү жөнүндө кандай маалыматтарды алдыңар?
4. Кол өнөрчүлүктүн кеңири түрдө өнүгүшүн кыргыз элинин кайсы иштеринде көрүүгө болот?
5. Элдик мурасты сактап,анын өркүндөшүндө кол өнөрчүлүктүн кандай таасири болду деп ойлойсуңар?

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Кесип эмнеликтен келип чыккан?
2. Адамдар эмне үчүн кесиптер менен алектенишкен?
3. Кол өнөрчүлүктү элдик казына деп атай алабызбы?
4. Кыргыз элинин кол өнөрчүлүгү кайсы тармактарда кеңири өнүктү?
5. Кол өнөрчүлүктү өнүктүрүүдө элдер эмнелерден пайдаланышты?
6. Кол өнөрчүлүктө жасалган буюмдардын чет өлкөлөрдө таанылышы эмне менен шартталат?

**Тапшырма.1.1.** Ким эмне кылат? Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

| Ким? | Эмне кылат? |
| --- | --- |
| Мугалимдер | Окутат, тарбиялайт, үйрөтөт |
| Ашпозчу | |
| Доктур | |
| Космонавт | |
| Музыкант | |
| Сүрөтчү | |
| Тигүүчү | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Төмөнкү берилген маалыматтардан кайсы кесипке тиешелүү экендигин тапкыла.

| | |
|---|---|
| 1. | Бул кесипте иштеген адамдардын ден соолугу абдан жакшы болуш керек, анткени алар бир жумушчу сменанын ичинде жер астында болушат. |
| 2. | Бул сөз англис тилинде «адамдарды башкаруу» дегенди билдирет. |
| 3. | Бул кесиптин өкүлү өсүмдүктөрдүн түрлөрүн, аларды өстүрүүнүн эрежелерин жакшы билет. |
| 4. | Бул кесипте иштеген адамдар кылмыштарды ачышат. |
| 5. | Бул кесиптин өкүлү баалуу товарлар жана акча менен иштейт. Бул кесипте иштеген адамдар активдүү, сылык, так болуу керек. |

**Тапшырма 1.2.** Сүрөттөр менен иштөө. Төмөнкү берилген кесипке байланыштуу сүрөттөр боюнча алардын кандай жумуш менен алектениши жана коомдогу орду жөнүндө айтып бергиле.



**Тапшырма. 1.3.** Кесипти туура тандоодогу төмөнкү берилген кайсы маалыматтар силерге жакты? Өз пикириңерди билдирип, презентация даярдагыла.

**1) Кесипке үйрөтүүчүлөрдү дагы алгачкы, баштапкы, негизги, орто, жогорку деп бөлүү жарабайт.** Өзү сүйгөн кесибинин устаты, чыныгы ээси болуп чыгуу үчүн кесип тандоодон баштап, өнөргө үйрөнүү жана үзүрлүү талыкпаган эмгек гана адамды ийгиликке жеткирет. Максат – кесипти туура тандоодон мурда ошол кесипти аркалап кетүүдөн ийгиликке жетүү, муктаждыктарын чече билүүсүндө турат. Көп иштеп аз акча тапкыча, аз иштеп көп акча тапкан жумуштар бар. Бирок аны өздөштүрүп кетүү колдон келеби? «Алыңа ченеп иш кыл, жылкыңа ченеп ышкыр» – дегендей, чоң



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кызматкер болом дебей дыйканчылыктан, мал чарбасынан баар таап жашагандар арбын. Төрт жыл мурун автослесарды бүткөн жигит келди. «Баягы сиз айткандарды жакшы үйрөнүп албай, ар кайсы кесипте чайналдым, агай», – деди. Баарлаштык, темир ширетүүнү бир аз өздөштүрүптүр. Лицейден кайра окууга көңүлү бар экен. Жакшы ойлонбой туруп кесипке билим алгандар да бар. Бир жигит үч жыл электриктин кесибинен билим алды. Кийин бир кафеде официант болуп жүргөнүн көрдүм, технологго кетип калбай деп өкүндү. Электрик боло албаптыр, көрсө практика учурунда кафелерде иштөөчү экен. Мына, кесипти туура тандап, жаш кезинде өздөштүрүп албагандык жана кеткен убакыт**.**

**2) Чыныгы кесипкөй адам Мекенинин патриоту.**

Кесип – өлкөнүн гүлдөп өнүгүүсүнүн эң орчундуу булагы. Өлкөнү кесипкөйлөр өнүктүрөт. Бир эле тармактагы өксүк, сөзсүз өнүгүүнү басаңдатып, терс таасирин тийгизет, ийгиликтин ачкычы өнөр. Кесипкөй адамдар арбын жана алардын алгылыктуу иштери өлкөнүн өнүгүүсүнө зор таасирин тийгизип жаткан болсо кантип мамлекет өнүкпөсүн. Кесипкөй адамдар калкты жакшы жашоого алып баруучу зор күч. Кесипти туура тандоого багыт берүүнү ишке ашыруу сыяктуу эле, кесипке үйрөтүү да татаал.

**3) Ынануу менен кесип тандоо – ийгиликтүү келечек!**

Кесип тандоо – биздин тагдырды аныктай турган өтө жооптуу бирден-бир чечим. Буга абдан көңүл буруу менен кароо абзел. Кесипти эң туура тандоо үчүн сиздин кесипке болгон кызыгууңуз жана ийкемдүүлүгүңүз кандай, бул каалооңуз. Экинчиден, Сиздин кесипкөйлүүлүк жакшы сапатыңызды баалаңыз: жыйынтыгында Сиздин кесиптик жарамдуулугуңузду жана мүмкүнчүлүгүңүздү аныктай турган ден-соолук, квалификация жана жөндөмдүүлүгүңүз кандай, бул жасай алууңуз. Үчүнчүдөн, эмгек рыногунда кандай кесиптерге суроо-талаптар барлыгын билүү, алардын кайсылары келечектүү, бүгүнкү күндө коомго эмне керек жана окуп алсаңыз өздөштүрүп кетесизби?

**4) Адамдын өзүнүн мүмкүнчүлүктөрү, каалоолору жана эмгек рыногунун талаптары дал келбейт.** Ишке кызыкпаган адамдын келечеги жок. Эч кимге кереги жокту жасайм деп жасай албаган адамды аёого гана болот. Кесиптик ишти аткаруу үчүн шык билимдин кээ бир бөлүктөрү гана болуп, ал эми ишке кызыгуусу жана жөндөмдүүлүгү жок болсо, анда мындай адамдын пайдалуулугунун кайтарымы үчтөн бирди гана түзөт. Ишине канааттануу жокко эсе.

Толук дал келүү болбосо дагы, үч шарт менен жакындашууну табууга болот. Жөндөмдүүлүктүн өзгөчөлүктөрүн жогорулатуу менен жетиштүү болууга мүмкүн. Канчалык кесипкөйлүүлүк жогору болгон сайын, ошончолук ишке орношуу мүмкүнчүлүгү да жогорулайт. Эгер кесипке кызыгуу жок болсо, анда пайдалуулуктун кайтарымы үчтөн эки гана болот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кесипти тандоодо ар бир жашоого жаңы кадам таштаган жаштар үчүн:

Өзүңдүн кызыгууңду талдоо менен, жөндөмдүүлүгүңдү, ийкемдүүлүгүңдү жана алыңдын жетишине ишенүүң керек.

Бил: Кандай кесиптер талап кылынууда? Бул жумуштун өзгөчөлүгү эмнеде? Ишке орношуу мүмкүнчүлүгү кандай? Айлыгы кандай?

Окуп үйрөнгөн кесиптик шыгыңды өзүңдүн мүмкүн чүлүктөрүң менен салыштыр, ата-энең, окутуучуларың, досторуң менен кеңеш.

Өзүңдүн көңүлүңө көбүрөөк жаккан кесипти танда. Кошумча да вариантты (үч кесипке чейин) ала жүр. Эгер бул кесиптерди да өздөштүрүп кетүүгө мүмкүнчүлүгүң бар болсо.

## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

Этишин өзгөчө формалары атоочтуктар

Эсиңерге сактагыла! Кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсөткөн, этиштик касиетке да, атоочтук (сын атоочтук, зат атоочтук) касиетке да ээ болгон, тиешелүү мүчөлөр (ган, -ар, -бас ж.б.) аркылуу жасалган, этиштин оң, терс формасы боюнча өзгөргөн, сүйлөм ичинде кандай? кайсы? деген суроолорго жооп берип, көбүнчө аныктоочтук милдетти аткарган этиштин өзгөчө формасы атоочтуктар деп аталат.

**Тапшырма 1.4.** Текстти окуп атоочтуктар катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, алардын морфологиялык белгилерин айтып бергиле.

**Тапшырма 1.5.** Текстти угуп, атоочтуктарды аныктагыла. Кандай мүчөлөрдүн жардамы менен жасалып жатканын айтып бергиле. Этиштин өзгөчө формалары жөнүндө түшүндүргүлө.

1. Бербес кишинин ашы – бышпас. 2. Соолбос өмүр, сынбас темир болбос. 3. Күлгөн кишинин билген иши бар. 4. Жоголгон бычактын сабы – алтын. 5. Келер кишилер келишти. 6. Экскурсияга баруучу балдар чогулушту. 7. Шахмат ойноочу кыздардын тобу түзүлдү. 8. Ажардын ким экенин окуучуларга айта кетелик. 9. Бул суу баланы тоголотуп кеткидей кирип жатат. 10. Чоро кампачынын сөзүнө түшүнмөксөн болду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.6.** «Даймонд» стратегиясы менен иштөө. Тексттен төмөнкү берилген мүчөлөр менен жасалган атоочтуктарды аныктап жазгыла жана алардын морфологиялык жол менен жасалышы жөнүндө түшүндүргүлө.

| Үлгү: | Эрежеси: | Мисалдар: |
|---|---|---|
| -ган: | | |
| -ар: | | |
| -бас: | | |
| -оочу, -луучу: | | |
| -а, -е, -й + жаткан, жүргөн: | | |
| -а+элек: | | |
| -максан+бол | | |

Төмөнкү берилген атоочтуктарды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө жана алардын лексикалык маанисин түшүндүрүп, төмөнкү «Венн диаграммасы» аркылуу алардын морфологиялык белгилерин айтып бергиле.

Окуган балдар, баруучу кыздар, унчукпас кишилер, бара элек жаштар, келе жаткан адамдар, жүрөр мезгили.

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## Накыл сөздөр

Жакшы болсоң – жатык бол, улук болсоң – кичик бол.
Атың барда жер тааны, атаң барда эл тааны.
Күчтүү болсоң жердей бол, баарын чыдап көтөргөн,
Таза болсоң суудай бол, баарын жууп кетирген.

## Текст менен иштөө

### ВЕТЕРИНАР

Ветеринария адамзат тарыхында эң байыркы кесиптердин бири болуп саналат. Мында аномалияларды, ооруларды, жаракаттарды же жаныбарлардын ден соолугуна байланыштуу көй-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

гөйлөрдүн алдын алуу, диагностикалоо, аныктоо жана дарылоо менен алектенген медициналык дициплина.Ветеринарлар жаныбарлардын ден соолугу боюнча адистер жана үч негизги багытка кийлигишет:


**Тамак-аш коопсуздугу жана коомдук саламаттык;**

Жапайы жаратылышты жана айлана-чөйрөнү коргоо. Ошентип, ветеринардын практикалык ролу ар түрдүү. Буларга төмөнкүлөр кирет:

– жаныбарларды коргоо жана аларга кам көрүү;
– коопсуз дары рецептери;
– тамак-аш коопсуздугун камсыз кылуу,
– коомдук саламаттыкты сактоо;
– айлана-чөйрөнү изилдөө;

Айрыкча, ветеринария – бул жаныбарларды жугуштуу жана жугушсуз ылаңдардан сактоо, аларды дарылоо, жогорку сапаттагы мал чарба продукциясын өндүрүп алуу жана зооноздук – адамга жана малга бирдей жуга турган оорулардан адамдарды жана жаныбарларды алдын ала коргоо. Ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоодо, ветеринардык-санитардык көйгөйлөрдү чечүүдө мамлекеттик, коомдук, чарбалык жана атайын иш чаралардын комплекстүү биримдиги болуп саналат.

Айыл жериндеги ветеринардык кызматкер жеке ишкер катары өз талантын, ишкердүүлүгүн, тажрыйбасын, билим деңгээлин толук пайдаланып, ветеринардык тейлөөнү, уюштурууну жаңы деңгээлге көтөрүп айыл жеринде ветеринардык кызмат көрсөтүү рыногунун калыптанышына салым кошушу учурдун талабы.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ветеринардык-санитардык иш чараларды, алдын алуучу эмдөөлөрдү жана инфекциялык, паразитардык жана башка ылаңдарга карата өз убагында жана сапаттуу каражаттар менен жардам көрсөтөт. Ошол эле учурда чакыруулар болгондо өз убагында барып дарылоо же башка вете ринардык иштерди аткарат.

Жаныбарларды профилактикалык кароодон өткөрөт.

Жаныбарларды сатып алуу, тоюттандыруу, көбөйтүү, багуу жана өстүрүү технологиясы боюнча кеңеш берет.

Диагностикалык, профилактикалык жана дарылоо иштерин аткарууда жаныбарларга терс таасири жок каражаттарды колдонот.

Ветеринардык иш-чаралардын малдын ден соолугуна, продуктуулугуна жана айлана-чөйрөгө карата коопсуздугун камсыздайт.

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Текстте кайсы кесип жөнүндө маалымат берилди?
2. Ветеринариянын эл турмушундагы зарылчылыгы текстте кандай чагылдырылган?
3. Ветеренардык кесиптин милдеттери кандай түрдө берилген?
4. Коомдук саламаттыкты сактоо боюнча ветеринарлардын кызматы жөнүндө кандай түшүнчө келтирилген?

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Ветеринардык кесип эмне үчүн байыркы кесиптерден болуп саналат?
2. Ветеринардык врач «сөз катары» эмнени билдирет?
3. Малдан адамга жугуштуу оорулардын алдын алууда ветеринардын ролу кандай?
4. Ветеринардык кесиптин адамдын жашоосунда айлана-чөйрөнү сактоодогу кызматы эмнеде?
5. Үйүңөрдөгү айбанаттарга, канаттууларга ветеринардык кызматтан пайдаланасыңарбы?


**Тапшырма 1.2.** Сүрөттөр менен иштөө. Төмөнкү берилген жаныбарларга кандай ветеринардык жардам көрсөтүлөт?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

Атоочтуктар да эки же андан көп сөздөрдүн айкалышып айтылышы аркылуу жасалат. Мындай атоочтуктар синтаксистик жол менен жасалган, же татаал атоочтуктар деп аталат.

**Тапшырма 1.1.** Өз алдынча иштөө.Текстти окуп чыгып, атоочтуктарды көчүрүп жазгыла жана алардын ичинде кайсы бири татаал атоочтуктар экендигин аныктагыла, кандай жасалгандыгын түшүндүрүп бергиле.

**Тапшырма 1.2.** Бумеранг усулу.Ишке ашыруу.

Синтаксистик жол менен жасалган атоочтуктарды көчүрүп жазгыла. Эмне үчүн атоочтук экенин далилдегиле.

Атоочтуктардын морфологиялык белгилерин жана синтаксистик кызматын аныктагыла.

1. Өткөн-кеткен кишилер ушул ак сарайга токтошот.
2. Болор-болбос иш үчүн, кейигениң бир тыйын.
3. Ичпес-жебес адамдар сараң болушат.
4. Сатылбаган бөз карып, айтылбаган сөз карып.
5. Көргөн-билген адам жок.
6. Бербес адам укпас.
7. Билим алуучу, окуучу жаштар бизден чыгат.
8. Ал билмексенге салды.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Кластер» методу менен иштөө. Тексттен алынган жөнөкөй жана татаал атоочтуктарды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

***1-топко:*** ***2-топко:***





Атоочтуктар этиштик, сын атоочтук жана зат атоочтук касиетке ээ.

**Тапшырма 1.3.** «Даймонд» стратегиясы менен иштөө. Тексттеги атоочтуктардын этиштик белгилерин аныктоо боюнча төмөнкү тапшырманы аткаргыла.

| Үлгү: | Шарты: | Мисалдар: |
|---|---|---|
| 1. | Кыймыл-аракетти билдириши: | |
| 2. | Учур чактык маанини: | |
| 3. | Келер чактык маанини: | |
| 4. | Өткөн чактык маанини: | |
| 5. | Өзүнөн алдынкы сөзду жөндөмөдө турушун талап кылышы: | |

**Тапшырма 1.4.** «Мээ чабуулу» методу.Тексттен мамиле этиштерди уюштуруучу мүчөлөрдөн (бар,-ын,-ыш-,ыл,-кар) кийин атоочтукту жасоочу мүчөлөр уланган сөздөрду таап жазгыла жана алардын айрымдарына сүйлөмдөр түзгүлө.




-ган, -ар, -бас-оочу, -уучу,-а+элек, ып+-жаткан, -гындай, -максан -ар -бас -уучу, -өөчү (-учу, -чү)
-а + элек; й + элек
-а + турган
-ып + жаткан (жүргөн)
-гындай
-максан



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.5.** Төмөнкү үлгү боюнча этиш сөздөргө атоочтуктарды жасоочу мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла. Атоочтуктарды уңгу, мүчөгө ажыраткыла. Суроо берүү аркылуу атоочтуктардын этиштик белгисин түшүндүргүлө.

Үлгү:

| Этиш сөздөр | Атоочтуктар |
|---|---|
| Кет | кеткен, кетер, кетпес, кетүүчү, кете элек, кете турган, кеткидей, кетмексен ж. б. |
| Бар | |
| Отур | |
| Айт | |
| Кел | |
| Бер | |

**Тапшырма 1.6.** Тексттен сын атоочтук маанидe колдонулган сөздөрдү көчүрүп жазып, аларга суроолор берип, сын атоочтко окшош белгилерин атап көрсөткүлө.

**Тапшырма 1.7.** Окуп чыгып, атоочтуктарды тапкыла. Суроолорун берүү аркылуу алардын атоочтук же этиштик белгилерин аныктагыла. Уңгу, мүчөгө ажыраткыла.

1. Коркконго кош көрүнөт. 2. Мен туулуп-өскөн айылыма жакында барам. 3. Заводдо, иштечү жумушчулар чогулушту. 4. Агам фабрикада иштечү. 5. Арпа кылкансыз болбос, жүн кылчыксыз болбос. 6. Болбос ишке болушпа. 7. Булар – экскурсияга, баруучулар. 8. Кырчылдаган суук Ала-Тоону кайтарып турду. 9. Күлгөндүн билгени бар. 10. Эринчээкке бак конбос.

## Топтор менен иштөө

Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, биринчи топтун окуучулары атоочтуктардын атоочтук белгилерин, экинчи топтун окуучулары этиштик белгилерин аныктагыла, эрежелерин түшүндүргүлө, синтаксистик милдетин түшүндүргүлө. Атоочуктардын оң жана терс формаларына мисалдар келтиргиле.

1. Көргөн, билген адам жок. 2. Жаш карыбас болсочу, жашыл оңбос болсочу. 3. Салам айткан сөзүңө, толкунданып турамын. 4. Келер кишилер келишти. 5. Шахмат ойноочу балдар мектепке



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чогулушту. 6. Айтып жаткан сөзүмдүн сыры да ушул. 7. Кемибес хандын бир татым тузу кемиптир. 8. Мөөрөгөн уйдун, үргөн иттердин, балдарын чакырган энелердин, кишенеген жылкылардын үндөрү угулат.

**Тапшырма 1.1.** Тексттен заттык мааниде колдонулган атоочтуктарды көчүрүп жазып, эмне үчүн заттык маниде колдонулгандыгын түшүндүрүп бергиле.

**Тапшырма 1.2.** Өз алдынча иштөө. Окуп чыгып, заттык маанидеги атоочтуктарды тапкыла. Суроолорун берүү аркылуу эмне үчүн заттык мааниде колдонулуп жаткан себебин түшүндүргүлө. Түшүп калган аныкталгычын тапкыла.

1. Эгиндин жайын эккен билет, арабанын жайын чеккен билет. 2. Тил албасты жумшаганча, тына-тына өзүң бар. 3. Коркконго кош көрүнөт, кошогу менен беш көрүнөт. 4. Көрбөс төөнү да көрбөйт. 5. Сүйлөөчү көп сүйлөйт, угуучу аз сүйлөйт. 6. Кылганың эл үчүн болсо, үйрөнгөнүн өзүң үчүн. 7. Сүйбөскө сүйкөнбө. 8. Мектеп үйрөтпөгөндү жокчулук үйрөтөт. 9. Бара жаткандар – биздикилер. 10. Жан аяган эр болбойт. 11. Кушту салган кубанат.

Топтук ыкма. Төмөнкү берилген этиш сөздөргө атоочтук жасоочу мүчөлөрдү улап, биринчи топтун окуучулары сын атоочтук, экинчи топтун окуучулары зат атоочтук, үчүнчү топтун окуучулары этиштик белгилерине мисалдар келтирип, сүйлөмдөр түзгүлө. Суроо берүү аркылуу далилдегиле.Алардын ортосундагы өзгөчөлүктөрдү айтып бергиле.

1. Ал, жаз, бер, кел, кет, бар, элек, ж.б. *Үлгү*: отур – отурган, отурбас, отурар, отуруучу (отурчу), отура элек, отуруп жаткан ж.б. 2. Отурган балдар сүйлөштү. Отургандар сүйлөштү. Болбос ишке болушпа. Болбоско болушпа.

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Накыл сөздөр

Ачык оозго сөз айтпа, сырты коозго көз артпа.
Баатыр жол баштайт, чечен сөз баштайт.
Сыр аяктын сыры кетсе да, сыны кетпейт.
Устадан шакирти өтүптүр.

## Текст менен иштөө

### Келечек кесиптери. Мен келечекте ким болгум келет?



Мен келечекте мага жаккан кесип боюнча иштегим келет. Мага программист болгон жагат. Биринчиден, программист эч качан жумушсуз калбайт. Ал бардык өндүрүштө керек. Экинчиден, программист жакшы эмгек акы алат.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бүгүнкү күндө ар кандай кызыктуу кесиптер көп. Алардын ичинен мага дарыгерлик кесип абдан жагат. Ал абдан керектүү кесип. Анткени дарыгер адамдын ден соолугу үчүн күрөшөт. Бул кесипке ээ болуш үчүн өтө көп окуш керек. Дарыгерлик кесип адам өмүрүн сактоодо чоң жоопкерчиликти талап кылат.



Мен пианист болгум келет. Ошондуктан мен башталгыч класстан баштап музыкалык ийримге катышам. Пианист болуу үчүн ноталарды үйрөнүп, көп эмгектениш керек.



Мен келечекте мугалим болгум келет. Бул кесип ардактуу, анткени мугалим балдарга билим берет. Мугалим болуш үчүн мен көп окушум керек.

**Топтор менен иштөө**

Топтордо тексттер менен таанышып, аталган кесиптер боюнча маалыматты толуктап айтып бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***1-топко:***

## Дарыгер



Бул кесип илгери эле пайда болгон. Аны адамзат менен жашташ деп койсо болот. «Врач» деген сөз славянчадан которгондо «сыйкырдуу» деп аталат. Мезгил өткөн сайын жакшы дарылоо үчүн тийиштүү билим менен тажрыйба керектелери байкалды. Ассирияда, Вавилондо, Египетте, ошондой эле Кытай менен Индияда табыптар дарылоонун улам жаңы жолдорун табышкан. Ал эми жазуу пайда болгондо дарыгерликтин баа жеткис мындай ачылыштарын кийинки муундарга калтырууга шарт түзүлгөн. Божомолдо XVII кылымдан баштап, медицина тез өсө баштады. Ал эми азыркы учурда медициналык адистердин даярдоо деңгээли жогору көтөрүлүп, саламаттыкты сактоо системасы жакшы жолго коюлган.

***2-топко:***

## Ашпозчу



Ашпозчулук кесипке баа берүү кыйын жагдай. Бул кесип бүткүл дүйнөдө эң кеңири таралган жана өтө керектүү кесип болуп эсептелет. Даамдуу тамакты тез жасап коюш адамдардын колунан келет, бирок ашпозчунун алдына өтө алышпайт. Мыкты ашпозчулардын жасаган тамактары даамдуу, көркөм чыгармалар деп аталат. Алардын максаты адамдарды тойгузуп коюу болуп гана саналбастан, бышырган тамактарына өзгөчө даам, жыт, көрк берип, адамдардын маанайын көтөрүп, сезимдерин да азыктандырууга шарт түзөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тексттеги маалыматтын жыйынтык ыкмасы боюнча суроолор**

1. Кандай деп ойлойсуңар, кайсы кесипке ээ болуу оңой?
2. Кайсы кесипте жоопкерчилик көбүрөөк?
3. Ар бир адам дарыгер боло алабы?
4. Ар бир адам ашпозчу боло алабы?
5. Эки кесипке тең ээ болуш үчүн адамдар эмне кылыш керек?

| Дарыгер | Кесиптердин окшоштуктары | Ашпозчу |
|---|---|---|
| | | |

**Тапшырма 1.1.** Текст боюнча төмөнкү суроолорго жооп бергиле

| Кесип | Эң керектүү сапат |
|---|---|
| мугалим | |
| өрт өчүрүүчү | |
| бийчи | |
| ырчы | |
| балыкчы | |
| тигүүчү | |
| ашпозчу | |
| кызматчы | |
| врач | |
| илимпоз | |
| жазуучу | |
| кароолчу | |
| дүкөнчү | |
| элчи | |
| дарыгер | |
| айдоочу | |

Өзбекстандагы белгилүү адамдардын кесиби жөнүндө төмөнкү үлгүнү колдонуп, айтып бергиле.

1. Белгилүү адамдын аты-жөнү
2. Жашаган өлкөсү
3. Кесиби
4. Жетишкендиктери (же эмнеси менен дүйнө жүзүнө белгилүү?)
5. Анын негизги сапаттары
6. Сага жаккан сапаттары. Эмне үчүн?

**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү сүрөттөрдөгү кесиптерди карап чыккыла, кайсы кесип Өзбекстанда сейрек кездешет? Эмне үчүн?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



милиционер



баскетболчу



футболчу



ашпозчу

## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

Эсиңерге сактагыла! Атоочтуктар этиштик сын атоочтук, заттык мааниде колдонулуп, сүйлөм ичинде кандай? кайсы? кимдин? деген суроолорго жооп берип, аныктоочтук, толуктоочтук, бышыктоочтук жана баяндоочтук милдет аткарат.

**Тапшырма 1.1.** Жогоруда берилген тексттен атоочтуктарды көчүрүп жазып, алардын кандай синтаксистик милдет аткаргандыгын аныктагыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| Атоочтуктар | Кайсы сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат? |
|---|---|
| | |
| | |
| | |
| | |

**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, атоочтуктарды тапкыла. Алар сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарып тургандыгын суроо берүү аркылуу далилдегиле. Атоочтуктарды уюштурган мүчөлөрдү аныктагыла.

1. Чыдаган билет, издеген табат. 2. Алчактата ат минип, кийгендери ичти-тышты баркыт. 3. Карыбас адам болбос, арыбас ат болбос. 4. Берерге бешимде кымыз, бербеске эртең менен саамал. 5. Көрө албасты көрбөй койгон оң. 6. Жөнөй электерди күттүк. 7. Бригаданы башкаруучу Асантай келди. 8. Асантай бригаданы башкаруучу. 9. Аткан мергенчи эмес, тийгизген мергенчи. 10. Туура сүйлөгөндөн уялба.

**Топтор менен иштөө**

Броундук кыймылы методу. Биринчи топтун окуучулары морфологиялык жана синтаксистик жол менен атоочтуктарды жасап, аларга сүйлөмдөр түзгүлө, экинчи топтун окуучулары алардын синтаксистик милдетин аныктагыла.

Башка сөздөр менен ажыралгыс бирдикте айтылган, атоочтуктарды уюштуруучу мүчөлөр (-ган, -ар, -бас, -оочу,-уучу, -чу, -а + тур, -а+ жат, -а+ жүргөн, -ып+ жүргөн, -а + элек, -й + элек) менен аяктаган, биригип келип, бир гана суроого жооп берген, бир гана сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарган сөз тизмектери атоочтук түрмөк деп ататлат.

-а + элек, -й + элек) менен аяктаган, биригип келип, бир гана суроого жооп берген, бир гана сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарган сөз тизмектери атоочтук түрмөк деп аталат.

М и с а л ы: Таягын аркасына каруулаган Бакыт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.4.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, атоочтук түрмөктөрдү тапкыла жана синтаксистик кызматын аныктагыла.

1. Батманы нечен ирет молдолорго көрсөткөн Айткулу далай чыгым болду. 2. Китебин көпкө чейин окуп отурган Жапар ордунан турду. 3. Сары жоргонун оозун коё берүүчү убакыт эми келди. 4. Күндө мектепке эрте келип туруучу Жамыйла бүгүн көрүнгөн жок. 5. Шаардан чакырыла элек меймандар эми келишти. 6. Баятан бери башын салаңдатып отурган чабарман эми гана өйдө карады. 7. Сайдагы катуу күркүрөп аккан дайранын шары кулакка дайын угулду. 8. Уурунун изи сууй электе издөө салуу керек. 9. Бизди көздөй акырын жылып келе жаткан солдаттар көрүндү.

**Тапшырма 1.5.** «Даймонд» стратегиясы менен иштөө.Төмөнкү берилген тапшырма боюнча атоочтук түрмөктүн синтаксистик милдетин аткарышына сүйлөмдөр түзгүлө.

| Үлгү: | Шарты: | Мисалдар: |
|---|---|---|
| 1. | Тутумдаш ээ: | |
| 2. | Тутумдаш баяндооч: | |
| 3. | Тутумдаш аныктооч: | |
| 4. | Тутумдаш толуктооч: | |
| 5. | Тутумдаш бышыктооч: | |

Окуп чыгып, -ган, -ар, -бас, -уучу, -оочу, -чу, -а + (тур), -а + (жат),-а + (элек), -й + (элек) мүчөлөрү уланган сөздөрдү тапкыла. Биринчи топтун окуучулары бул сөздөрдүн атоочтук мааниде колдонулгандыгын, экинчи топтун окуучулары атоочтук эмес түрдө колдонулган сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, алардын эмне үчүн атоочтук экенин, же атоочтук эмес экенин далилдегиле. Суроолорун белгиле.

1. Эмгектенбес адам ач калат. 2. Жалкоо адам эч качан эмгектенбес. 3. Көпкө чейин көз ирмебей чыгуучу, жанталашып көп аракеттене берүүчү Ышкыналы азыр үргүлөп отурат. 4. Ышкыналы көпкө чейин көз ирмебей чыгуучу, жанталашып, көп аракеттене берүүчү. 5. Калайыкты бийлеген, аял чыгат деп уккам. 6. Аял калайыкты бийлеген. 7. Ойной турган футболисттер талаага чыгышты. 8. Футболисттер талаада ойной турган.

***1-топко:*** ***2-топко:***






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Атоочтуктарды морфологиялык жактан талдоонун үлгүсү
Оозеки талдоонун үлгүсү.

Окуган балдар келишти. Окуган – атоочтук, уңгусу – оку, буйрук ыңгай, мүчөсү -ган, -ган – атоочтукту уюштуруучу мүчө. Окуган кайсы? деген суроого жооп берип турат, кайсы балдар? Окуган – атоочтук. Кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсөтөт.

Баруучу кишилер. Баруучу – атоочтук, уңгусу – бар, буйрук ыңгай, мүчөсү -уучу, атоочтуктарды уюштуруучу мүчө. Кайсы кишилер? – баруучу.

**Тапшырма 1.4.** Текстте берилген атоочтуктарга морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

Өз алдынча иштөө. Төмөнкү берилген атоочтуктарга морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

1. Өзү тойбостун, көзү тойбос. 2. Берер киши берешен. 3. Билген киши билерман. 4. Көрүнгөн тоонун ыраагы жок. 5. Көптү билгенге жолдош бол. 6. Баруучу жерибиз ыраак. 7. Айтыла элек сырлар бар. 8. Айтылып жаткан чырлар бар. 9. Токтогул эл аралап көп баруучу. 10. Ээсинин мөгдөп жатканын Гүлсарат көргөн эмес. 11. Туулуп-өскөн жеринин эске түшөрүн ал эми сезди. 12. Көрүнгөн токойго бекинген душманды таап келүүгө абышка жөнөдү. 13. Күн чыкканча уктаган көп иштен кур калат.

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Накыл сөздөр

Агын сууда арам жок.
Жаратылыш – жашоо булагы.
Уу – адамдын жаны.
Тамчы суу – өмүр азыгы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# V БӨЛҮМ. ЖАШ ЭКОНОМИСТ



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Текст менен иштөө



### ПАДЫША МЕНЕН СҮРӨТЧҮ

Биз баарыбыз даанышман падыша башкарган аралдабыз. Падышанын Акварель аттуу сүрөтчүсү болгон экен. Сүрөтчү аралдын жээгинде сейилдегенди, деңиз жээкке алып чыккан кичинекей жарк-журк эткен буюмдарды чогултканды жакшы көрчү. Алардын айрымдарын ал ачык түстөргө боёп салчу. Акварель анын предметтери баарына жагат деген ишенимде болгондуктан, аларды тамак-ашка, кийимге жана башка буюмдарга алмаштырып көргөнгө аракет жасады. Бирок эч ким буга макул болгон эмес. Ошол эле аралда балыкчы да жашачу. Бир жолу анын апасы ооруп калып, чукул арада дары-дармек керек болду. Балыкчы балыгын көтөрүп алып, аны дарыга алмаштыруу үчүн дарыгерге жөнөдү. Бирок дарыгер мындай алмашууга көнгөн жок. Дарыгерден кайтып келатканда анын алдынан падыша жана анын сүрөтчүсү чыгат.

Падыша: Ооба, дарыны оңой эле тапчудай эмессиң. Мынча күч-аракетти жөн эле корото бербей, бир нерсе ойлоп табышыбыз керек.

Сүрөтчү: Таптым! Бизге ар ким өз товарын башкасына алмаша ала тургандай буюм керек.

Падыша: Эмнеге мынчалык капасың, балыкчы?

Балыкчы: Энем ооруп калып, ага дары керек болуп турат. Бирок дарыгерге менин балыгым эмес, кокостон жасалган сүт



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

керек экен. Мен кокостун ээсине барсам, ага дагы балык керек эмес экен. Ал чымын-чиркейден коргогон торчону сурады.

Падыша: Жок, балык тез эле бузулуп кетет жана адатта көлөмү да чоң болот. Ал эми бизге чакан, жеңил жана бышык буюм керек болуп турат.

Сүрөтчү: Анда бул менин кичинекей, жарк-журк эткен предметтерим болсочу...

1. Кандай деп ойлойсуңар, бул диалогдо сөз эмне тууралуу болуп жатат? Алмашуу деген эмне?
2. Алмашууну дагы башкача кантип аташат?
3. Силер мектепте досторуңар менен бир нерселерди алмашкан учурлар болобу?
4. Бартер дайыма эле жардам береби? Мындай учурда адамдар эмнелерди жасай алат?
5. Сизге керек болгон нерсени алуу процессин жеңилдетүү үчүн кандай механизмдер же каражаттар колдонулса болот?

Акча – өнүм жана кызматтар үчүн төлөөнү ишке ашырууга арналган атайын айырбаштоо каражаты.

Акчанын биринчи функциясы – акча бул мамиле каражаты саналат. Акчанын жардамында товарлар акчага айырбашталат. Экинчиден, ар бир товардын наркы акча менен ченелет.

**Тапшырма 1.5.** Сүрөт менен иштөө.

– Апам мага бир сонун акыл айтты: «Чукул чечим кабыл алба!».

– Бул эмнени билдирет?



– Кечээ апамдан мага жаңы рюкзак сатып берүүнү сурандым. Бирок ал макул болгон жок. Себеби анын оюнча, менин мектепке тагынып жүргөн рюкзагым дээрлик жаңы жана көрүнүшү дурус экен. Мен албетте адегенде капа болдум, анткени жаңы, саркеч жана ыңгайлуу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

рюкзак алгым келген. Каалаган нерсеңдин баарын алган кандай жакшы. Бирок апам эгерде каалаган нерсенин баарын эле ала берсең, анда чындап зарыл болгон нерселерге акча жетпей калышы мүмкүн экенин айтты.

– София, зарыл болгон нерсе менен каалаган нерсе бул дайыма эле окшош эмес экенин билген эмес белең?

– Мурда мен бул тууралуу ойлонгон эмесмин жана акчаны көп сарптачумун. Эмне үчүн кирешенин көбөйүшү менен чыгаша да көп болоорун, өз каалооңду керектөөлөрдөн кантип айырмалаш керектигин билгим келет.

– Атам да мага көп айтат: «Балам, алдыңа максат койгонду үйрөн. Сени билимдүү керектөөчү катары көргүм келет.

**Талкуу үчүн суроолор**

1. Зарыл болгон нерсени кандай тандайсыңар?
2. Же каалаган нерсени тандоо керекпи?
3. Акчаны кайсы бирине сарптоо керек деп ойлойсуңар?
4. Акчаны кандай пайдалануу керек экен?

## Текст менен иштөө

### БАЗАР

Базар – кардар менен сатуучулар алды-сатты жараянын ишке ашыруу үчүн жолугуучу жер. Базарлар анда сатылган товарларга карай керектүү товарлары, өндүрүш каражаттары, финансы, эмгек, интеллектуалдык товарлар базары сыяктуу түрлөргө бөлүнөт.

Калк үчүн зарыл болгон товар жана кызматтар керектөө товарлары базарында сатылат. Биз жакшы билген дыйкан базары, мал базары, машина базары, турак-жай базары, дүкөндөр, супермаркеттер, ашкана, наабайкана, транспорт, байланыш, электр, суу, газ жылуулук менен камсыздоочу ишканалар, чачтарачкана, маданият, саламаттыкты сактоо, билим берүү мекемелери – керектөө товарлары базарын түзөт.

Керектөө товарлары базары – калк, үй-бүлөлүк чарбанын керектөөлөрү үчүн зарыл товар жана кызматтар сатылчу базар.

Базар төмөнкү милдеттерди аткарат:

– өндүрүш менен керектөөнү бирин-бири байланыштырат жана алардын ортосунда ортомчулук кылат;

Алды-сатты жараяны аркылуу товардын баасын белгилейт; экономиканы, өндүрүштү жөнгө салып турат;

– түрдүү мамлекеттердин ортосунда экономикалык шериктештик байланыштарын орнотот;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Товарды болжолдогудан кымбатыраак баада сатып алган кардар же товарды арзаныраак баада саткан сатуучунун бирөө да базардан ренжибейт. Базар –товардын баасын белгилеген эң калыс судья.

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**


1. Байыркы заманда өнүмдөрдү айырбаштоо жараяны жөнүндө кандай маалыматтар берилген?
2. Ар кандай нерсенин акчанын ордун баса албастыгы кандай мисалдар менен чагылдырылган?
3. Акчаны кандай пайдалануу керектиги жөнүндө берилген маалыматты тексттен мисал келтир.
4. Базар кандай милдеттерди аткарышы жөнүндө кайсы текстте берилген?
5. Базар товарларды өз ара айырбаштоо жана алмаштыруу мүмкүнчүлүгүн жаратышы боюнча текстте кандай маалыматтар бар?
6. Базарлардын түрлөрү кандай кызматтарды аткарышы жөнүндө текстте маалымат берилгенби?

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Акчанын ар бир функциясын айкын көрсөтүүчү турмуштук мисалдар келтир.
2. Сенин оюңча акча кандай өзгөчөлүктөргө ээ болуу керек?
3. Базар болушу үчүн ар дайым эле атайын ажыратылган жердин болушу шартпы?
4. Базарлар түрлөрүн айтып бер. Өндүрүш каражаттары базарынын керектөө товарлары базарынан айырмасы эмнеде?
5. Жергиликтүү, аймактык, улуттук жана эл аралык базарларга мисалдар келтир.

**Тапшырма 1.1.** Сүрөттөр менен иштөө. Төмөнкүдө берилген сүрөттөрдө кандай базарлар көрсөтүлгөн?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




1. Бул товарлардан кайсы бири силерге өтө керектүү жана кайсылары силер каалаган буюмдар? Кайсы бирин сатып алган болор элеңер?



2. Келгиле, текстти окуп, экономиканы билели.

## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эсиңерге сактагыла! Чакты жана жакты көрсөтпөй туруп, негизги этишти тактап көрсөтүү үчүн анын кошумча кыймыл-аракетин билдирген, сүйлөм ичинде бышыктоочтук милдет аткарган этиштин өзгөчө түрү чакчылдар деп аталат. Чакчылдар накта чакчылдык мааниде турганда кантпип? кандай? кайсы убакка чейин? качан? качанга чейин? качантан бери? эмнеликтен? эмнеге? эмне үчүн? эмне себептен? деген ж.б. суроолорго жооп берет.

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыгып, чакчылдарды аныктагыла. Аларга суроолор берип, морфологиялык белгилерин түшүндүргүлө.

**Тапшырма 1.2.** Тексттен жана төмөнкүдө берилген сүйлөмдөрдөн таблицада көрсөтүлгөн мүчөлөр аркылуу жасалган чакчылдырды көчүрүп жазгыла.

1. Жапар заводдон иштегени келди. 2. Эки жагына карабай арабакеч аттарды чарчагычакты айдады. 3. Ай чыккынчакты кырманда иштеп жүрдүк. 4. Айшанын жакшы иштери бизге аябай жакты. 5. Таң атканча иштедик. 6. Жакшы эмгектенип, жакшы иштемейинче, жакшы турмуш кайда? 7. Акча издегенче, арга изде.

| 1. -ып (ип, -уп, -үп), - | 2. -а ( е, -о, -ө), -й, -бай (ба + й): | 3. -ганы, -каны: (варианттары менен) | 4. -ганча (гыча), -канча (-кыча) (варианттары менен) | 5. айынча (-мейинче, -моюнча, -мөйүнчө ) | 6. -гычакты (кычакты) (варианттары менен |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |

## Топтор менен иштөө

Топтук ыкма. Төмөнкү берилген этиш сөздөргө чакчылды уюштуруучу мүчөлөрдү улап, сүйлөмдөр түзгүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жаз, оку, иште, аткар, ойно.

кел, ойло, оку, чык, камчыла, бак, ойло, камчыла.

Тексттен негизги кыймыл-аракетти билдирген чакчылдарды көчүрүп жазып, алардын милдеттерин айтып бергиле.

Үлгү: *Биз ала бардык. Алар келе берди*.

Эсиңерге сактагыла! Чакчылдар да, тактоочтор да негизги кыймыл-аракеттин аткарылышындагы ар түрдүү кырдаалын (максатын, себебин, мезгилин ж.б.) билдирет.

**Тапшырма 1.3.** Өз алдынча иштөө. Сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, чакчылдардын тактоочко окшош белгилерин түшүндүргүлө. Негизги кыймыл-аракеттин максатын, себебин, мезгилин ж.б. билдирген кошумча кыймыл-аракетти тапкыла.

1. Танабай Гүлсарыны жазбай тааныды. 2. Биз силер менен сүйлөшкөнү келдик. 3. Сүйлөй-сүйлөй чечен болот, көрө-көрө көсөм болот. 4. Бурулча кымызды толтуруп куйду. 5. Карагайдын көк-жашыл бүчүрлөрү, бутактары жайылып, кээде теңселип, шуулдай берди. 6. Кулүйпа Сайраны жетелеп келип, биринчи класстын балдарына кошуп отургузду. 7. Мугалим келгиче, Бүбү күтүп турду.

**Тапшырма 1.4.** Тексттеги берилген чакчылдардын кайсы бири сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарып жаткандыгын аныктагыла.

**Тапшырма 1.5.** Төмөнкү этиштерди катыштырып, сүйлөм түзгүлө. Негизги кыймыл-аракетти жана кошумча кыймыл-аракетти билдирген этиштерди тапкыла. Кошумча кыймыл-аракетти билдирген этиштерди уңгу, мүчөгө ажыраткыла.Чакчылдын этишке окшош белгилерин аныктагыла.

Амандашып көрүштү. Чарчамайынча иштешет. Барганы жүрүшөт. Окумайынча билишпейт. Келгичекти жөнөп кетишти.

## Топтор менен иштөө

Топтук ыкма. Биринчи топтун окуучулары кош мамиле этиштен (-ыш) кийин, экинчи топтун окуучулары аркылуу мамиле этиштен -дыр) кийин чакчылды уюштуруучу мүчөлөрдү улап, мамилелик маанини билдирген чакчылдарды жасап, сүйлөмдөр түзгүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Үлгү: ***1-топко:*** ***2-топко:***

| 1-топко | 2-топко |
|---|---|
| иштешип, барышмайынча, келишип ж.б. | жаздырганы, келдирмейинче, бардырганы ж.б. |

Сүйлөмдөрдөн чакчылдардын этишке окшош белгилерин таап, кандай жолдор менен уюшулуп жатканын аныктагыла. Чакчылдардын эрежесин, эмне үчүн этиштин өзгөчө түрү экендигин айтып бергиле. Чакчылдар катышкан татаал этиштерди сөздүн курамына ажыраткыла. Синтаксистик кызматын аныктагыла.

1. Дос куйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат. 2. 200 дөй жылкыны жайлоого айдап кетип бара жатабыз. 3. Ажарга көп нерселердин улуганы, үргөнү даана угулду. 4. Болгон кепти төкпөй-чачпай айтып бердим. 5. Өз жумушумду аткармайынча, санаам чыдабайт. 6. Айылга жеткиче, сүйлөшүп бардык. 7. Шатыратып күн жааса, жерге жагат дечү эле.

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |

## Накыл сөздөр

Максат менен соккон жүрөк, бакыт менен өмүр сүрөт.
Максаты бийик алдатпайт, кыялы күлүк карматпайт.
Сабырдуулук – акылмандуулуктун шериги.
Максатты ишке ашыруу убакытка көз каранды.

## Текст менен иштөө

### ЧОҢ АТАМДЫН ПЕНСИЯСЫ

Эрте таңдан Абдурасул атанын шашып тынчсызданганын көргөн небереси Акылбек – Чоң ата, эмнеге маанайыңыз жок? – деп сурады.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Жакшы, балам, баары жакшы. Бүгүн айыл өкмөттөн ушул айдын пенсиясы берилет деген кабар келген. Бирок пенсияда жок, аны берүүчү адиси да жок.

– Ай, атаке, ошол элеби? Бүгүн бербесе, эртең берет, сизге акча азыр керекпи?

– Ооба, өзүмө болсо күтүүдөн тажабайм, кудайга шүгүр, мамлекет биз улууларды урматтап, ай сайын пенсияны берип, жыргал жашоо куруп берип жатат. Бирок, бүгүн башкача күн,..

– Чоң ата, бүгүн эмнеге башкача күн?

– Балам, бүгүн чоң энеңдин туулган күнү. Пенсия алсам, чоң энеңе белек алып, көңүлүн көтөрүп, майрамдайлы деген элем.

– Ай, атаке , мен такыр унутуп калыптырмын-го. Мен да белек даярдап койгон элем.

– Кандай белек, балам?

– Бактылуу үй-бүлөбүздүн сүрөтүн тарткам.

Ошол замат дарбазанын коңгуроосу кагылып, «Абдурасул ата, пенсияңызды алып келдик» – деп эки адам кирип келди.

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Текстте эмне жөнүндө ой бөлүштүрүлдү?
2. Пенсия жөнүндө текстте маалымат берилгенби?
3. Чоң атанын пенсиясы эмне үчүн керек болду?

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Чоң ата эмне үчүн тынчсызданып жатты?
2. Карыяларга эмне үчүн пенсия берилет?
3. Бактылуу карыялар дегенде эмнени түшүнөсүңөр?

## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

Эсиңерге сактагыла! Чакчыл мүчөлөр (ып, -а, (е, -о, -ө), -й, -ганы, -ганча (-гыча), -майынча) менен аяктаган, сөз, тизмектери бир нече сөздөрдүн байланыштуу тизмегинен туруп, алар биригип келип, бир гана суроого жооп берген, бир гана сүйлөм мүчөсүнүн (бышыктоочтун) милдетин аткарган сөздөр чакчыл түрмөк деп аталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.1.** Берилген сүйлөмдөрдөн чакчыл түрмөктөрдү аныктап, эмне үчүн чакчыл түрмөк экендигин жана алардын синтаксистик кызматын түшүндүрүп бергиле.

1. Менин уялганымды билип, Алиман эч нерсени сездирген жок. 2. Казанбактай көмкөрүлүп, бүткүл макулукту кучагына алып, Ай жаркырап чыга келди. 3. Кеминден батышты карай чубалып, Керме-Тоо заңкаят. 4. Сага келчү элем го, арман-муңумду айтып, оюмду тең бөлүшүп. 5. Аттарды кошуп, арабаны кайырганча, Жамийла наркы жакта иштеп жатышкан келиндерге чуркап кетиптир. 6. Батыш энелеринен аябай уялып, аларды сыйлачу.

**Тапшырма 1.2.** «Даймонд» стратегиясы аркылуу чакчыл түрмөктүн сүйлөм ичиндеги орду жана аларга коюлуучу тыныш белгилер боюнча төмөнкү тапшырманы аткаргыла.

| **Үлгү**: | **Шарты:** | **Мисалдар:** |
|---|---|---|
| 1. | Сүйлөмдүн башында келсе: | |
| 2. | Сүйлөмдүн ортосунда келсе: | |
| 3. | Сүйлөмдүн аягында келсе: | |
| 4. | Бир өңчөй мүчө түрүндө келсе: | |

Эсиңерге сактагыла! Чакчылдарды жана чакчыл түрмөктөрдү морфологиялык жактан талдоонун тартиби:

Оозеки талдоонун үлгүсү

Жер томсоруп гана турат. Томсоруп – чакчыл, этиш, уңгусу – томсор, буйрук ыңгай, мүчөсү -ып. Турат деген негизги этиштин кошумча кыймыл-аракетин билдирди. Бармайынча – чакчыл, унгусу – бар, буйрук ыңгай, мүчөсү – майынча – чакчылды уюштуруучу мүчө. Алганча – чакчыл, уңгусу – ал, буйрук ыңгай, мүчөсү – ганча – чакчылды уюштуруучу мүчө.

-ганча – чакчылды уюштуруучу мүчө.

мүчөсү – майынча – чакчылды уюштуруучу мүчө.

Алганча – чакчыл, уңгусу – ал, буйрук ыңгай, мүчөсү

-ганча – чакчылды уюштуруучу мүчө.

**Тапшырма 1.3.** Текстте берилген чакчылдарга морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Топтор менен иштөө

Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, биринчи топтун окуучулары чакчылдарды, экинчи топтун окуучулары чакчыл түрмөктөрдү аныктап, алар боюнча морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

1. Гүлсары элире жүрүп кетти.
2. Танабай көпкө ойлонуп отурду.
3. Батманын айылы Ак-Өгүздү аша качышты.
4. Аман калган эл жөө-жалаңдап жөнөштү.
5. Айганыш шашылыбыраак сүйлөп жатты.
6. Ал кабар бергиче келди.
7. Танабай жоргого укурук салып, өзү айылга коштой жөнөдү.
8. Качкындар жете келишти.
9. Күн бүркөлүп, жааганы турат.
10. Мусулманкул тоо таянып чегинди.

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |

## Накыл сөздөр

Накыл сөздөр жашоо булагы,
Жер-тирүүлүктүн касиеттүү үйү.
Жоого жалынба, доско таарынба.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# VI БӨЛҮМ. ИЛИМ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАР



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Текст менен иштөө

### ФИЗИКА ЭМНЕ ҮЧҮН КЕРЕК?

Физика табият жөнүндөгү илим. Табият арабдын «ат-табия» деген сөзүнөн алынган. Бизче «жаратылыш», «болмуш» дегенди билдирет. Ошондуктан кыргыз элинде табият менен жаратылыш бирдей мааниде колдонулат. Адамзатты курчап тургандардын бардыгын: жан-жаныбарларды, өсүмдүктөрдү, аба менен сууну, тоо-таштарды, Жер менен Айды, Күн менен планеталарды, алыстагы жылдыздарды да адамдар өздөрү табият же жаратылыш деп атап алышкан. Адам өзү дагы – табияттын ажырагыс бир бөлүгү.

Биринчиден физика – азыркы учурдагы техниканын негизи. Экинчиден, физика – жаратылыштын кубулуштарын, закон ченемдерин түшүнүүнүн ачкычы. Үчүнчүдөн, физика заттардын касиеттерин билүүгө жардам берет. Төртүнчүдөн физика жалпы ааламдын сырын түшүндүрөт. Бешинчиден, адамдын табигый жана илимий көз карашын билдирет.

Физика – материянын түзүлүшү, касиеттери, анын кыймылдарынын закон ченеми, өз ара аракеттеништери жөнүндөгү илим. Физиканын түшүнүктөрү, закондору бардык табият таануунун негизги бөлүгү болуп эсептелет. Физика өтө өнүккөн табият илимдеринин бири жана андан бир нече илимдердин тармактары өзүнчө бөлүнүп чыкты. Физика жалпысынан алганда тажрыйбалык физика жана теориялык физика болуп эки чоң бөлүккө бөлүнөт. Физика негизинен тажрыйбалык илим болуп эсептелет. Анын закондору тажрыйбада алынган фактыларга негизделет.Физиканын закондору физикалык чоңдуктардын өз ара сандык катыштарын көрсөтүп, математикалык формула менен түшүндүрүлүп жазылат. Тажрыйба жаңы фактыларды аныктоо жана белгилүү закондорду текшерүү үчүн жүргүзүлөт. Теориялык физиканын максаты – жаратылыштын закондорун кыска, так айтуу жана кандайдыр айкын (конкретный) кубулушту бул закондордун негизинде түшүндүрүү, ошону менен бирге жаңы кубулуштарды алдын ала айтуу. Ар кандай кубулушту изилдөөдө тажрыйба жана теория бирдей эле зарыл болуп эсептелет жана алар бири-бири менен тыгыз байланышкан. Изилденүүчү объектилердин жана материянын кыймылдарынын түрлөрү өтө эле көп болгондугуна байланыштуу физика бири-бири менен белгилүү даражада байланышкан бир нече бөлүмдөргө бөлүнөт. Изилденүүчү объектилери боюнча: элементардык бөлүкчөлөрдүн физикасы, ядро физикасы, атом



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жана молекулалардын физикасы, газ жана суюктуктун физикасы, катуу нерселердин физикасы, плазма физикасы жана башкалар болуп бөлүнөт.

### Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор

1. Текстте кандай тема боюнча ой бөлүштүрүлдү?
2. Физиканын керектиги жөнүндө кандай маалыматтар берилди?
3. Текстте физиканын түрлөрү жөнүндө түшүнчө берилгенби жана силер бул маалыматка кандай кошумча кирите аласыңар?
4. Физиканын милдеттери боюнча тексттен кандай маалыматтарды алдыңар?

### Тексттеги маалыматтан жыйынтык чагаруу боюнча суроолор

1. Физикалык билим деген эмне?
2. Физика курсунун кандай бөлүмдөрү бар?
3. Физикалык билимдердин түрлөрү кандай?
4. Материя деген эмне?
5. Материялык кубулуш деген эмне?

**Тапшырма. 1.1.** Төмөнкү берилген текстти окуп чыгып, мазмунун түшүндүрүп бергиле жана «Билем – билгим келет – билдим» стратегиясы боюнча текстти талдоо.

**Жүзөгө ашыруу кадамдары:**

**1-кадам:** Тексттин темасы айтылып, доскага жазылат жана төмөнкү таблица боюнча иштешет.

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| | | |
| | | |

**2-кадам:** Таблицанын 1-бөлүгү толтурулат. Тема боюнча билгендерин жазышат. Алгач бир категория боюнча идеяларды жазып, андан кийин калган категориялар боюнча билгендерин талкуулашат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

(Билем) Физика, табият жана турмуш жөнүндө эмнелерди билесиңер?

**3-кадам:** Таблицанын «Билгим келет» бөлүгү толтурулат. Мында окуучулар темага байланыштуу өздөрүн кызыктырган суроолорду жазышат.

| Физкалык нерселер боюнча эмнелерди билесиңер? | Физикалык билимге ээ болуу үчүн дагы эмнелерди билгиңер келет? |
|---|---|
| | |

**4-кадам:** Текстти окууга көрсөтмө берилет . Текстти окуп жатканда 2-бөлүктө жазылган суроолордун кайсынысына жооп тапса, таблицанын 3-бөлүгүнө ошол суроонун номерин коюп туруп жоопту жазуу, андан соң жаңы идеяларды жазуу.

**5-кадам:** Толтурулган таблицанын жыйынтыктарын талкуулашат. (топто, жалпы класста). Дагы жаңы суроолор же идеялар жаралса, таблицага жазылат.

**6-кадам:** Жоопсуз калган суроолор боюнча өз алдынча изденүүгө багыт берилет. Тактап айтканда, жоопту табуу үчүн окуучулар үчүн жеткиликтүү болгон маалымат булактары , эксперттер көрсөтүлүүгө тийиш. Жыйынтыктоо. Мисалы, «Мен байкаган физикалык кубулуштар» деген темада презентация даярдоо.

Тексттен физикалык терминдерди аныктап, төмөнкү берилген таблица боюнча жазгыла.

| Физикалык терминдер | Кайсы сөз түркүмүнү билдириши |
|---|---|
| | |
| | |

## Текст менен иштөө

### ФИЗИКА, ТАБИЯТ ЖАНА ТУРМУШ

Физикалык нерсе – биз касиетин үйрөнүүчү бардык буюмдар, предметтер башкача айтканда, материянын адамдын оюнда түзүлгөн модели. Физикалык нерселер дүйнөдө реалдуу жашайт. Мисалы, автомобиль, поезд, компьютер, кнопка, тамчы, кашык, бешик ж.б.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бирок, алардын бардыгын жалпылаштырып, физикалык нерсе деп атайбыз.

Мисалы, суу – зат, суунун тамчысы – нерсе, темир – зат, темирден жасалган мык – нерсе. Көпчүлүк нерселер бир эле заттан эмес, бир нече заттан турат.

Физикалык билимге ээ болуунун сыналган жолу – бул жаратылышка байкоо жүргүзүү жана тажрыйба жасоо.

Байкоо – бул айлана-чөйрөнүн предметтерине, болуп жаткан окуяларга жана өзгөрүүлөргө көңүл бөлүү, алардын өзгөчөлүгүн талдоо.

Болуп жаткан окуяларга маани берүү, таң калуу жана анын себебин түшүнүүгө аракет жасоо. Мисалы, эмне үчүн Күн эртең менен чыгыштан көрүнөт? Чак түштө эмне үчүн Күн төбөдөн көрүнүп, Жер ысыйт. Эмне үчүн Күн кечинде батыш жакка барып көрүнбөй калат? Көпчүлүк учурда биз буларды элес албайбыз. Ал эми дайыма байкап жүргөн адам сөзсүз анын сырын түшүнүүгө аракет жасайт. Ошондуктан Ааламда, айлана-чөйрөдө болуп жаткан окуяларга кайдыгер мамиле жасабастан, ар дайым көңүл буруп, байкагыч болуу өтө маанилүү.



## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

Эсиңерге сактагыла! Кыймыл-аракеттин, ал-абалдын атын билдирип, жөндөмө, таандык, көптүк (-лар) мүчөлөрү менен өзгөргөн, өзүнө тиешелүү мүчөлөр аркылуу жасалып, этиштик жана зат атоочтук касиетке ээ болгон, сүйлөм ичинде көбүнчө ээлик, толуктоочтук, кээде аныктоочтук, бышыктоочтук милдетти аткарган этиштин өзгөчө формасы (түрү) кыймыл атооч деп аталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


**Тапшырма 1.1.** Мээ чабуулу. Текстти окуп чыгып, кыймыл атоочторду тапкыла. Алардын морфологиялык белгилерин аныктап көрсөткүлө.

а) эмне үчүн кыймыл атооч деп аталышы;
б) составдык бөлүгүн;
в) лексикалык маанисин;
г) грамматикалык белгилерин.

**Тапшырма 1.2.** «Даймонд» стратегиясы методу менен иштөө. Төмөнкү шарттар боюнча кыймыл атоочту жасагыла жана аларга сүйлөмдөр түзгүлө.

| **Үлгү**: | **Эрежеси:** | **Мисалдар:** |
|---|---|---|
| 1. | -оо, өө мүчөлөрү аркылуу: | |
| 2. | -уу, -үү мүчөлөрү аркылуу: | |
| 3. | -ыш, (-иш, -уш, -үш), -ш мүчөлөрү аркылуу: | |
| 4. | -мак (-мек, -мок, -мөк) мүчөлөрү аркылуу: | |
| 5. | -май (-мей, мой, -мөй) мүчөлөрү аркылуу. | |

**Тапшырма 1.3.** «Кластер» методу. Төмөнкү берилген мүчөлөр аркылуу кыймыл атоочту жасап, аларга сүйлөмдөр түзгүлө.




Төмөнкү сүйлөмдөрдөн кыймыл атоочторду тапкыла. Кыймыл атоочтун эрежесин айтып бергиле. Кандай мүчөлөр аркылуу уюшулуп жатканын далилдегиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Болуштукту талашуу элди бузат. 2. Илим үчүн күрөшүү келечек үчүн күрөшүү болот. 3. Турмушту түшүнүү, дүйнөнү таануу коомдук өнүгүштү алга жылдыруу дегендикке жатат. 4. Эгин айдоо байлык айдоого барабар. 5. Чака чапмай, тыйын эңмей, көк бөрү тартмай, жаа тартмай, селкинчек тепмей оюндары башталды. 6. Мактоо жеткирет, чагым өлтүрөт. 7. Айтыш оңой, иштеш кыйын. 8. Бирин-бири сыйлашмак, кошунанын белгиси. 9. Айтмак арзан, иштемек кыйын.

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |

## Накыл сөздөр

Кен асылы жерде, сөз асылы элде.
Адал эмгек абийир таптырат.
Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат.
Илим–окуу булагы, өнөр – турмуш чырагы.

## Текст менен иштөө

### САМАНЧЫНЫН ЖОЛУ ГАЛАКТИКАСЫ

Саманчынын жолу ал уникалдуу галактика, биз жашаган галактика спираль формасында, ал адам колу менен космос мейкиндиги аркылуу басып өткөн жалгыз аймакты – Күн системасын кармайт.

Саманчынын жолу – бул болжол менен 200 миллиард жылдыздан турган спиралдуу галактика. Эгер жылдыздар Күн сыяктуу орточо массага ээ болсо, галактиканын жалпы массасы 4 тү түзөт. 1040 кг. Саманчынын жолундагы жылдыздар борборду айланып өтүшөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мисалы, Күн болжол менен 220 км/сек ылдамдыкта кыймылдайт, демек, галактикалык борборду айланып чыгуу үчүн 225 миллион жыл талап кылынат. Андан тышкары, Саманчынын жолу Ааламдагы башка галактикаларга карата секундасына жүздөгөн чакырымга жылып турат.

Ачык түндөрдө, шаарлардан алыс, жеңил булганбаган жерлерде асманда чоң боз-ак такты көрүүгө болот. Бул Саманчынын жолу. Аты жөнөкөй көз менен байкалганда сүттүү тактын пайда болушуна шилтеме. Айрым аймактарда бул сүттүү жер Камино-де-Сантьяго деп аталат.

Бул ысым Саманчынын жолу Испаниянын Галисиянын борбору Сантьяго-де-Компостелага сапар тарткан зыяратчылар үчүн жол көрсөткүч болгонуна байланыштуу. Компостелага жетүү үчүн, алар басып өткөн жылдыздардын жолу сыяктуу эле. Компостела деген ат Латын тилиндеги Campus Stelae, башкача айтканда, «жылдыздар талаасы» деген сөздөн келип чыккан. Илгери астрономия менен ажылык чогуу жүргөн окшойт.

Спираль структурасын башка галактикаларда көрүү оңой. Бизде болсо, бул татаал, анткени сырттан көз чаптыруу мүмкүн эмес. Саманчынын жолунун спираль структурасын ачып берген маалыматтар радиоастрономия тарабынан берилген маалыматтар. Ошентип, биздин галактиканын галактикалык өзөктөн башталып, тышкы аймактарга ачылган төрт чоң колу бар экени белгилүү.

Ачык көк түскө ээ спираль колдордо жылдыздар пайда болот, анткени алар газдарга жана чаңга бай аймактар. Галактикалык өзөктө болсо газ же чаң жок болгондуктан, жылдыздар пайда болушу кыйын.

Саманчынын жолунун борбору – галактиканын колдорунда жылдыздар чаңынын пайда болушун көздүн карегиндей актагандыктан, изилдөө өтө татаал болгон аймак. Бирок, кээ бир сигналдар табылды, алар өзөктө кара тешик болушу мүмкүн болгон өтө чоң бир нерсенин бар экендигин көрсөтүштү.

Бул гипотезаны Хаббл телескопунун жардамы менен табуу менен, башка галактикалардын өзөктөрүндө биздикине окшош болгон башка тешикчелер далилденди.

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Текстте эмне жөнүндө ой бөлүштүрүлдү?
2. Саманчынын жолунун көрүнүшү кандай чагылдырылган жана кандай маалыматтар берилген?
3. Сантьяго жолу жөнүндө кайсы абзацта түшүнчө берилген?
4. «Жылдыздуу талаа» деген сөздүн мааниси эмнеге байланыштуу экендиги жөнүндө текстте кандай ой төгүндөлдү?
5. Саманчынын борборун кандай аныкташты?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чагаруу боюнча суроолор**

1. Саманчынын жолу деп аталышы эмнеге негизделип коюлган?
2. Саманчынын жолу канча жылдыздан турган галактика?
3. Эмне үчүн спираль галактика деп аталат?
4. Галактикалык өзөктө эмне үчүн жылдыздардын пайда болушу кыйын болот?
5. Саманчынын жолу жөнүндө кандай улуамыштарды билесиңер?

**Тапшырма 1.1.** Сүрөттөр менен иштөө. Берилген сүрөттөрдү эмнеге окшоштурдуңар?





## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

Эсиңерге сактагыла! Зат атооч заттардын, буюмдардын ж.б. аттарын билдирип, ким? эмне? кимдер? эмнелер? деген суроолорго жооп берсе, кыймыл-атооч кыймыл-аракеттин ал-абалдын атын билдирп, эмне? эмнеге? деген зат атоочтун суроосуна жооп берет. М и с а л ы : *Алмактын бермеги (эмнеси?)* бар.

**Тапшырма 1.2.** Мээ чабуулу. Текстти окуп чыгып, кыймыл атоочту тапкыла. Кандай суроого жооп берерин айтып бергиле. Эмне үчүн зат атоочко окшошуп жатканын түшүндүргүлө

**Топтор менен иштөө**

Броундук кыймыл стратегиясы. Биринчи топтун окуучулары тексттеги кыймыл атоочторго суроолор берип, уңгу жана мүчөгө ажыратып, экинчи топтун окуучулары кайсы мүчөлөр аркылуу өзгөргөнүн жана зат атоочко окшош белгилерин айтып бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Өз алдынча иштөө. Сүйлөмдөрдөн кыймыл атоочту тапкыла. Анын этиштик белгилерин түшүндүргүлө. Кайсы мүчөлөр кыймыл атоочту уюштурарын айтып бергиле.

1. Жаа тартмай, тыйын эңмей, жамбы атмай эми башталат. 2. Эмгеги аздын өнмөгү аз. 3. Эрден ашмак бар, элден ашмак жок. 4. Бийиктиктен секирүү – чыныгы чеберчилик. 5. Эл алдында сөз сүйлөш оңой эмес. 6. Адам өзүнүн жүрүш турушун туура сактап жүрүү керек.

**Тапшырма 1.3.** Топтук ыкма. Төмөнкү мамиле этиштерге кыймыл атоочту уюштуруучу мүчөлөрдү жалгап, сүйлөмдөр түзгүлө жана кыймыл атоочтордун этишке окшош белгилерин айтып бергиле.

***1-топко:***

| Негизги мамиле этиш: кел, бар, оку | Кош мамиле; иштеш, барыш, билиш |
|---|---|
| | |

***2-топко:***

| Өздүк мамиле: жуун, кийин, салын | Туюк мамиле: жазыл, берил, эгил |
|---|---|
| | |

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| **Тема боюнча эмнелерди билдим?** | **Тема боюнча эмнелерди аткара алам?** | **Мага эмне түшүнүксүз болду?** |
|---|---|---|
| **...**<br>**...**<br>**...** | **...**<br>**...**<br>**...** | **...**<br>**...**<br>**...** |

**Накыл сөздөр**

Дарак тамыры менен, адам достору менен күчтүү.
Жер байлыгы – эл байлыгы.
Эл эмгегин жер жебейт.

**Текст менен иштөө**

## ЭЛЕКТРОМОБИЛЬ

**Электромобиль** иштеген электр кыймылдаткычтын жардамы менен жүрүүчү автомобиль болуп саналат. Электромобилдин артыкчылыгы – түтүн чыгарбайт, дүрүлдөбөйт, башкаруусу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жөнөкөй; кемчилиги – аккумулятордун кубаты жана жүрүү алыстыгы менен ылдамдыгы аз, жүк көтөрүмдүүлүгү төмөн, өздүк массасы оор. Негизинен электромобиль имараттын ичинде – складдарда, заводдун цехтеринде продукт, почта жүк ташуу үчүн пайдаланылат, анын жүк көтөрүмдүүлүгү 500 кг, ылдамдыгы 70 км/саат.Электр унаалары жөнүндө дароо эле ойлоно бербеген жакшы жана жаман жактары бар. Мындан тышкары, ар бир кемчиликтин өзүнүн артыкчылыктары бар.

Электромобилдер экологиялык жактан таза. Эң айкын жана эң көп айтылып жаткан пайдасы – бул EV CO-эркин эмиссиялар. Бул электр унааны экологиялык жактан таза кылат. Бул электр унаалардын негизги себеби болуп саналат. Бул өкмөттөр маанилүү деп эсептеген нерсе гана эмес, көптөгөн керектөөчүлөр тарабынан да жогору бааланат.

Курчап турган чөйрөгө анча маани бербеген же электромобилдин экологиялык тазалыгына күмөн санагандар үчүн дагы бир маанилүү артыкчылыгы бар: электромобилдерди колдонуу үнөмдүү. Бул биринчи кезекте электр энергиясы бензинге же дизелдик отунга караганда алда канча арзан болгонуна байланыштуу. Тактап айтканда, өзүңүздүн кубаттоочу станцияңыз менен, бир километрдин баасы салыштырмалуу бензин же дизелдик унаага караганда кыйла төмөн. Коомдук кубаттоочу жайларда көбүрөөк төлөсөңүз да, ал жакта дагы эле арзанырааксыз.

Артыкчылыктардын тизмесинде дагы айта кетели: электромобил тынч. Ар бир күйүүчү кыймылдаткычтуу унаа бирдей өлчөмдө ызы-чуу чыгара бербейт, бирок электр унаасынын бейпилдиги кадимки автоунааныкына дээрлик дал келбейт. Бул баарлашууну же музыка угууну бир аз жеңилдетет.

Макулдашуу үчүн дагы эле орун бар, бирок электр унааларынын негизги артыкчылыгы: алар экология үчүн жакшыраак. Мын-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дан тышкары, каржылык сүрөт, албетте, маанилүү фактор болуп саналат. Электр унаасы менен арзандайсызбы, кырдаалга жараша болот. Бир нече километр бассаң мындай болбойт. Бирок, узак мөөнөттүү келечекте электр унаасы сатып алуу баасынын жогору болгонуна карабастан арзаныраак болушу мүмкүн. Бул жарым-жартылай, анткени электр энергиясы бензинге же дизелге караганда кыйла арзан, техникалык тейлөөгө кеткен чыгымдар анчалык деле чоң эмес жана MRBs төлөөнүн кереги жок.

Мындан тышкары, электр унаа тандоодо бир ролду ойноп турган башка бир катар артыкчылыктары жана кемчиликтери бар. Ал эми кемчиликтерге келсек, көбүнчө ошол эле нюанстарды жасоого болот, тактап айтканда, абал жакшырып баратат. Бул, мисалы, сатып алуу баасына, ассортиментине жана котировкасына тиешелүү.

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Текстте эмне жөнүндө ой төгүндөлдү?
2. Электромобилдин артыкчылыктары жөнүндө кандай далилдер келтирилген?
3. Экологиялык жактан тазалыгы жөнүндө кандай маалыматтар көрсөтүлгөн?
4. Электромобилди кандай колдонуу жөнүндө эмнелерди үйрөндүңөр**?**

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чагаруу боюнча суроолор**

1. Электромобилден пайдалануу кандай сапаттарга ээ?
2. Электромобилдин кандай артыкчылыктары жана кемчиликтери бар?
3. Эмне үчүн көптөгөн керектөөчүлөр тарабынан бул автомобиль жогору бааланат?

**Тапшырма 1.1.** Сүрөттөр менен иштөө. Төмөнкүдө берилген сүрөттөрдөгү электромобилдерге мүнөздөмө бергиле.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

Эсиңерге сактагыла! Кыймыл атоочтор ээлик, толуктоочтук, кээде аныктоочтук, бышыктоочтук милдетти аткарат.

**Тапшырма 1.1.** Тексттеги кыймыл атоочтор катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, алардын синтаксистик кызматын аныктагыла. Астын сызгыла.

| Ээлик милдет аткарышы | Аныктоочтук милдет аткарышы | Толуктоочтук милдет аткарышы | Бышыктоочтук милдет аткарышы |
|---|---|---|---|
| | | | |

**Тапшырма 1.2.** «Даймонд» стратегиясы методу. Төмөнкү берилген тапшырма боюнча сүйлөмдөр түзүп, кыймыл атоочтун синтаксистик милдетин аныктагыла.

| Үлгү: | Шарты: | Мисалдар: |
|---|---|---|
| 1. | Ээлик милдетти аткарышы: | |
| 2. | Аныктоочтук милдетти аткарышы: | |
| 3. | Толуктоочтук милдетти аткарышы: | |
| 4. | Бышыктоочтук милдетти аткарышы. | |

### Топтор менен иштөө

**Тапшырма 1.3.** Топтук ыкма. Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, биринчи топтун окуучулары чакчылдарды, экинчи топтун окуучулары атоочтуктарды, үчүнчү топтун окуучулары кыймыл атоочторду тапкыла. Кыймыл атоочтордун кандай мүчөлөрдүн жардамы менен жасаларын, жана алардын морфологиялык жана синтаксистик белгилерин атап көрсөткүлө.

1. Менин минтип келгеним, өткөнду эскергеним жакшы. 2. 1918-жылы чөптүн тамырын аңдыгам, жесем тамак болор бекен дегем. 3. Мени классташтарым эң жакшы окуганым үчүн жакшы көрүүчү. 4. Ал бүгүн эрте келмек, Ташкентке жөнөмөк болчу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

5. Жакшы окуп, орто мектепти ийгиликтүү бүтүрүүгө аракеттенемин. 6. Эртеси Самаркандга келгиче, Ташкентке барып келгенимди айтып бергиче, абдан шашылдым. 7. Мен бактылуу доордун ырыстуу кишиси болуп калдым. 8. Бул сыйды актоо үчүн жан-дилим менен иштемей адатым бар. 9. Билим алуу – ийне менен кудук казгандай.

Кыймыл атоочту морфологиялык жактан талдоонун үлгүсү:

Келүүгө – кыймыл атооч, уңгусу -кел, мүчөлөрү -уу, -гө, -үү кыймыл атоочтук маанидеги кыймыл атооч.

Кечикмей -уңгусу -кеч, мүчөлөрү, -ык, -май; -ык – этишти жасоочу мүчө, кеч деген тактоочтон жасалды, -май- кыймыл атоочту жасоочу.

Кат жазыш – менин милдетим. Жазыш – кыймыл атооч, уңгусу жаз, мүчөсү -ыш кыймыл атоочту жасоочу мүчө, заттык мааниде, тик мааниде.

Текстте берилген кыймыл атоочторго морфологиялык талдоо жүргүзгүлө.

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## Накыл сөздөр

Акылдуу бала элпек, акылсыз бала тентек.
Акылдууну мактаса, ишти тындырат,
Акылсызды мактаса, бутун сындырат.
Жакшыга жанаш, жамандан адаш.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# VII БӨЛҮМ. ТИЛ ЖАНА ДИЛ




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Текст менен иштөө**

## ТУУРА СҮЙЛӨӨ

Адамдар кеби аркылуу өздөрүнүн ойлорун так жана түшүнүктүү берүүгө аракеттенишет. Алар башкаларга оюн элестетүү жеткирүү үчүн тилди, анын образдуу айтуу каражаттарын толук пайдаланууга умтулат. Мында адамдын сүйлөө, өз пикирин жеткирүү мүмкүнчүлүгү көрүнөт. Айрым адамдардын тили бай, ойлоосу терең болгондуктан, алардын айткан кеби башкаларга таасирдүү болот. Ал эми кээ бир адамдар кыска ойлогондуктан, тили жарды келет.

Тил каражаттарын сүйлөшүүдө, текстте туура колдонуу менен ал адамдын акылдуулугун жана көптү билгендигин, баамчылдыгын да көрсөтөт, ошондой эле, тилди туура пайдалануу маданияттуулук болуп саналат.

«Кайсы гана элдин тили болбосун ал ошол элдин аң сезиминен, сезип-туюусунан жаралган кайталангыс нерсе». (Ч.А.) Сүйлөө жөндөмдүүлүгү – бул укмуштуу жана эң мыкты «адамдык жөндөмдүүлүктөрдүн» бири. Демек, тилдин баалуулугун, артыкчылыктарын башка каражаттардан ажырата билип, колдоно билүү билгичтикти жана искусствону талап кылат.

Кыргыз тилинин өтө бай, уккулуктуу жана таасирдүү экендиги анын сөздүк корунун молдугу менен эле өлчөнбөйт. Ошол сөздөрдүн уюмдашуусу менен көптөгөн мукам маанилери жаралат.Көптөгөн маанилер кептин түрлөрүн түзөт. Ошентип кыргыз эли «өнөр алды – кызыл тил» деп бекеринен айтпаган. Ошондон улам мааниси терең, курч кыска,так, ачык-айкын, элестүү, таасирдүү, мукам, уккулуктуу кеп түрлөрү иштелип чыккан. Буга орус элинин атактуу окумуштуусу В.В. Радловдун төмөнкү пикирин эстеп коюу жетиштүү: «Кыргыз ар дайым мүдүрүлбөй, такалбай шар сүйлөйт. Өзүлөрүнүн оюн так жана ачык айтып жатып, ал өзүнүн сөзүнө белгилүү сулуулукту берет. А түгүл жөн сүйлөшкөндө да, алардын сөзүндө ыргакташкан өлчөм бар экендиги байкалат. Ошентип, айтылган сөз биринин артынан бири ыр жана куплет сыяктуу куюлушуп отурат да, ыр сыяктуу таасир берет». В.В. Радлов XIX кылымдын эстелигинде кыргыз жеринде болуп, биздин ата-бабалардын жөн салды сүйлөшкөн сөзүн угуп, ошого катуу таң калган. Ал эми сен ошол ата бабалардын байыркы түпкүрдөн бери өчүрбөй, улам толуктап, улам өрчүтүп колдонуп келаткан тил көчүн алдыга тарта аласыңбы? Албетте, шашпа, жогорку суроого татыктуу жоопту «Кеп куржунду» өздөштүрүп бүткөндөн кийин бере аларыңа ишенем.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Тексттин негизги маанайы эмне жөнүндө?
2. Эне тилинде туура сүйлөө жана сөздөрдү өз орду менен пайдалануу боюнча маалыматтар туура берилгенби?
3. Сүйлөө жөндөмдүүлүгү боюнча кайсы абзацта кеңири берилди?
4. Кыргыздар эмне үчүн тилге терең маани бергендиги жана анын натыйжасы боюнча кандай маалыматтарды алдыңар?
5. В.В. Радловдун кыргыз тилинин сөз чеберчилиги жөнүндөгү пикири кандай чагылдырылган?

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Элибиз эмне себептен туура айтылган кепти баалашкан?
2. Текст түзүүдө, сүйлөөдө тилдин каражаттарын кандай колдонуу керек?
3. Мааниси терең, курч кыска, так, ачык–айкын, элестүү, таасирдүү, мукам, уккулуктуу кеп түрлөрү кандайча пайда болгон?
4. Кепти туура пайдалануу деген эмне?
5. Улуу жазуучубуз Ч. Айтматов тилдин келип чыгышы жөнүндө кандай сөздөрдү айткан?
6. Орус окумуштуусу В.В. Радлов кыргыз тили жөнүндө эмнелерге таянып, кандай пикир билдирген?
7. «Өнөр алды – кызыл тил» деген макалдын маанисин чечмелеп бергиле.

**Тапшырма 1.1.** Сүрөттөр менен иштөө. Берилген сүрөттөр боюнча оозеки жана жазма түрдө өз пикириңерди кеңири баяндоого аракеттенгиле.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү текстти окуп, мазмунун түшүндүрүп бергиле жана «Тепкич» методу боюнча талдоо жүргүзгүлө.

Жүзөгө ашыруу кадамдары:

**1-кадам:** «Мээге чабуул» – ар бир окуучуга маселени жеке сунуштоо.

(Мисалы: Туура сүйлөө деген эмне?
Сен канчалык түрдө туура сүйлөйсүң?
Сенин тагдырың да тилиңе байланыштуу боло алабы? деген суроолор боюнча ой жүгүртүү).

**2-кадам:** Сунушталган маселени маанилик деңгээлине карай ар бир окуучуга жеке берүү.

**3-кадам:** Нускаларын топто салыштыруу.

**4-кадам:** Ар бири өз көз карашы менен тексттин мазмуну тематикасы боюнча далилдерди келтирүү.

Текстти окуп, суроолуу тапшырмалар түзгүлө.

Туура жана сабаттуу сүйлөө ар бир адам үчүн керектүү, бул коомдо жашаган ар бир адамга улуттук аң сезимди калыптандыруу үчүн байланыш куруу болуп саналат. Ушул жерде маанилүү деп ойлогон бир окуяны бергим келип жатат. Кытай элинин улуу даанышманы Конфуцийге жанындагылар бир жолу мындай деп сурашыптыр. «Эгер сиз өлкөнү башчысы болсоңуз, эң биринчи эмне кылаар элеңиз? Улуу философ мындайча жооп бериптир: «Албетте эң биринчи тилге маани берип, аны оңдоо иши менен баштамакмын». Бул жоопту уккан элдин баары таң калып, аны карап калышат. Конфуций сөзүн улайт:

– Тил системалуу эрежеге таянган бир тартипте болбосо, сүйлөмдөр туура болбосо, сөздөр айта турган ойду жакшы бере албай калат. Ой жакшы, так, таамай түшүндүрүлбөсө, жасала турган иштер туура жасалбай, кээ бир жерлери кемтик бойдон калат. Милдеттер жана иштер өз орду менен так аткарылбаса, салт-санаа, маданият бузулат. Салт бузулса, адилеттик болбой, башкага ооп кетет. Адилеттик бузулса, эл эмне кылаарын билбей кала, анан бул иш эмне менен бүтөөрү да бүдөмүк болот. Так ушул себептен эч бир нерсе тилдей маанилүү эмес».

Конфуцийдин тил тууралуу айткан бул сөздөрү канчалык деңгээлде таамай айтылганы жогорудагы сөздөрүнөн даана көрүнүп турат. Бул ой азыр деле актуалдуулугун жоготпой келет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

**Кызматчы сөздөр** → Эсиңерге сактагыла! Өз алдынча турганда кандай лексикалык маанини билдирбеген, сүйлөмдөгү сөздөр менен бирге айтылып, тиешелүү болуп турган сөзгө кошумча мааниберген, сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырып турган сөздөр кызматчы сөздөр деп аталат.

**Тапшырма 1.2.** Текстти окуп чыгып, өз алдынча мааниге ээ боло албаган сөздөрдү көчүрүп жазып, алардын морфологиялык белгилерин айтып бергиле.

### Топтор менен иштөө

Төмөнкү берилген кызматчы сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө жана алардын башка сөз түркүмдөрүнөн айырмасын айтып бергиле.







**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Накыл сөздөр

Эң бактылуу адам – бул бакытка муктаж адам.
Бакыт деген тоголок, токтотууга эп керек.
Бакыт эмгектен жаралат.

## Текст менен иштөө

### ЖАЗУУЧУНУН СӨЗ ЧЕБЕРЧИЛИГИ



Сөздүн керемет күчү, олуттуу ой толгоосу ушул болсо керек, кайсы көз караштЫ бекем тутпасын адам инсаны доордун орчундуу, татаал проблемаларына, «канткенде адам улуу адам болот?» деген өңдүү суроолоруна жооп табуу үчүн үңүлүп, кайрылып, сабак алууга дилгирленди. Жан дүйнөсүндө жакшылыктын өрөөнүн өндүрүп, адамгерчиликтин нурларынын шооласын чачыратып, акыйкатчылыкты батылдык менен коргоп калууга үйрөндү, адамга боордоштук сезимин ойготту, жаңыча ойлонууга жана келечектүү жашоого умтулду.

Ч. Айтматовдун жазуучулук философиясы Адамдын улуулугуна, Жаратылыштын түбөлүктүүлүгүнө, ыйык гуманизмге, асылдык идеясына барып такалат.

Айтматовдун жазуучулук устаттыгынын эң башкы сыры – көркөм ойлоонун ар тараптуулугуна жана көп түрдүүлүгүндө.

Жаратылыш Чыңгыз Айтматовдун калеминин сыйкырдуу күчү менен жанданып, таң калтырып, өзүнүн табигыйлыгы, башта байкалбаган жомоктогудай сыры менен, жаңылыгы менен адамды өзүнө тартып турат. Жазуучу өзүнө мүнөздүү ийкемдик менен жаратылыштын өзгөчө дүйнөсүнө сүңгүп кирип, анын улуулугун көркөмүн, жан-дүйнөсүн кадимкидей түшүнүп, анын окуучусуна ачып берет. Айталы, Чыңгыз Айтматов бизге «теректердин бөтөнчө үндүү жан-дүйнөсүн», жер адамынын кубаныч-кайгысын өзүнө батырган жер-Эненин дүйнөсүн ачып көрсөттү. Гүлсарынын сезимтал дүйнөсүчү! Анын ар бир кыймылын автор художниктик көрөгөчтүк менен тартып, «жан дүйнөсүнүн» абалы менен сырткы аракетин гармониялаштыруусучу? Мындайды элес алуу,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

байкоо жан-жаныбарларды чын дилден сүйгөн адамда гана болушу мүмкүн. Автор эч кандай аша чабуусуз, жасалгалабай эле алардын өз ара түшүнүүлөрүн, жан-биргеликтерин билгичтик менен чебер сүрөттөйт.

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**


1. Текстте кайсы жазуучу жөнүндө баяндалды?
2. Чыңгыз Айтматов өзүнүн чыгармачылык ишиндеги эң башкы устаттыгы жөнүндө текстте кандай ойлор чагылдырылган?
3. Жазуучунун калеминин сыйкырдуу күчү окурманды кандайча өзүнө тарта алгандыгы, анын сыры жөнүндө кандай маалыматтар берилген?
4. Айтматовдун жазуучулук философиясы жөнүндө кандай ойлор айтылган?
5. Чыңгыз Айтматов өзүнүн чыгармаларында «Канткенде улуу адам боло алат» деген суроосуна кандай жооп берди?

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Ч. Айтматов кандай жазуучу катарында таанылды?
2. Жазуучунун чыгармачылыгынын көп кырдуулугунун себеби эмнеде?
3. Чыңгыз Айтматов жаратылыштын улуулугун, көркөмүн, жан-дүйнөсүн кандай сүрөттөгөн?
4. Жазуучунун устаттыгынын эң башкы сыры эмнеде деп ойлойсуңар?
5. Ч. Айтматовдун кандай чыгармаларын билесиңер жана алардын башкы тематикасы эмне жөнүндө?
6. Жазуучунун кайсы чыгармасындагы каарман силерге чоң таасир калтырды, эмне үчүн?

**Тапшырма 1.1.** Төмөнкү берилген текстти окуп чыгып, мазмунун түшүндүрүп бергиле жана «Ассоциация» методу менен текстти талдоо.

**1-кадам:** «Кластер» методунда теманын аталышын жазуу жана ал боюнча өз билгендери боюнча толтуруу.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**2-кадам:** Ч. Айтматов боюнча ар бир окуучу өзү билген маалыматтарды жазышат жана топтордо талкуулашат;

**3-кадам:** Ар бир топ боюнча Ч. Айматов темасына жазгандары боюнча презентация даярдашат.

**4-кадам:** Жалпы класста тема боюнча алынган бардык маалыматтардын тизмесин жасоо;

Текстти окуп, тема койгула, Текст боюнча логикалык маанайда суроолор түзгүлө.

Чыңгыз Айтматов – жарыялаган китептеринин саны боюнча бүткүл дүйнөдө алдыңкы орунда турган залкар жазуучу! Анын «Кылым карытар бир күн» романында душмандар колго түшүрүп алган Жоломан деген жигитти маңкуртка айландырып, төө кайтартып коюшат. Жоломан өзүн атында, атасын да, эли-жерин да унуткан жумуру баштуу сөлөкөт. Ал аны эсине келтирүү үчүн ырдалган бешик ырын түгүл тогуз ай толготуп, он эки омурткасы сыздап көтөргөн, бул дүйнөгө алып келген энесин да таанybайт, анын ордуна колу калтырабай, мууну титиребей жана опоңой эле өз апасын жаа менен атып өлтүрөт. Баарынан аянычтуусу – өлтүрдүм деп кейип да койбойт. Албетте, романдагы маңкуртчулукка байланыштуу окуялар сага бештен белгилүү, ошол себептен аларды кайталап жазып сөз кылуунун кереги жок. Маңкуртчулук дайым эле төөнүн моюн терисинен жасалган башка кийгизилчү ширише эле байланышпайт, акыл-эсти маң кылып, атаң-бабаңдан бери келаткан тилди, салтты, ыйман-ызаатты, улуттук нарктЫ унуттуруп, эки эс, делбетап, маңбаш кылып коюучу башка каражаттар – кубаттуу күчтөр дүйнөдө аз эмес. Алардын колунда зор байлык да, акча да, күнү-түнү менен кан какшап сайрап, кулакка тынымсыз куюп туруучу массалык маалымат каражаттары да бар. Маңкурттук шири менен моюнга салынуучу кооктун ордуна азыр өзүңдү эркин коюмуш болуп, бирок бүт айлана-чөйрөдөгү улуттук дөөлөттөрдү талкалап салуучу ритм, кырылдаган кыйкырык, металлдын жаңырыгындай кулак-мээни жеген музыка жана ага шайкеш жарк-журк эткен түстөрдүн баскынчылыгы бардык тараптан каптоодо. Бул бир гана театрда эмес. Ар бир үйдүн – телевизордун кулагын бурай койсоң, баарын көрөсүң. Демек, маңдайында болуп жатат. Алардын айрымдарына учкай токтололук.

**Тапшырма 1.2.** Сүрөттөр менен иштөө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE











1) Бул сүрөт Ч. Айтматовдун кайсы чыгармаларына таандык?
2) Бул жазуучунун кайсы чыгармасындагы каарман, аларга мүнөздөмө бергиле.

## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жандоочтор

Өз алдынча турганда лексикалык бир маанини билдире албаган, сүйлөмдөгү сөздөрдү өз ара байланыштыруу үчүн кызмат кылган же аларга кошумча маани берген кызматчы сөздөр жандоочтор деп аталат.

**Тапшырма 1.3.** Текстти окуп чыгып, жандоочторду көчүрүп жазгыла жана алардын морфологиялык белгилерин айтып бергиле. Эмне үчүн алар белгилүү бир суроого жооп бере албастыгын түшүндүрүп бергиле.

## Топтор менен иштөө

Топтук ыкма. Төмөнкү берилген жандоочторду катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө жана алар эмне үчүн кызматчы сөздөр деп аталышын түшүндүргүлө.

***1-топко:***

жөнүндө, тууралуу, бою, бойдон, көздөй, дейре, үчүн, карай.

***2-топко:***

аркылуу, мурун, шекилдүү, менен, дейре, карата, караганда, сымак, жараша.

Сүйлөмдөрдөгү сөздөрдү толуктоо. Төмөнкү берилген сүйлөмдөгү көп чекиттердин ордуна тиешелүү жандоочторду жазып, алардын кандай кызмат аткаргандыгын түшүндүрүп бергиле.

1. Дасторкондой жайылган узун шоссе жол ... батышка карай чимирилип, бир машина келе жатат. 2. Көрбөгөн ... сүйлөбө. 3. Катуу бакыт, Какшаалдагы кыргыздарга соода ишимди жүргүзүү ... Түлкүбек ... дос болуп отурам. 4. Ал ... ар кайсы жердеги адамдар ... тааныш болушум керек. 5. Сөз өзү .... баратканын Болотбек түшүндү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |

## Накыл сөздөр

Акыл менен билим – адамдын сөөлөтү.
Билим – карыбас, өнөр – арыбас.
Билим алуу ийне менен кудук казгандай

## Текст менен иштөө

### ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВ – КӨП КЫРДУУ АКЫН

Дүйнөлүк маданияттын тарыхында туулуп, элинин тагдыры менен кошо жашап, чыгармачылык жан дүйнөсү менен азыктандырып келген адамдар тарых барактарын ачсак андай инсандардын ысымдары четинен саналат. Мына ошондой адамдардын бири – ак таңдай, тоо булбулу аталган кыргыз элинин сыймыгы, улуу ырчысы, жанда жок чебер комузчу жана композитор Токтогул Сатылганов. Ал өзүнүн чыгармачылыгы менен обончу-музыкант, акын-импровизатор, комузчу катары албайлы, дегеле бардыгында тең бирдей чеберчиликти даңазалаган чыгармачылык таланты көп кырдуу акын катары таанымал.

Акындын чыгармачылыгы XIX кылымдын сексенинчи жылдары менен XX кылымдын отузунчу жылдарынын аралыгына туура келет. Бул жылдар жөн гана мезгилдин аралыгы болгону менен бул аралык эзүүчүлөр менен эзилгендердин тап үрөшүнүн ортосундагы аягышкан тарыхый мезгил эле. Мындай учурда карапайым калкка эл ичиндеги акылман, ойчул адамдардын болушу зарыл эле. Мына ошондой адамдардын бири – улуу акын Т. Сатылганов. Ал ошол учурдагы замандын агымын тулку боюнан, жан дүйнөсүнөн өткөрүп, эл менен бирге жүргөн. Замандаштарынын айткандарына караганда Токтогул сөздү ушунча-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

лык так, даана, чебердик, зергердей усталык менен маанисин бузбай, адамга уккулуктуу кылып беришинен улам аны чоң художник экендигин айтышат. Ал гана эмес бир нерсе жөнүндө сүйлөөрүндө ыр, жамак менен, ылакап, макал менен баштап, кара сөзгө өтүп, мисалдап, айтылган сөздүн маанисин чыгарчу дешет. Ал эми адамга карата сылык сөздүү, кичи пейил, жапакеч, боорукер, жылдыздуу, адамдарга өтө мээримдүү, эл үчүн берилген киши эле деп эскеришет. Алтымышка таяп калган Токтогулдун аппак сакал, ак чачтуу, кызыл чийкил, чарчы бойлуу, кырдач мурун, көзү терең, кабагы бийик, маңдайы жазы, кең далыраак келген чымыр бою жашынан эле бул мүнөздөмөгө туура келерине шек жоктой сезилет.

Токтогул – искусствонун эң жогорку түрү болуп эсептелген канаттуу поэзиянын эң залкар, кужүрмөн өкүлү. Ал кыргыз поэзиясынын кайталангыс алпы, туу чокусу. Анын адабий мурасы кыргыз поэзиясы үчүн баа жеткис кенч. Бирок өкүнүчтүүсү, улуу акындын орошондой оргуган кайталангыс талантынан жаралган ырларынын баары бизге келип жетпегендиги. Акындын жан дүйнөсүнөн жаралган ырларын эки багыт боюнча кароого болот. Анткени, акындын эпик жана лириктиги буга далил. Ошол эки агым менен байкоо жүргүзүп карасак, акындын чыгармачылыгында негизинен лирика басымдуулук кылат.

Токтогулдун чыгармачылык тематикасы ар түрдүү. Анын чыгармаларына сүйүү лирикасы, санат-насыяттар, өмүр темасындагы ырлар, терс көрүнүштөрдү ашкерелөөчү ырлар, айтыштар, элдик дастандар («Дүнүйө», «Түз жолуңдан чыкпагын», «Насылкан», «Аккан суу» , «Балам жок» ж.б.) мыкты чыгармалары кирет.

Ал эми терең чебердиги менен айырмаланган Токтогулдун балдарга арналган дидактикалык чыгармаларында санат менен насыяттары, терме, үлгү ырлары орун алат. Анын «Насыят», «Санат», «Нускалуу ырлар», «Терме», «Эмне кызык», — «Гүлдөп ал», «Жыргалы сендик дүйнөнүн» ж.б. буга мисал болот.

Т. Сатылганов төкмө акын гана эмес, чебер, таланттуу жана көрүнүктүү музыкант. Ал – оригиналдуу күү чыгарган үлкөн комузчу. Адабий мураска өчпөс из калтырган талант обон-күүлөрүн комузда эркин кол ойнотуп, темпин, ыргактын жүрүшүнө карата түрдүү мимикага салып, мазмунун жорго сөздөр менен жамакташтырып ырдап черткен.

Ошондой эле түрк тилдүү мамлекеттерде гана эмес, дегеле дүйнөлүк маданиятта өлбөс-өчпөс, баасы чексиз, ак таңдай, акын Токтогул Сатылгановдун ысымы түбөлүктүү калары шексиз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Кыргыз элинин төкмө акыны Токтогул Сатылгановдун эл арасындагы кадыр-баркы жөнүндө текстте кандай маалыматтар берилген?
2. Акын кандай инсан катарында сүрөттөлгөн?
3. Анын ырлары кимдерге арналгандыгы жөнүндө маалыматтар туура берилгенби?
4. Токтогул эмне үчүн композитор катары каралды?

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Токтогул Сатылганов кандай акын катары эл арасында таанылды?
2. Акындын акын болуп таанылышына кайсы ыры себеп болгон?
3. Токтогулдун чыгармачылык доору канча этапка бөлүштүрүлдү?
4. Акындын чыгармачылыгынын башкы тематикасы эмне жөнүндө?
5. Акынды эл кайсы сапаттары үчүн кадырлап сыйлашкан?
6. Кыргыз адабиятында Токтогулга окшош дагы кайсы төкмө ырчыларды билесиңер?
7. Кыргыз эли эмне үчүн акындарды урматтап сыйлап келишкен?

**Тапшырма.** Сүрөттөр менен иштөө. Төмөнкү берилген сүрөттөргө карап, Токтогулдун өмүрү чыгармачылыгы боюнча ой пикириңерди толуктагыла.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.1.** Төмөнкү ырды көрктүү окугула, мазмунун түшүндүрүп бергиле жана «Тепкич» методу боюнча талдоо жүргүзгүлө.

**Жүзөгө ашыруу кадамдары:**

**1-кадам:** «Мээге чабуул» – ар бир окуучуга маселени жеке сунуштоо.

(Мисалы: Эр жигиттин негизги белгиси деген эмне? Чыныгы инсан кандай болуу керек? Мен жакшы инсан боло аламынбы? деген суроолор боюнча ой жүгүртүү).

**2-кадам:** Сунушталган маселени маанилик деңгээлине карай ар бир окуучуга жеке берүү.

**3-кадам:** Нускаларын топто салыштыруу.

**4-кадам:** Ар бири өз көз карашы менен ырдын мазмуну тематикасы боюнча далилдерди келтирүү.

Ырды көрктүү окугула нускалуу сөздөр негизинде презентация даярдагыла.

Эр жигиттин белгиси –
Кайраттуу болот жалындап.
Өз колунда болбосо,
Оңойбу оокат табылмак?
Өлбөй тирүү калбайсың,
Жан аманат, ойлоп бак,
Ыркырашпа тирүүндө,
Ырыс алды – ынтымак.
Малы бар деп бирөөнүн
Байлыгына суктанба.
Ачуулу болуп, эр жигит,
Аксымдыкка бүт малба,
Көпкөндүккө жеңдирип,
Көрүнгөнгө мактанба.
Эгин айдап жакшы бак,
Жазында чыгат жалтылдай
Кампадан ашып, кап толот,
Баасы кызыл алтындай,
Карды тойбойт адамдын,
Кайрат менен иш кылбай.

## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

**Тапшырма 1.2.** Тексттен жандоочторду аныктап, аларды төмөнкү таблица боюнча түрлөргө ажыратып жазгыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| Атооч жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочтор | Барыш жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочтор | Табыш жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочтор | Чыгыш жөндөмөсүн талап кылуучу жандоочтор |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

**Тапшырма 1.3.** Өз алдынча иштөө. Көп чекиттин ордуна тиешелүү жандоочторду коюп, көчүрүп жазгыла. Жандоочтун кайсы түрү экендигин аныктагыла.

1. Толкун жашың өткөн ...Толгонуп кайра келбеспи. 2. Тынымча мезгил өткөн .., Сапарбай ордунан турду да, кебин жай баштады. 3. Атасы өлгөндөн ... энеси жаш Адышты кармап, жакшы тарбиялады. 4. Душмандар жеңе албастыгын билгенден ... жабыла качышты. 5. Мейилкан кеткенден .., Атай өзүнчө ойлонуп калды. 6. Мекемеге ... барып, бир чалып кел. 7. Класстык чогулушта жайкы экзаменге даярдануу ... айтылды. 8. Телефон ...сүйлөштүм. 9. Анын кылыгы ушул убакка ... көкөйүмөн кете элек. 10. Айша мектепти ... кетти.

## Топтор менен иштөө

Окуучулар төрт топко бөлүнүшүп, ар бир топ төмөнкү тапшырмада берилген жандоочторду катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө жана алардын алдындагы сөз кайсы жөндөмөдө экендигин айтып бергиле.

караганда, жара, чейин, дейре, карай, карата.

кара, көргүчө, ары, бери, мурун, мурда, кийин, соң.

менен, тууралуу, жөнүндө, аркылуу, боюнча, сайын, сыяктуу, үчүн, бою, бойдон.

көздөй, карай, карата.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сүйлөмдөрдөн жандоочторду таап, *менен, ары, кийин, мурун* деген сөздөрдүн качан байламталык, качан жандоочтук, качан тактоочтук мааниде колдонуларын төмөнкү таблица боюнча жайгаштырып, далилдеп түшүндүргүлө.

| Жандоочтор | Байламталык мааниде | Жандоочтук мааниде | Тактоочтук мааниде |
|---|---|---|---|
| менен | | | |
| ары | | | |
| кийин | | | |
| мурун | | | |

1. Даам менен тузга жолдош табылбайт. 2. Киши киши менен киши. 3. Согуштан кийин Танабайдын өмүрүндөгү жыргалдуу күн ушул болду. 4. Кийин бар. 5. Бекболот келе жатып, ары бурулду. 6. Беккул ары сөзмөр, ары акылдуу жигит. 7. Жапар мурун сүйлөдү. 8. Муну күн мурун даярдагам.

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## Накыл сөздөр

Бүгүнкү бүтүрчү ишти эртеңкиге калтырба.
Өз колуңдан келген ишти башкага тапшырба.
Арзандыгына карап, керексиз буюмду ала бербе.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# VIII БӨЛҮМ. ТАРЫХ КАЗЫНАЛАРЫ



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Текст менен иштөө**

## ХИВА ЖАНА ИЧАН КАЛАА ЖӨНҮНДӨ

Хива Харезмдин эң белгилүү жана эң байыркы шаары болуп саналат. Ал биздин заманга чейинки V кылымда курулган, Анын бүткүл тарыхы Харезмдин тарыхы менен тыгыз байланыштуу болуп келет. Хиванын атагы чыккандыгы курулган доорлордон эле ал аркылуу Чыгыш менен Батышты байланыштырган соода жолунун өткөндүгү менен түшүндүрүлөт. Хива XVII кылымдын биринчи чейрегинен 1920-жылга чейин хандыктын борбору болуп келди.1997-жылы (эл аралык ЮНЕСКО уюмунун токтому менен) Хива шаарынын 2500 жылдыгы чоң майрам жана сыймык менен белгиленди. Шаар дүйнөдө «Миң күмбөз шаары наамы менен да белгилүү.

XIX кылымдын биринчи жарымында Хива шаарында эки хан сарайы, он жети мечит жана жыйырма эки медресе болгон. XIX кылымда Хива шаары бири-биринен дубал менен ажырап турган эки бөлүккө – Ичан калаа (Ички шаар) жана Дишан калаа (Тышкы шаар)га бөлүндү.



Ичан калаа



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ичан калаа ата-бабаларыбыздан калган Орто Азиядагы ири жана сейрек кездешүүчү архитектуралык эстелик болуп саналат. Ичан калаа Хива шаарынын ички чеп (Шахристан) бөлүгү эсептелет. Ичан калаа Дишан калаадан дубал менен ажыралып турат. Ага Багча, палван, Таш жана Ата деп аталган төрт дарбаза аркылуу кирилген. Харезм өлкөсү архитектурасынын укмуш эстеликтери – медресе, мечит, хан сарайы, админстративдик имараттар, башкы майдан жана мунаралар Ичан калаада жайлашкан. Мухаммад Рахимхан, Аллакулихан жана Мухаммад Аминхандын бийликтери тушунда Ичан калаада кең көлөмдүү жаратуучулук иштери алып барылды. Заңгыраган сарай, медресе жана күмбөздөр курулду. Мухаммад Аминхан Ичан калаанын батыш бөлүгүндөгү Көөнө арктын алдына Калта Минар наамы менен белгилүү болгон мунараны курдурду. Ичан калааны курууда Хиванын архитекторлору Орто Азия байыртадан улантылып келе жаткан салт-имараттарды маңдай-тескей турушунда куруу усулунан пайдаланышкан.

Сейрек кездешүүчү архитектуралык эстелик болгон Ичан калаа 1961-жылы архитектуралык эстелик иретинде коргоого алынды жана музей-корукканага айландырылды. Анын аянты 26 га ны түзөт. Ал жерде 54 тарыхый-архитектуралык эстелик жайлашкан. 1969-жылдан музей-корукканa «Ичан калаа музей-корукканасы» деп аталды. 1990-жылы Ичан калаа Бүткүл дүйнөлүк тизмесине киргизилди.

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Текстте эмне жөнүндө ой төгүндөлдү?
2. Хива шаары жана анын курулушу жөнүндө кандай маалыматтар берилген?
3. Харезмдин тарыхында Хива шаарынын орду кандай көрсөтүлгөн?
4. Текстте Ичан калаа жана Дишан калаа жөнүндө эмнелерди үйрөндүңөр?
5. Азыркы кездеги бул архитектуралык эстеликтердин абалы кандайча берилген?

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Хива кандай шаар болуп саналат жана качан курулган?
2. XVII кылымдын биринчи чейрегинен 1920-жылга чейин эмненин борбору болуп саналган?
3. Бул шаарга кандай наам берилген?
4. Ичан калаа Харезмдин кандай бөлүгү болуп эсептелинген?
5. Харезм өлкөсү башка жерлерден эмнеси менен айырмаланат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

6. Ичан калаада кең көлөмдүү жаратуучулук иштери кимдердин бийлиги тушунда алып барылды?
7. Бүгүнкү күндөгү бул архитектуралык курулуштар жөнүндө эмнени билесиңер?

## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

**Байламталар** → Эсиңерге сактагыла! Өз алдынча турганда эч кандай лексикалык мааниге ээ болбогон, сүйлөм ичинде сөз менен сөздү, сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштырган кызматчы сөздөр байламталар деп аталат.

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыгып, байламталарды аныктап, аларды көчүрүп жазгыла.

**1-кадам:** Синквейн жазуу үчүн негизги теманы аныктоо – тексттен темага байланыштуу төрт сүйлөмдү жазуу.

**2-кадам:** Синквейнде өтүлүүчү темасы берилет.

*Биринчи сап:* сүйлөмдөрдөн байламталар аныкталат.
*Экинчи сап:* теманы байланыштыра ала турган сөздөрдү аныктоо.
*Үчүнчү сап:* темага байланыштуу кыймылды билдирген төрт сөз.
*Төртүнчө сап:* темага тиешелүү төрт сүйлөм.
*Бешинчи сап:* сүйлөмдөрдү мааниси жана грамматикалык жактан байланыштыруу.

**3-кадам:** үйрөнүлгөн синквейнди дептерге жазуу.

**4-кадам:** үйрөнүлгөн теманы жупта жана топто талкуулашат.

**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдөгү байламталарды окуп чыгып, таблица боюнча жөнөкөй жана татаал байламталарга ажыраткыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| Жөнөкөй байламталар | Татаал байламталар |
|---|---|
| | |
| | |
| | |

Аналогиялык тапшырмалар: Сүйлөмдөрдүн бир өңчөй мүчөлөрүн байланыштыруу үчүн көп чекиттин ордуна жана, да, ары, бирок, анткени, менен, же байламталарын коюп көчүргүлө. Керектүү тыныш белгилерин койгула.

1. Команда болгондо, Шекербек ... Алыбек өз окопторун көздөй чуркашты. 2. Алтынай энесин көрдү ... сүйүнүп кетти. 3. Ал ары жаш ... акылдуу. 4. Касымалы бойлуу толук. 5. Турсункулдун бою пас, ... күчтүү. 6. Мен мектепти бүтсөм, окууну улантам ... иштейм. 7. Мүнөзү жеңил ... эстүү.

Байланыштыргыч байламта

Эсиңерге сактагыла! Сүйлөм тизмегиндеги бир өңчөй мүчөлөрдү, бири-бирине багынбаган сөздөрдү, сөз айкаштарын жана татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү өз ара байланыштырган байламталар байланыштыргыч байламта деп аталат.

**Тапшырма 1.3.** Тексттен байланыштыргыч байламталар катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла жана байламталардын морфологиялык белгилерин айтып бергиле.

**Тапшырма 1.4.** Топтор менен иштөө. Төмөнкү берилген байланыштыргыч байламталарды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

***1-топко:***




***2-топко:***






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Тексттеги маалыматтарды үйрөнүү.
Жүзөгө ашыруу кадамдары:

**1-кадам:** Таблица менен иштөө.

**2-кадам:** Текстти талдоо, тексттеги түшүнүксүз сөздөрдү жазып, аларга «?» белгисин, ал эми тексттеги тааныш маалыматтарга «ооба» белгисин коюшат.

**3-кадам:** Тексттеги сүйлөмдөрдү окуп, аларда байламталар катышса «+», ал эми байламталар катышпаса «-» белгисин коюшат.

**4-кадам:** Тексттен корутунду чыгаруу.

| Текст | Тааныш маалымат | Тааныш эмес маалымат | Байламталар катышкан | Байламталар катышпаган |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

**Тапшырма 1.5.** Биринчи топтун окуучулары жана деген кызматчы сөздүн байламталык милдетти аткарышына, ал эми экинчи топтун окуучулары тактоочтук мааниде колдонулушуна мисалдар келтиргиле.

М и с а л ы : Окуучулар экзаменге мыкты даярданышты жана биринчиликти алууга аракеттеништи. (Байламта катарында колдонулду).
Биз айылдан жана эле келдик.(тактоочтук мааниде).

Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдөгү *менен*, *деген* кызматчы сөздүн жандоочтук жана байламталык милдетти аткаргандыгына карай таблица боюнча ажыраткыла.

1. Ысык-Көлдүн кооздугу менен байлыгына чек жок. 2. Адам – адам менен адам. 3. Бул жерде жаштар менен карылар иштеп жатышат. 4. Үстүнөн оромол менен таңып койду. 5. Баатырдын эрдиги жөнүндөгү бөлүм улам жаңы экспонаттар, документтер менен толукталууда. 6. Жеңишбек менен Микола-Аскер – экөө бирдей кыт-кыт күлүүдө. 7. Ар жерде ишиң менен тааныласың.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| Менен деген кызматчы сөз катышкан сүйлөмдөр | Жандоочтук маанидe | Байламталык маанидe |
|---|---|---|
| 1. Ысык-Көлдүн кооздугу менен байлыгына чек жок. | | |
| 2. Адам – адам менен адам. | | |
| 3. Бул жерде жаштар менен карылар иштеп жатышат. | | |
| 4. Үстүнөн оромол менен таңып койду. | | |
| 5. Баатырдын эрдиги жөнүндөгү бөлүм улам жаңы экспонаттар, документтер менен толукталууда. | | |
| 6. Жеңишбек менен Микола-Аскер – экөө бир-дей кыт-кыт күлүүдө. | | |
| 7. Ар жерде ишиң менен таанылаcың. | | |

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## Накыл сөздөр

Аз иш бүтүрдүм деп көп кейибе.
Баарынан намыс кымбат турарын унутпа.
Боло турган нерсенин болбой калганына өкүнбө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Текст менен иштөө**

## ТЕМИР ЖОЛ

Темир жол – поезд жүрүүчү рельстүү жол, жүргүнчү жана жүк ташуучу бардык техникалык каражаттары бар комплекстүү транспорттук ишкана. Өлкөнүн темир жол тармагы өнөр-жай комплексинин өнүгүшүн аныктай турган, саясий мааниге ээ, мамлекеттик аскердик – стратегиялык милдеттерди камсыз кылуучу эң маанилүү коммуникациялардын бири. Темир жолдун негизги техникалык каражаттары: кыймылдуу состав (локоматив жана вагон), рельс жолу, жасалма курулмалар (көпүрө, эстакада, виздук), станциялар жана түйүндөр, автоматика жана телемеханика каражаттары (сигналдаштыруу, борбордоштуруу жана блокировка), имараттар (депо, устакана, вокзалдар) ж.б. Арналышы боюнча Темир жол: жалпы пайданылма; өнөр-жай транспорту ( өнөр-жай ишканаларынын жана уюмдарынын негизги жолго кошулуучу тармагы, анын ичинде карагай, тоо-кен ташуучу, заводго баруучу ж.б. жолдор); шаар жолдору (трамвай, метрополитен); колеянын эни боюнча – кең жана кууш колеялуу; тартуу күчүнүн түрү боюнча – электрдик, газ трубиналуу жана буу кыймылдаткычтуу болуп айырмалаланат.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ДҮЙНӨДӨГҮ ТЕМИР ЖОЛ СИСТЕМАСЫНЫН ТАРЫХЫ

Бүгүнкү күндө дүйнөнүн дээрлик бардык ири шаарларында коомдук транспорт негизинен темир жол системалары аркылуу ишке ашырылат. Көптөгөн пайдаларынан улам темир жол системалары «жүргүнчү» жана «жүк» ташууларында чоң мааниге ээ. Өткөн кылымда, өзгөчө калк жыш жашаган аймактардын өсүшү менен, рельс системаларын курууга басым жасаган.

Айрыкча, өнүккөн өлкөлөрдүн чоң шаарларында «көп кабаттуу метро түйүндөрү, түзүлүп, транспорт жүгү бир топ деңгээлде жер астына алынып, бир топ эффективдүү транспорт камсыздалган. Темир жол системалары менен ташуу тармагындагы биринчи бизнес 1829-жылы Англияда өз ишин баштаган. Аталган мезгилде ташуу транспортко суроо-талап чоң болбосо да, «коомдук транспорт» багытталган, 1860-жылдардан кийин темир жол системалары дүйнөнүн башка ири шаарларында шаардык транспортто иштей баштаган.

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Текстте эмне жөнүндө ой төгүндөлдү?
2. Текстте темир жол боюнча кандай маалыматтар чагылдырылган?
3. Темир жолдун негизги техникалык каражаттары боюнча кандай аныктамалар берилген?
4. Дүйнөдөгү темир жол системасынын тарыхы боюнча кандай түшүнчөлөр киритилген?
5. Өнүккөн өлкөлөрдөгү темир жол транспорту жөнүндө эмнелер айтылган?

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Темир жол транспорту дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
2. Темир жол транспорту эмнелерди ташууда кеңири пайдаланылат?
3. Биринчи темир жол бизнеси кайсы жерлерде курулган?
4. Азыркы күндөгү темир жолдун өнүгүүсү боюнча кандай маалыматтарды билесиңер?

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыгып, мазмунун айтып бергиле жана азыркы күндөгү Ташкент метросунун картасы менен таанышып, ал жөнүндө ой-пикириңерди билдиргиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ТАШКЕНТ МЕТРОСУ

Ташкент метросу уникалдуу, ал Борбордук Азияда ири метрополитен болуп саналат. Жүргүнчүлөрдү ташуу да өнүгүп, күн сайын метродо каттаган адамдардын саны көбөйүүдө. «Эгемендүүлүк аянты» станциясына (Мустаққилик майдони) чыкcаңар, заманбап дизайн жана көрүнүшкө ээ болгон, силерде комплексти көрүп, Өзбекстандын мыкты, өзгөчө архитектурасы менен сыймыктануу сезими пайда болот.



## «ЭЛДЕРДИН ДОСТУГУ» СТАНЦИЯСЫ

«Алишер Наваий» станциясы Ташкет метросунун эң жакшы көргөн станцияларынан бири башка линияга ушул станциядан да өтүлөт.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «ЧИЛАНЗАР» СТАНЦИЯСЫ. БАРДЫК ЖАЙ ТАЗА ЖАНА ТЫНЧ, ТАРТИПТҮҮ




Төмөнкү берилген текстти окуп чыгып, мазмунун айтып бергиле жана текст боюнча суроолуу тапшырмалар түзгүлө.

### КООМДУК ТРАНСПОРТТО ЖҮРҮҮ ЭТИКАСЫ

Автобуска түшкөндөн кийин эшиктин жанына туруп алба, дароо салондун ортосуна өт. Картаң кишиге, аялдарга, кошбойлуу аялдарга орун бошотуп бер. Салондун ичинде семичке чакканга, балмуздак жана башка нерселерди жегенге болбойт. Транспортко түшөр алдында асынган рюкзакты, сумканы чечип колго алуу зарыл. Анткени башка адамдарга жолтоо болушу мүмкүн. Салондун ичинде катуу сүйлөө, каткырып күлүү, досторуң менен бир нерсени талкуулоо – маданиятсыздык. Түшөөргө мурдатан даярдануу керек. Жөн гана алдыга карай жүткүнө берүү, бирөөлөрдү чыканак менен түрткүлөө – бул жеткен адепсиздик. Эгерде адамдар көп болсо, анда ал үчүн алдыдагы адамдан «Кийинки аялдамадан түшөсүзбү?» деп суроо абзел.

**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү «Өзбекстан темир жолунун заманбап өнүгүшү» аттуу текстин окуп чыгып, айтып бергиле жана «Алты калпак стратегиясы боюнча текст менен иштегиле.

**1-кадам:** Окуучулар алты топко бөлүнүшөт.

**2-кадам:** 6 топ 6 түстүү калпактын бирин тандап, тиешелүү тапшырманы аткарышат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Ак калпак: статистикалык маалыматтар (темага байланыштуу фактыларды топтоо; мисалы Өзбекстандагы темир жол боюнча маалыматтар жыйноо ж.б.)

2. Сары калпак: ийгиликтүүлүк ( темир жолдун пайдалуу жактары жана Өзбекстанда темир жолдун өнүгүшү жөнүндө маалымат ж.б.)

3. Кара калпак: ийгиликсиздик (Алгачкы мезгилдеги Өзбекстандагы темир жолдун кемчиликтери жөнүндө маалыматтар).

4. Көк калпак: аналитика (талдоо жасайт, топто эмне үчүн? Эмнеге? Эмнеге байланыштуу? деген суроолорго жооп издешет.)

5. Жашыл калпак: чыгармачылык («темага байланыштуу чыгармачыл идеяларды чагылдырышат.)

6. Кызыл калпак сезимталдуулук (текстти окуганда эсине түшкөн нерселер, сезимдери, билгендери жөнүндө айтышат.)

**3-кадам:** Ар бир топ өздөрүнө берилген багыт боюнча талкуулашат.

**4-кадам:** Ар бир топ катары менен презентация жасашат.

**5-кадам:** Сөз болуп жаткан тема боюнча жыйынтык пикирлерин, чыгармачылыктарын билдиришет.

## ӨЗБЕКСТАН ТЕМИР ЖОЛУНУН ЗАМАНБАП ӨНҮГҮШҮ

Темир жол транспорту климаттык шарттар жана жыл мезгилдери кандай болушуна карабастан токтоосуз иштей берет. Анын ылдамдыгы чоң, жүк ташуунун өздүк наркы салыштырмалуу төмөн. Темир жол транспортторун түрдүү багыттарда курууга болот.

Мурда өлкөбүздүн борборунан Харезм жана Бухара облусуна баруу үчүн кошуна мамлекет Түркмөнстандын аймагынан өтүүгө туура келген. Куду ушундай, Фергана өрөөнүнө Тажикстандан өтүлгөн. Мындай жагдай жүргүнчү жана жүк ташууда көп убакыт жана каражат талап кылган. Учурда өлкөбүздө бирдиктүү темир жол системасын түзүү, Өзбекстандын эң четки аймактарынын өнүгүүсүн тездетүү максатында Наваий-Үчкудук-Нукус, Сурхандарыя жана Кашкадарыя облустарын байланыштырган. Гузар-Байсун-Кумкоргон, Ташкентти Фергана өрөөнү менен байланыштырган Ангрен-Пап темир жолдору куруп бүтүрүлдү.Өлкөбүздүн дээрлик бардык темир жолдору түздүктөрдөн, дарыя өрөөндөрүнөн өтсө да, Ангрен-Пап жана Гузар-Байсун-Кумкоргон багытындагы темир жолдор бийик тоолордо аралай өтөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Өзбекстан темир жолдору өлкөбүздүн ичиндеги жүргүнчү жана жүктөрдү ташуудан тышкары, Азия жана Европа мамлекеттеринин транзиттик жүктөрүн ташууда да чоң роль ойнойт.

Темир жолдор жүргүнчүлөрдү ташууда да маанилүү роль ойнойт. Жыл бою темир жолдон 15-20 млндон ашуун жолоочу пайдаланып жатат.

Өзбекстанда темир жолдор кошуна өлкөлөрдөгүгө караганда көп жана техникалык жактан алардан жогору турат. Акыркы он жылдыктарда Өзбекстанда темир жолдордун курулушу жана электрлештирилишине өзгөчө көңүл бурулуп жатат.

Темир жолдордун электрлештирилиши жана электровоздордун иштетилиши менен поезддердин каттоо ылдамдыгы, жолдордун өткөрүү жөндөмдүүлүгү, демек, анын эмгек өнүмдүүлүгү жогорулады.

Темир жолдордун дүйнөлүк талаптар деңгээлинде техникалык жабдылышы натыйжасында Ташкент – Самарканд багытында жүргүнчү ташууга арналган заманбап «Afrosiyob» экспресс электропоезддеринин каттоосу жолго коюлду. Орто Азияда алгачкы жолу курулган экспресс жолдун пайдаланууга тапшырылышы натыйжасында туризмдин өнүгүшү менен бирге автомобиль жолдорундагы жыштык жоюлду. Эми «Afrosiyob» электропоезддери Ташкент – Бухара жана Ташкент-Каршы-Шахрисабз багыттары боюнча да каттап жатат.

## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

Божомолдогуч байламта

Эсиңерге сактагыла! Бир өңчөй мүчөлөрдү же татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырып, божомолдоо үчүн айтылган байламталар божомолдогуч байламталар деп аталат.

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыгып, божомолдогуч байламталар катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.2.** Топтук ыкма. Төмөнкү берилген божомолдогуч байламталарды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө жана алар эмне үчүн кызматчы сөздөр деп аталышын түшүндүргүлө.

*1-топко:* Же, болбосо а

*2-топко:* Же, болбосо а, не

Аналогиялык тапшырмалар. Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдөгү көп чекиттердин ордуна тиешелүү божомолдогуч байламталарды коюп көчүрүп жазгыла.

1. Гулсарынын жаны чыга жаздады, ... дем аларга, ... тырп этерге чамасы жок. 2. Сүрөтчү абдан кооз сүрөттөрдү тартат, ... анын сүрөтчүлүк кесибинен не пайда. 3. Жорго эңкейип топурак жыттай албай, ... жата калып оонай албай, ... буттарын эркин суна албай, таң аткыча турду.

Каршылагыч байламта

Эсиңерге сактагыла! Татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бирине байланыштырып, алардын ортосундагы карама-каршы маанини билдирген байламталар каршылагыч байламталар деп аталат.

**Тапшырма 1.3.** Текстти окуп чыгып каршылагыч байламталарды таап, көчүрүп жазгыла.

## Топтор менен иштөө

**Тапшырма 1.4.** Топтук ыкма. «Кластер» методу. Төмөнкү берилген каршылагыч байламталарды катыштырып, «Транспорттордон кандай пайдалануу керек?» темасы боюнча текст түзгүлө.

*1-топко:* бирок, бирок да, ал эми, антсе да, ошентсе да, анткени менен

*2-топко:* ошенткени менен, ошондой болсо да, ошондой болгону менен



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.5.** Аналогиялык тапшырма. Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, көп чекиттин ордуна тиешелүү каршылагыч байламталарды коюп, көчүрүп жазгыла. Эмне үчүн каршылагыч байламта экенин аныктагыла.

1. Акай мерген баласын эркелете баштады, ... өзүнүн капалыгын билдирген жок. 2. Акай кара барaңды ийнине салды, ... огу аз болчу. 3. Биз жолго чыктык, ... тигилерден кабар жок. 4. Алтын шилекейиңизди чачырата бериңиз, ... биз болсок, көңүл коюп, ута беребиз. 5. Мен да далайды көргөм, ... тажрыйбам жок.

## Топтор менен иштөө

**Тапшырма 1.6.** «Броундук кыймыл» методу. Биринчи топтун окуучулары каршылагыч байламталарды айтышат, экинчи топтун окуучулары ага сүйлөмдөр түзүшөт.

Себеп-натыйжалагыч байламталар

Эсиңерге сактагыла! Татаал сүйлөмдүн тутумундагы баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү байланыштырып, андагы айтылган ойдун себебин, натыйжасын билдирген байламталар себеп-натыйжалагыч байламта деп аталат.

**Тапшырма 1.7.** Бумеранг методу. Ишке ашыруу.

***1-топко:***

«Ташкент темир жолдору» деген темада текст түзүү.

***2-топко:***

Текстке себеп натыйжалагыч байламталарды кошуп, сүйлөмдөрдү байланыштыруу.

**Тапшырма 1.8.** Төмөнкү татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү себеп-натыйжадагы байламталардын жардамы менен көчүрүп жазгыла, тыныш белгилеринин коюлуш себебин түшүндүргүлө.

1. Алтынай отличник болду, ал жакшы окуду. 2. Жакында каникулга тарайбыз, окуу жылы аяктайт. 3. Мен ага кат жазган жокмун, дарегин жакшы билбейт элем. 4. Алар кечигип келишти, аябай чарчашкан экен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**


| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |

## Накыл сөздөр

Максат менен соккон жүрөк, бакыт менен өмүр сүрөт.
Максаты бийик алдатпайт, кыялы күлүк карматпайт.
Максатты ишке ашыруу убакытка көз каранды.

## Текст менен иштөө

### НЬЮТОН ИСААК




Улуу жазуучу, композитор, сүрөтчүлөрдү классик деп аташат. «Классик» деген сөз мыкты, жетик, үлгүлүү, таанымал дегенди билдирет. Ал эми жетик, кемтиксиз түзүлгөндүгү үчүн классикалык деп аталган да бир илим бар. Ал Ньютондун классикалык механикасы.

Механика – нерселердин кыймылы жөнүндөгү илим. Жаандын тамчылары үйдүн чатырын дыбыратат, хоккейчилер музда зымырашат. Асманда самолёт учуп баратат. Планеталар Күндү айланышат. Мына ушулардын баары кыймылдын мисалдары. Ушул жана башка кыймылдар бири-бирине окшобогону менен алардын баары механиканын бирдиктүү закондоруна баш иет. Бул закондорду англис окумуштуусу Исаак Ньютон ачкан.

Бала кезинде ал механикалык оюнчуктарды, суу тегирмендин моделин, батпирек жасаганды жакшы көргөн. Кийин ал күзгү, призма, линза жылмалаганды эң мыкты өздөштүрүп, бул өнөрү менен Англиядагы эң мыкты усталардан да ашып түшкөн. Дарактын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

башынан кокустан үзүлүп түшкөн алма Ньютондун бүткүл дүйнөлүк тартылуу законун ачуусуна негизги себеп болгон уламыш кеңири тараган. Бирок башка окумуштуулар деле нерселердин түшкөнүн көрүшкөн жана аны түшүндүрүүгө аракет кылышкан. Ошентсе да Ньютонго чейин бул эч кимдин колунан келген эмес.

«Эмне себептен алма четтеп, капталдап кетпей дайыма жерге түз түшөт» – деп ойлогон ал. Бул маселенин үстүндө Ньютон жаш кезинде эле ой жүгүртө баштаган, бирок аны чечкендигин 20 жылдан кийин гана жарыялаган.

Ньютондун жасаган ачылышы кокустан эмес. Ал узак мезгил бою ойлонуп жүрүп, андан кийин жыйынтык чыгарган. Анын катасыз тактыгына өзү бекем ишенгенде гана жарыялаган. Ньютон ыргытылган таштын, түшүп бараткан алманын, Ай менен планеталардын кыймылы тартылуу законуна баш иет деп аныктады.

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Текстте негизинен эмне жөнүндө ой баяндалды?
2. Текстке эң ылайыктуу мүнөздөмө кайсы абзацта берилген?
3. Текстте Исаак Ньютондун кандай ачылыштары жөнүндө ой бөлүштүрүлдү?
4. Исаак Ньютон жөнүндө текстте толук маалымат берилгенби жана кандай маалыматтарды кошсо болот?

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. «Классика» деген сөз кандай мааниде колдонулат?
2. Исаак Ньютонду эмне үчүн классик деп атайбыз?
3. Ал кандай закондорду ачкан?
4. Бул закондорду ачууда кандай окуяларга дуч болгон?

## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

Салыштырма байламта

Эсиңерге сактагыла! Татаал сүйлөмдүн тутумундагы баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдөрдү бири-бирине салыштыруу үчүн колдонулган байламталар салыштырма байламта деп аталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыгып, байламталарды тапкыла жана байламталардын кайсы түрү экендигин аныктагыла.

**Топтор менен иштөө**

| ***1-топко:*** | ***2-топко:*** |
| --- | --- |
| **ошондой, ошончолук** | **ошончо, ошолордой** |

**Тапшырма 1.2.** Топтук ыкма. Берилген салыштырма байламталардыы катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, салыштырма байламталарды тапкыла. Салыштырма байламталар татаал сүйлөмдүн кайсы бөлүгүндө (баш, багыныңкы) колдонулуп жатканын аныктагыла.

1. Гүлсары кандай болуп карыса, Танабай да ошондой болуп карыды. 2. Башкалар кандай жай бастырып баратса, Танабай ошолордой жай бастыра албайт. 3. Мурунку секретарлар канчалык жакшы иштесе, ошончолук кадыр-барк алчу. 4. Төөнүн өзү канча болсо, жүгү да ошончо.

**Тапшырма 1.3.** Текстти окуп чыгып, Исаак Ньютондун илимде кандай ачылыштар жасагандыгын жана ийгиликтери жөнүндө текстте кандай маалыматтар берилгендигин айтып бергиле.

## НЕГИЗГИ ЭРДИКТЕР

Нерселерди табуу жана илимде революция жасоо үчүн, ал пленеталардын орбиталарын сүрөттөгөн. Галилео жана Кеплердин мыйзамдары боюнча буга чейин кыймыл боюнча жарыяланган изилдөөлөрдү билиши керек болчу. Ошентип, Ньютон физикадагы динамика жөнүндө биз билген негизги мыйзамдарды орното алды. Бул мыйзамдар инерциянын мыйзамы, күчтүн пропорционалдуулугу, ылдамдануу мыйзамы жана аракет реакциясынын принциби. Ушул билиминин аркасында ал бүткүл дүйнөлүк тартылуу мыйзамын орното алганга чейин физиканын сырларын тереңирээк изилдеп жатты.

Исаак Ньютон ачып жаткан ачылыштар бүт илимий коомчулукту таң калтырды. Күч менен кыймылдын ортосундагы байланыш



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


орбитанын траекториясын түшүндүрүп, болжолдой алган Кызыл планета, ошол эле учурда ал Жер менен космостун ортосунда болгон бардык механиканы бириктире алган.

Шарттуу байламта →

Эсиңерге сактагыла! Татаал сүйлөмдүн тутумунда туруп, баш сүйлөмдөгү айтылган ойдун, иш-аракеттин шартын билдирген байламталар шарттуу байламталар деп аталат.

**Тапшырма 1.1.** «Кластер» методу. Төмөнкү берилген шарттуу байламталарды катыштырып, биринчи топтун окуучулары «Исаак Ньютондун биринчи закону», ал эми экинчи топтун окуучулары «Исаак Ньютондун экинчи закону» деген темада текст түзгүлө.

***1-топко:***




***2-топко:***




**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөн шарттуу байламталарды таап, баш сүйлөмдөгү айтылган ойдун шартын кайсы сүйлөм көрсөтүп турганын аныктагыла.

1. Күлүканга Султанмурат үч жолу кирди, эгер кирбесе, артка чыгып кетмек. 2. Эгерде акын көпкө чейин ырдабаса, эл эчак эле тарап кетет эле. 3. Жамийла тынч отурбайт эле, эгер Данияр үн көтөрүп ырдап жибербесе. 4. Эгерде сен бой көтөрсөң, анда ырдабай эле кой, мен да укпаймын, эгер бой көтөрбөсөң ырда.

**Тапшырма 1.3.** Аналогиялык тапшырма. Көп чекиттин ордуна тиешелүү шарттуу байламталарды коюп жазгыла.

1 ... сен жакшы окубасаң, окууну уланта албайсың. 2. ... мен асманга учпасам, бул оюм орундалбайт эле. 3. Алтынай окубайт эле, ... Дүйшөн аны окууга жибербесе. 4. Акбара кайра жашармак, ... айбандар башынан өткөндү кайра айтып бере алышса, же аларды эстей алышса.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Даймонд» стратегиясы. Төмөнкү берилген тапшырма боюнча байламталарга кандай тыныш белги коюлушун аныктагыла.

| Үлгү: | Шарты: | Мисалдар: |
|---|---|---|
| 1. | Үтүр коюлбай турган байламталар: | |
| 2. | Өзүнөн мурда үтүр коюлуучу байламталар: | |
| 3. | Бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштыруучу байламталар: | |
| 4. | Өзүнөн кийин үтүр коюлуучу байламталар: | |

**Тапшырма 1.4.** Өз алдынча иштөө. Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, байламталарга кандай тыныш белгилеринин коюларын аныктагыла. Мааниси боюнча кандай байламта экенин далилдегиле.

1. Кардын басылганы же басылбаганы же жааганы билинбейт бирок жердин бети мелтиреген да калган. 2. Базарбай мага таарынды да калды ошол себептен бүгүн келген жок. 3. Асанбай – нары өтүмдүү нары сылык, нары ак көңүл жигит. 4. Гүлсарыны Базарбай минип жүргөнү жүргөн ошондой болсо да этинен түшпөйт. 5. Кыш кетерине аз калган убак ошон үчүн тоолордун күнгөй жакка боорлору кардан бошонуп, кадимкидей жаз келе баштаптыр.

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |

## Накыл сөздөр

Эне мээрими баарынан жылуу.
Баланын бактысы – ата-эне.
Эне мээрими – балага нур.
Эне касиеттүү от.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# IX БӨЛҮМ. ИСКУССТВО ЖАНА МАДАНИЯТ



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Текст менен иштөө**

## ЗАХИРИДДИН МУХАММАД БАБУР



Захириддин Мухаммад Бабур (1483–1530) – Индиядагы Улуу Моголдор мамлекетинин негиздөөчүсү, Орто Азиядагы түркий жана фарсы тилдеринде жазган акын, тарыхчы жана ойчул, Темурийлердин Фергана дубанын башкаруучусу Омор Шейх мырзанын уулу, Ал 1483-жылы 14-февралда Анжиян шаарында туулган.

Бабурдун жекече сапаттарында өзгөчө айырмаланган белгилер булар эле.

Бабур деген ысым «шер» маанисин туюнтуп, өзү мүчөсү келишкен, өтө балбан, эр жүрөк, ыкчам, эпчил адам болгон. Суучулдугу да эң мыкты эле. Индияга жол тартып баратканда Гангадан башка майдараак дарыялардын бардыгынан сүзүп өтүптүр. Кээде көнүгүү жасоо үчүн эки колтугуна эки килейген адамды кысып алып, Агра коргонунун үстүнөн чуркап жүргөн. Көркөм туюму, акылы да терең болуп, ырлар жазган. «Бабур-нааме» баянын да кооз тил менен жөпжөнөкөй сүрөттөөлөр аркылуу жазып, өз ойлорун көпчүлүккө жеткире алган. Бабур жаратылыштын сулуулугуна аябай суктанып, анын фонунда уюштурулган оюн-зоокту да жакшы көргөн.

Анжияндан кубалангандан кийин ал Ооганстан тарапка бет алат. Гиндикуш тоосун басып өтүп,Кабулду тез эле багындырып алат. 1511-жылы Самаркандды алыш үчүн дагы бир жолу аракет жасап, бирок бул жолу да иши оңунан чыкпайт, Ошондон кийин ал жомоктогудай байлыгы толуп-ташкан Индустанды басып алууга белсенип киришет. Индустанды басып алып, анын өкүмдарына айланат. Ошол согушта замбирек да колдонгон жана он эки миң аябай сыналган күжүрмөн армиясы болгон. Ошентип, Индиянын султаны Ибирахим Лудини жеңип Бабур ал жерге «улуу моголдордун» мамлекетин негиздейт.

Бабурдун анты: «Тизе бүгүп жашагандан көрө, тике туруп өлгөн жакшы». Ал мына ушундай эр жүрөк адам болчу.


**Тапшырма 1.** Текстти окуп, мазмунун айтып бергиле жана Захириддин Бабур жөнүндө өз билген маалыматыңар боюнча кошумча киритип, презентация даярдагыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 2.** Сүрөттөр менен иштөө. Берилген сүрөттөр боюнча «Жаш падыша» деген темада текст түзгүлө.




## БАБУР-НААМЕ

«Бабур-нааме» дүйнөлүк адабият булагында өтө баалуу жана кадырлуу эстелик, өзбек адабиятында алгачкы прозалык мемуардык жана тарыхый-илимий чыгарма болуп саналат. Анда 1494-жылдан 1529-жылга чейинки мезгил камтылып, жылдар боюнча летопись түрүндөгү баянда Орто Азия (Фергана), Афганстан, Индустан сыяктуу өлкөлөрдө өткөн ири тарыхый окуялар, ал жерлердин жаратылышы, жан-жаныбарлары, элдин салт-санаасы, үрп-адаттары тууралуу кабар берилет. Баян жөнөкөй тил менен жазылган тарых, география жана этнографиялык маалыматтар болуп эсептелинет. Андан XI кылымдын аягы XII кылымдын башындагы көп баалуу факты-кабарларды аталган илимдин өкүлдөрү алып, аларды биринчи булак, «тарыхый материал катары пайдаланып жүрүшөт. «Бабур-нааменин» өтө баалуу жагы мына ушунда.

«Бабур-нааме» өзүндө баяндалган окуяларга карата үч бөлүктөн турат. Биринчи бөлүгүндө Бабурдун атасы – Темурийлердин Фергана дубанын башкаруучусу Омор Шейх мырза (1461–94) жөнүндө, ошондой эле Бабурдун Фергана тактыга олтурушу (1494-ж июнь), бирок Темурийлер мамлекетинде такты үчүн болгон айыгышкан күрөштө жеңилип калышы (15-кылым, 90-жылдыр), андан ары акыры Ооганстанга ооп кеткени айтылат, өз атасы, апасы, бир туугандары тууралуу, Орто Азиядагы чоң шаарлар жөнүндө маалымдайт.

«Бабур-нааменин» экинчи бөлүмүндө Ооганстандын жери тууралуу баяндалат. Ооган эли ошол кезде дыйканчылык менен



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кесип кылып, айрым бир бөлүгү көчүп-конуп жүргөн көчмөндөр болгон. Калкы ар түрдүү диалектилерде сүйлөшкөн. Бабур Ооган жеринин кербенчилер жүрө турган тоо арасындагы кичинекей жолдоруна чейин билген , ар түрдүү шаар аралык байланыш каттамдарын да абдан үйрөнгөн экен. Ошол себептүү алар тууралуу да эмгекте кең-кесири маалымдалат.

Чыгарманын үчүнчү бөлүмү 1525–1530-жылдар аралыгын камтыйт. Бул экинчи бөлүмгө караганда кеңири жазылган. Автор анда өзүн инду тарыхын жакшы билген адам катары көрсөтө алган.

Китептин үч бөлүмүндө тең Бабур өзүнүн адабий чөйрөсү тууралуу айтууну унуткан эмес. Анын Алишер Наваийге берген баасын мурда келтирген элек. Андан башка маданий турмуш темаларына да көп көңүл бурган. Алсак, өз доорундагы аны менен аралашып жүргөн, жакшы билген художниктер, музыканттар, акындар, ошондой эле мамлекеттик ишке аралашкан адамдар тууралуу баяндайт.

Китепте Орто Азия, Ооганстан, Индустан жерлериндеги кен байлыктары, алардын чарбалык мааниси тууралуу да ой жүгүртүлөт.

Шаарлардан Самарканд жөнүндө айтып, анын коолдугу, маанилүү курулуштары, аны жасоого демилге көтөргөн адамдар тууралуу сүйлөп келип, Улугбектин астрономиялык обсерваториясы жөнүндө абдан тамшанып, суктанып, айтып берет.

Акбаршахтын (Бабурдун небереси 1556–1609) учурунда «Бабур-нааме» перс тилине которулуп, бүткүл Чыгышта өзүнчө бир чоң тарыхый булак катары кызмат өтөгөн.

### Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор

1. Текстте кандай ой бөлүштүрүлдү?
2. Тексттин ар бир бөлүгүндө эмнелер жөнүндө маалыматтар берилген?
3. Биринчи бөлүгү менен экинчи бөлүктүн айырмасы эмнеде?
4. Текстте чыгарманын үч бөлүгүн байланыштырып турган тема кайсы?
5. Текстте Бабурдун өмүр баяны жөнүндө маалыматтар барбы?

### Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор

1. Чыгарма кайсы жылдардагы окуяларды өз ичине камтыйт?
2. «Бабур-нааменин» дүйнөлүк адабият тарыхында баалуулугу эмнеде?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3. Чыгарманын биринчи бөлүгү кандай аталган жана анда кандай окуялар баяндалат?
4. Чыгарманын экинчи бөлүгү кандай аталат жана анда эмнелер жөнүндө маалымдалат?
5. Үчүнчү бөлүгүндөгү окуялар кандай жазылган жана автор өзү жөнүндө кандай маалыматтар бере алган?
6. Чыгарманын корутунду бөлүгү жөнүндө жана жалпысынан автордун бул чыгырмасында эмнелерге токтолгондугун айтып бергиле.

Сүрөттөр менен иштөө. Төмөнкүдө берилген сүрөттө эмнелер көрсөтүлгөн жана «Бабур-нааме» чыгармасына кандай тиешеси бар? Өз пикириңер менен толуктагыла.





## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

**Бөлүкчөлөр**

Эсиңерге сактагыла! Өз алдынча турганда эч кандай лексикалык маанини билдирбеген, айрым сөзгө же бүтүндөй сүйлөмгө ар түрдүү кошумча маанини киргизген кызматчы сөздөр бөлүкчөлөр деп аталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Топтор менен иштөө

«Сөз жарыш» оюну. Класстагы окуучулар кичи топторго бөлүнүшүп, төмөнкү берилген бөлүкчөлөрдү тандап, ар бирине сүйлөмдөр түзүшөт. Жеңүүчү топ жазылган сүйлөмдүн санына жараша аныкталат.

гана, бейм, го, белем, ата, абдан, өтө, эң, эч, түк, ылгый, өңчөй, эле, чейин, ээ, ыя, аябай, тим эле, дегеле, нак, как, так, да, дагы, дале, куду, ооба.

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыгып, бөлүкчөлөр катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

**Тапшырма 1.2.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү окуп чыгып, көчүрүп жазгыла жана бөлүкчөлөрдү аныктап, астын сызгыла. Алардын эмне үчүн бөлүкчө экендигин айтып бергиле.

1. Чоро Танабайдын жүзүнө үңүлүп: «Мага таарынып жүргөн жоксуңбу, ыя»? – деди акырын гана. 2. Ачыгып калдыңбы? Суусап турасың, ээ? Байкуш Гүлсары. 3. Кыйналдың го, байкушум, катуу кыйналдың бейм, Гүлсары? 4. Сүрөткө өңчөй жаштар түшүптүр.

**Тапшырма 1.3.** Топтук ыкма. Биринчи топтун окуучулары жогоруда берилген тексттен чектегич бөлүкчө катышкан сүйлөмдөрдү, ал эми экинчи топтун окуучулары күчөткүч бөлүкчө катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, алардын кызматчы сөз катарында маанисин түшүндүрүп бергиле.

**Тапшырма 1.4.** Өз алдынча иштөө. Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдөгү *эле* деген сөздүн чектегич бөлүкчөлүк жана көмөкчү этиштик мааниде колдонулушун таблица боюнча ажыратып жазгыла.

| Эле сөзү катышкан сүйлөмдөр | Чектегич бөлүкчөлүк мааниде | Көмөкчү этиштик мааниде |
|---|---|---|
| Танабай өргө чыккыча чыдабай кетер эле. | | |
| Бир эле оюм ошондо болчу. | | |
| Мен бала чактан бери билген эки чоң терек болор эле. | | |
| Атам эле келди. | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| | | |
|---|---|---|
| Алтынай эле бизге жардамдашып жатты. | | |
| Танабай жаңы жумушка көнгөнүнө ыраазы болуп калчу эле. | | |

**Тапшырма 1.5.** «Кластер» методу. Берилген күчөткүч бөлүкчөлөрдү катыштырып, «Биздин улуттук мурастарыбыз» деген темада текст түзгүлө.

***1-топко:***

эң, өтө, абдан, аябай, аңчай (аңкай), жалаң, чылк.

***2-топко:***

чылгый, түк, такыр, ным, тим эле, шумдук, жаман.

**Тапшырма 1.6.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдөн чектегич бөлүкчөлөрдү аныктап, алардын астын сызгыла жана эмне үчүн чектегич бөлүкчө аталгандыгын түшүндүрүп бергиле.

1. Баласын сагынганымдан ошенттим эле дейт.
2. Бешик ыры ар дайым эле бала сооротуу үчүн гана эмес, ал жакшы тилек билдирүү, эненин кубанычын, муңун, баланын ата-бабаларынын санжыралуу окуяларын, эл жомокторун, дастандарын айтуу менен баланы жаш кезинен жакшы жүрүм-турумдарга тарбиялоо үчүн ырдалган.
3. Кара сакал Эшмамбет, сизге учурашып, кайтты эле. 4. Үй ичи гана жарык.
5. Ай да болсо, таптакыр башкача, азыр эле жарык болуп туруп, бат эле караңгылык басат.

Аналогиялык тапшырма. Берилген сүйлөмдөрдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү күчөткүч бөлүкчөлөрдү коюп жазгыла.

1. Ушак айткан – ... жаман адаттын бири. ... сонун эмеспи, байчечекей гүлдөгөн.
2. Ташкентте ... кооз үйлөр көп курулуптур.
3. Бахмалдын алмасы ... таттуу болот.
4. Өз өкүмүн ... сонун, билет экен карылык.
5. ... жакшысын тандап алдым. 6. Бул айнек ... катуу экен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |

## Накыл сөздөр

Дос күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат.
Эсептешкен дос болбойт.
Жүз сумуң болгончо, бир досуң болсун.

## Текст менен иштөө

### ЧЫГЫШ ОБОНДОРУ МУЗЫКАЛЫК ФЕСТИВАЛЫ

Чыгыш обондору эл аралык музыкалык фестивалы ар эки жылда Самарканд шаарында 25–30-август күндөрү 60 тан ашуун өлкөдөн музыка тобунун катышуусу менен өткөрүлөт.

Эл аралык чыгыш обондору музыка фестивалын уюштуруу комитетинин басма сөз координатору Сафар Остонов 1997-жылы президент Ислам Каримовдун демилгеси менен башталган фестивалга жыл өткөн сайын кызыгуунун артуусу менен улантылганын белгиледи.

Биринчи жылы 31 өлкөнүн музыка тобунун катышуусу менен башталган фестивалга Египет, Япония, Түштүк Корея, Орусия жана Индия да болгон 60 тан ашуун өлкөдөн музыка тобунун кайрылганын белгилеген Остонов иш чаранын кыска убакытта бүткүл дүйнө кызыккан музыка фестивалы болгонун айтты.

Чыгыш обондору музыка фестивалы эки жылда бир август айынын акыркы жумасында Самарканддын дүйнөгө белгилүү Регистан аянтында даярдалган атайын сахнада өткөрүлөт.

Фестивалда сахнага чыккан коноктор улуттук ырларын аткарат. Катышуучу топтор сахна өнөрлөрүн өздөрүнө таандык улуттук кийимдери менен сунушташат.

Өзбекстан маданият жана спорт министрлиги тарабынан уюштурулган фестивалга БУУ, билим берүү, билим жана маданият уюму ЮНЕСКО да колдоо берүүдө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Чыгыш обондору» – түрдүү цивилизациялар, элдер жана улуттар ортосунда өзүнө мүнөздүү маданий биримдик, ошондой эле баарлашуу майданы.

Өзбекстан Республикасы Президенти Шавкат Мирзиеёв 26-август күнү «Чыгыш обондору» он экинчи эл аралык музыка фестивалынын салтанаттуу ачылышына катышты жана сөз сүйлөдү.

Мамлекетибиз жетекчиси меймандарды өлкөбүздө көрүүдөн кубанычта экендигин билдирип, фестивал катышуучуларды ушул майрам менен куттуктады.

Бул форумда түрдүү цивилизациялар, элдер жана улуттар ортосунда өзүнө мүнөздүү маданий биримдик, ошондой эле баарлашуу майданына айлангандыгы, Регистан аянтында кадам койгон ар бир катышуучу улуту, тили жана динине карабастан, келечек перзенти катарында элдерди бири-бирине байланыштырышын айтып өттү.

Музыка өнөрү маданий феномен катарында жаңы муундарды тарбиялоо жана келечекке жеткирүү максатында чексиз мүмкүнчүлүктөргө ээ болуп саналат. Музыка менен достошо алган жаштардын турмушка мамилеси, улуттук үрп-адат жана жалпы улуттук баалуулуктарга урматы бийик болот – деп айтып өттү Президентибиз.

ЮНЕСКО Баш директору Одри Азуле өз чыгышында фестивал өтүп жаткан Самарканд шаары Амир Темурдун улуу мамлекети, Регистан аянты болсо, Мырза Улугбектин мурасы катарында элестетип турушун, бул мурас кылымдар бою окумуштууларды, өнөрпоздорду, артисттерди бул жерге жетектеп келгендигин эскертти. Жалпы улуттук баалуулуктар тарыхын асыроо, универсал тил болгон музыканы өнүктүрүү ЮНЕСКОнун жоопкерчилигине киришин, бул уюм Өзбекстан менен кең көлөмдүү биримдикти өнүктүрүү максатында экендигин билдирди.

Улуу искусство форумунун негизги иш-чаралары өтүп жаткан жерлер майрамдай кооздолгон. Шаардын көчөлөрүндө жана коомдук транспорттордо фестивалдын эмблемасын чагылдырган ар кандай плакаттар, дубал сүрөттөрү илинген, ал эми шаардын имараттарынын фасаддары майрамдык чырактар менен кооздолгон.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ошондой эле бул фестивалда Эгемендүү Мамлекеттер, Шериктештик аткаруу комитети, Россия, Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Түркмөнстан, Бангладеш, Польша, Беларус, Япония, Түштүк Корея, Улуу Британия жана башка мамлекеттерден расмий адамдар, улуу коноктор катышты.

Музыка адамдын руханий дүйнөсүн байытууда салым кошуп,асыл ишке шыктандырып, жан дүйнөнү нурлуу ойлорго толтурганын «Шарк тароналари» далилдейт.

Бул фестивалда 75 мамлекеттен 340 өкүл катышты. Мамлекетибиз жетекчиси аларды искусствонун чыныгы күйөрмандары, тынчтык жана жакшылыктын элчиси деп атады.

«Өзбекстандын аброюн көтөрүүгө кызмат кылган, элдердин достугун жана биримдигин чыңдаган эл аралык фестивалга катышуу ар бир сүрөтчү үчүн чоң сыймык. Көлөкөлүү бакчаларды жана сейил бактарды, кооз фонтандарды, тарыхый жана архитектуралык эстеликтерди, Өзбекстан элинин жогорку чыгармачылык потенциалынан кабар берген ажайып имараттарды көрүп таасирленишет. Алар дүйнөлүк цивилизацияга эбегейсиз салым кошкон улуу ойчулдар жана узак тарыхы менен таанымал адамдар».

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Текстте эмне жөнүндө ой бөлүштүрүлдү?
2. Бул музыкалык форум кандай башталгандыгы жана анда кимдер катышкандыгы жөнүндө кандай маалыматтар берилген?
3. Фестиваль убагындагы көрүнүш кандай чагылдырылган?
4. Фестивалга келген коноктор бул форумду кандай баалашты жана анын натыйжасы жөнүндө кандай ой-пикирлерди билдиришти?

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Чыгыш обондору фестивалы качан кайсы мезгилдерде өткөрүлөт?
2. Фестивалды өткөрүүнүн негизги максаты эмнеде?
3. Чыгыш обондору фестивалы кимдин демилгеси менен канчанчы жылдан бери улантылып келе жатат?
4. Бул фестивалды Президентибиз Шавкат Мирзиёев кандай баалады?
5. ЮНЕСКОнун баш директору Одри Азуле Самарканд шаарын жана Регистан аянтын эмне деп эскертти жана бул форумду эмне деп белгиледи?
6. Фестивалга кайсы өлкөлөрдөн өкүлдөр катышышты?
7. Келген коноктор Өзбекстан жөнүндө кандай пикирлерди билдиришти?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыгып, бөлүкчөлөрдү көчүрүп жазгыла жана алардын сүйлөм ичинде кандай кызмат аткарышын түшүндүргүлө.

### Топтор менен иштөө

«Броундук кыймыл» методу. Биринчи топтун окуучулары аныктагыч жана ырастагыч бөлүкчөлөрдү катыштырып, ал эми экинчи топтун окуучулары тангыч жана сурама бөлүкчөлөрдү катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө..

***1-топко:***

да, деле, так, нак, как, дагы, дал, ооба, да

***2-топко:***

эч, турсун, турмак, тур гай, түгүл, түк, такыр, ээ, ыя

**Тапшырма 1.2.** Аналогиялык тапшырма. Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдөгү көп чекиттердин ордуна тиешелүү бөлүкчөлөрдү коюп жазгыла жана бул бөлүкчөлөрдүн кайсы түрүнө кирерин аныктагыла.

1. ... ызалуу жана муңдуу турган келин апасынын айткандарына чыдай алган жок. 2. Бир атым насыбайынын ар бир тогологу эки асыйга айланды ... 3. Кырк асый! Аны үч айдын ичинде төлөп берсем, алардын тезегинен ... асый өнөт. 4. ... бий алдында чакырылам. 5. Шору арылбаган Батыйна туулгандан шорго жаралган жан экенсиң ... 6. ... мага эркиндик жокпу, ... эле азаптуу шордон арыла элекминби? 7. Эмне, мен ... ата-энемден ажыраймынбы? 8. Оо, менсинген улуу тоолордун койнунда ачылбаган далай сырлар бар ...

Өз алдынча иштөө. Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдөгү бөлүкчөлөрдү таап, таблица боюнча кайсы түрү экендигин аныктагыла.

| Сүйлөмдөр | Сүйлөмдө катышкан бөлүкчөнүн түрү |
|---|---|
| 1. Өзбекстан Республикасында жашаган элдердин бир туугандык достугу эч бузулбайт. | |
| 2. Биздин элдин маданиятынын өсүшү башка өлкөлөрдөн эч калышпайт. | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*Уландысы*

| | |
|---|---|
| 3. Чогулуш кечки саат бешке чейин бүтөт, ээ? | |
| 4. Концертке келесиңби, ыя? | |
| 5. Ооба, менин да оюм ошондо. | |
| 6. Мен эле кечигиптирмин. | |
| 7. Асылдын так өзү экен. | |

**Тапшырма 1.3.** Кичи топтордо иштөө. Божомолдогуч жана чектегич бөлүкчөлөрдү өз-өзүнчө көчүргүлө. Эрежесин айтып бергиле. Бөлүкчөлөрдүн кайсы бири сөзгө же кайсы бири сүйлөмгө кошумча маани киргизип жатканын аныктагыла.

Сөзгө ← → Сүйлөмгө

1. Менин турмушумда эң зор жаз ошондо болду го. 2. Караан экөө, айдап алышкан жүктүү өгүзү бар белем. 3. Мени калтырасыңбы дегенсип, окурана ээрчий берди, ачка мал отко алаксыды бейм. 4. Көрсө, ошонун өзү да жаңы мыйзамга кыйчалыш белем. 5. Жалгыз гана кампачы токтоно алган жок. 6. Мына, мен гана бир чети.

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## Накыл сөздөр

Окуу болсо, билим үчүн жол салат,
Билим болсо, иштин көзүн ал табат.
Билимдүүгө окуу кийим, аш болот,
Билимсиздер ушак менен дос болот.

## Текст менен иштөө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЭЛ АКЫНДАРЫ ЖАНА МАНАСЧЫЛАР

Кылымдар бою ооздон-оозго өтүп, айтылып келген ажайып чыгармаларды сактап, жандандырууда жана аларды кагаз бетине түшүрүп, түбөлүк калтыруу ишинде эл ырчыларынын эмгеги ат көтөргүс. Өмүр бою көчүп-конуп жүргөн кыргыз элинде кино, театр өңдүү маданий жайлардын болбогону белгилүү. Эл арасынан чыккан ар кандай таланттар: шайырлар, төкмө-ырчылар, жамакчы-жомокчулар, обончулар жана комузчу-кыякчылар эл аралап, өз өнөрүн көрсөтүп адамдардын көңүлүн ача турган. Алар аш-тойлордо же тек гана кечки отуруштарда эл мүдөөсүн орундатып ыр-күү, санат-дастандарды аткарып беришчү. Андай учурларда акын жалаң гана ыр менен чектелсе элди зериктирип калышы ыктымал, ошондуктан өнөрдүн ар кандай түрлөрү пайдаланылган. Айталы, Токтогул ырчы эл алдында ыр менен гана чектелген эмес, ал комузду да жакшы черткен, куудулдугу да болгон. Комуздун коштоосунда бир черткен күү-кайрыктарын экинчи ыксыз кайталабагандыгын замандаштары эскеришчү.

Акындар элдин рухий турмушунан булак катары азык алган.Калктын социалдык турмушу, мүдөө-талабы, эркиндик үчүн күрөшү акындар поэзиясында чагылдырылган. Ар бир акын же ырчы өзүнүн чыгармачылык индивидуалдуулугун, коомдук турмушка карата көз карашын көрсөтүүгө аракеттенген. Алардын поэзиясында айтыш, санат-насыят ырлары, дастанчылык кеңири өнүккөн.

Эл ырчыларынын оозеки чыгармачылыкты мыкты өздөштүрүшү, жатка билиши ошо элдик казынанын, баалуу мурастын жоголуп кетпешине, муундан-муунга сакталып келишине шарт түзөт. Ырчы-жарчылардын, төкмө акындардын, жамакчы-жомокчу, дастанчылардын элдик оозеки чыгармаларды сактап келишинин натыйжасында гана ири көлөмдүү «Манас», «Семетей», «Сейтек» өңдүү шедеврлердин ондогон варианттары жыйналды. Ырчылардын айтып берген материалдары негизинде оозеки эл чыгармаларынын башка түрлөрү да жарык көрүп, кайра элдин өзүнө тартууланды.

Манасчы – кыргыз элинин гениалдуу көркөм мурасы «Манас» эпосун айтуучу, аткаруучу таланттууу адам. Манасчылар – улуу эпос «Манасты» жараткан, толуктаган, азыркы көлөмгө, көркөмдүк деңгээлге жеткирген элдик таланттардын тобу. Ар бир айтуучу эпостун негизги өзөк окуяларын сактап, жалпы салттан чыкпай, өзүнүн жекече көркөм фантазиясына, чыгармачылык дараметине жараша ага алымча-кошумчаларын кошот, өзгөртүүлөр киргизет. Таланты күчтүү манасчылар «Манастын» өзүнчө бир вариантын түзүүгө чейин жетишет, ошондуктан эпостун ар кыл варианттарында манасчылардын дүйнөгө көз караштары, стилдик өзгөчөлүктөрү көрүнүп турат. Дүйнөлүк эпостордун ичинен



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мазмуну эң бай жана көлөмү зор эпос болгондуктан, манасчылар эпосту бир нече күндөр бою айта алышкан. Окуялардын ырааттуулугун, каармандардын, жер-суулардын аттарын жана башка компоненттерди жатка билишет да, өзүнүн акындык шыгы менен окуялардын жүрүшүн төгүп айта берет.

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Текстте кимдер жөнүндө ой бөлүштүрүлдү?
2. Акындардын элдик оозеки чыгармачылыкты сактоодогу кызматы жөнүндө кандай ой-пикирлер айтылды?
3. Акын жана ырчылардын эл арасындагы орду жөнүндө кандай маалыматтар берилген?
4. Манасчылар текстте кандай сөздөр менен кандай даражада көрсөтүлгөн?
5. Алардын ырчылык өнөрү жөнүндө берилген ой пикирлер туура берилгенби жана силер кандай кошумчалар кирите аласыңар?

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Кыргыз элинде эмне үчүн оозеки чыгармачылык жакшы өнүккөн?
2. Эл турмушу элдик ырчылардын чыгармаларларында кандай чагылдырылган?
3. Жаңы нерселерди акындар тарабынан кабыл алынышы кандай мүнөздө берилген?
4. Акындар элдин мүдөөсүн чагылдырууда жалаң ыр менен чектелип калышканбы?
5. Алардын чыгармачылыгы кандай түрдө өнүккөн?
6. Манасчылар кимдер жана алардын акындык шыгы жана таланттуулугу.

**Тапшырма 1.1.** Текстти окуп чыккыла жана мазмунун айтып бергиле. «Алты калпак» стратегиясы боюнча текст менен иштөө.

**1-кадам:** Окуучулар алты топко бөлүнүшөт;
**2-кадам:** 6 топ 6 түстүү калпактын бирин тандап, тиешелүү тапшырманы аткарышат;

1. **Ак калпак**: статистикалык маалыматтар (темага байланыштуу фактыларды топтоо; мисалы С. Каралаевдин туулган жылы, «Манасты» качан айта баштashы ж.б.)

2. **Сары калпак**: ийгиликтүүлүк (манасчынын ийгиликтүү учурлары, жактары ж.б.)

3. **Кара калпак**: ийгиликсиздик (манасчынын ийгиликсиз жактары, кемчилиги).

4. **Көк калпак**: аналитика (талдоо жасайт, топто эмне үчүн? Эмнеге байланыштуу? деген суроолорго жооп издешет.)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

5. **Жашыл калпак**: чыгармачылык « темага байланыштуу чыгармачыл идеяларды чагылдырышат.)

6. **Кызыл калпак** сезимталдуулук (текстти окуганда эсине түшкөн нерселер, сезимдери жөнүндө айтышат.)

**3-кадам:** Ар бир топ өздөрүнө берилген багыт боюнча талкуулашат;

**4-кадам:** Ар бир топ катары менен презентация жасашат;

**5-кадам:** Сөз болуп жаткан тема боюнча жыйынтык пикирлерин, чыгармачылыктарын билдиришет.

## БЕЛГИЛҮҮ ЧОҢ МАНАСЧЫ САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ

«Оо чиркин дүйнөнүн айкөлдүгүн карачы, айтууга аны тил кайда, ырдоого аны үн кайда...» – деп Ала-Тоонун арасында агып жаткан улуу дайра – манасчы Саякбай Карала уулунун керемет талантын күүгө салып кеткен акын Курбанбай Калдыбаевдин ушул саптары эсиме түшүп отурду. Дүйнөдөн эрте көчкөн таланттуу акындын Сакеме арналган поэтикалык саптарында биздин кылымдын улуу адамынын көркөм дүйнөсү кыйла таамай чагылдырылган.

Улуу «Манас» эпосунун тегерегинде канчадан бери кеп болуп келе жатат.

Демек, «Манас» аз-аздан суюлуп бараткан азганактай калктын муңун муңдап, эртеңкисине жол көрсөтчү кеменгери катары элдин пассионардык улуу күчүн ойготкон, алдыга баштап чыккан.

Саякбай Карала уулунун «Манасы» өзүнүн көркөмдүк бүтүндүгү, таасир этүү күчү, окуяларынын жыйынтыктуулугу, образдардын кеңири чечмелениши жагынан гана айырмаланбастан, бийик доошко ээ болгон трагедиялуулугу менен да айырмаланат.

Анын сыйкырдуу саптарына камтылган элдин өткөнү менен бүгүнкүсү ушу азыр да сөз кереметинин касиетин жоготпой, укканды таң калтырып, окуганды ойго салбай койбойт. Элдин мына ушул көркөм таберигинде анын кайгы-кубанычы, салт-санаасы, улуттук үрп-адаты анан да, эң башкысы, улуу трагедиясы камтылган. Кыргыз кыргыз болгону маңдай жарган кубанычы, маанайын түшүргөн кайгысы, ич ара ынтымакка келе албаган улуттук чектелүүчүлүгү эпосто таамай, ишенимдүү берилген.

Саякбай Карала уулунун эли үчүн жасап кеткен ошол тоодой эмгеги урпактары тарабынан кастарланып, унутта калбашы керек.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Тапшырма 1.2.** Бул иллюстрациялар кыргыз элинин кайсы чыгармасы боюнча тартылган жана алар жөнүндө айтып бергиле.









Өз алдынча иштөө. Сүйлөмдөрдү окуп чыккыла, алардан бөлүкчөлөрдү таап, алар мааниси жагынан бөлүкчөнүн кайсы тобуна кирерин аныктагыла. Бөлүкчөлөрдүн эрежесин түшүндүргүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Батыйна чоңойгон так ошол жылы кыздарга таандык жакшы сапатын көрсөттү. 2. Дүйшөн да ошондо оюна келгенин бир иштеп койду да. 3. Колунан келбей жатат го. 4. Оо, эпчил турмуш, азыр баштагыдан да ачуу, өкүнүчтүү, ызалуу иштин ыңгайын келтирди белем. 5. Деги сенин жылыр күнүң болобу, ыя? 6. Дал ушул буйрукту күтүп турган Балбак жанына эки-үч киши алып жөнөдү. 7. Ынтымакты деле өздөрү курат, ырыскыны деле өздөрү табат.

**Тапшырма 1.3.** Төмөнкүдө берилген чакыруу кат эрежеси жана тартиби менен таанышып чыккыла.

Эсиңерге сактагыла! Чакыруу – өткөрүлүүчү маанилүү иш-чарага карата алдын ала жеке адамдарды, тийиштүү коомчулукту, анын өкүлдөрүн чакыруу үчүн жиберилген иш кагазы. Анда иш-чаранын мазмуну, өткөрүүнүн максаты,күнү, убактысы, орду көрсөтүлөт. Керек учурда чакырууда иш-чаранын программасы тиркелет.

Чакыруунун белгилери жана жазуунун тартиби:
1. Иш кагазынын аты;
2. Чакырылуучунун аты-жөнү;
3. Текст;
4. Иш-чаранын өткөрүлүү убактысы, орду;
5. Иш-чараны өткөрүп жаткан мекеменин, уюмдун аталышы;

**Тапшырма 1.4.** Төмөнкүдө берилген чакыруу кат менен таанышып чыгып, андагы иш кагазынын жазуу өзгөчөлүктөрүнө көңүл бургула.

**ЧАКЫРУУ**

Урматтуу -----------------------------------------------------------------

Сизди заманыбыздын улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата өткөрүлүүчү адабий кечеге чакырабыз. Кече 2022-жыл 12-декабрында № 35 орто мектептин жыйындар залында саат 15.00 дө башталат.

Уюштуруу тобу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма 1.5.** Топтук ыкма. Төмөнкү тапшырмалар боюнча чакыруу кат жазгыла..

***1-топко:***

классстагы уюштуруучу иш-чараларга карата чакыруу кат жазгыла.

***2-топко:***

мектептеги уюштуруучу иш-чараларга карата чакыруу кат жазгыла.

«Кластер» ыкмасы боюнча чакыруу кат иш кагазын талдоо, жалпылоо.

**Чакыруу кат боюнча суроолуу кластер түзүү:**

Үлгү:

Кандай иш кагазы? Башка иш кагаздарынан айырмасы?
Качан колдонулат? Кандай түрлөрү бар?
Канча белгиси бар? Кандай формада жазылат?

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |

## Накыл сөздөр

Орундуу сөз акыл-эстен от алат.
Орунсуз сөз ийиниңден баш алат.
Азаматты эки санат багыттайт,
Чындык сөзү, ак эмгеги карытпайт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# X БӨЛҮМ. УКУГУБУЗ – СЫЙМЫГЫБЫЗ




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Текст менен иштөө

### ОЛИЙ МАЖЛИС

Олий Мажлис учурда бийликтин мыйзам чыгаруучу жана өкүлдүк органы эсептелет, башкача айтканда, депутаттар жана сенаторлор аларды шайлаган эл кызыкчылыктарын туюнтат.

Өзбекстан Республикасынын Олий мажлиси жогорку мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган болуп, мыйзам чыгаруу бийлигин жүргүзөт.

Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлиси эки палатадан – Мыйзам чыгаруу палатасы (төмөнкү палата) менен Сенаттан (жогорку палата) турат.

Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин Мыйзам чыгаруу палатасы менен Сенатынын ыйгарым укуктуу мөөнөтү – беш жыл.

Өзбекстан Республикасы Конституциясы, 76-статья.

Олий Мажлистин Мыйзам чыгаруучу палатасы аймактык шайлоо округдары боюнча көп партиялуулуктун негизинде беш жылга шайланган 150 депутаттан турат. Мыйзам чыгаруучу палатанын он беш депутаты Өзбекстан Экология кыймылынан шайланат.

Мыйзам чыгаруучу палата өзүнүн бардык депутаттарынын туруктуу кесипте иш жүргүзүшүнө негизделген. Олий мажлистин Сенаты укуктук өкүлчүлүк палатасы болуп, 100 сенат мүчөлөрүнөн турат. Сенаторлор Каракалпакстан Республикасы, облустар жана Ташкент шаарынан бирдей санда – алты адамдан шайланат.

Олий Мажлис Сенатынын он алты мүчөсү илим, көркөм өнөр, адабият, өндүрүш тармагында, ошондой эле мамлекеттик жана коомдук эмгектин башка тармактарында чоң практикалык тажрыйбага ээ болгон жана бөтөнчө эмгек сиңирген өтө беделдүү жарандардын арасынан Өзбекстан Республикасынын Президенти тарабынан дайындалат.

Шайлоо күнү жыйырма беш жашка толгон жана аз дегенде 5 жыл Өзбекстан Республикасынын жараны Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлиси Сенатынын мүчөсү болушу мүмкүн.

Бир адам Өзбекстан Республикасынын Олий Мыйзам чыгаруучу палатасынын депутаты жана Сенатынын мүчөсү боло албайт.

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Текстте эмнелер жөнүндө маалыматтар берилди?
2. Өзбекстан Олий Мажлиси түзүлүшү боюнча берилген маалыматтар туура берилгенби?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3. Өзбекстан Республикасынын Конституциясынын 76-статьясынан силер эмне жөнүндө маалымат алдыңар?
4. Олий Мажлистин Мыйзам чыгаруучу палатасы жана Сенаттары милдеттерине эмнелер тиешелүү экендиги жөнүндө кандай түшүнчөгө ээ болдуңар?

### Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор

1. Олий Мажлис кандай түзүлгөн? Анын составына канча депутат жана Сенат кирет?
2. Олий Мажлистин Мыйзамдуулук палатасы жана Сенатынын абсолюттук укуктары кайсы?
3. Өзбекстан Республикасынын Конституциясына ылайык мыйзам чыгаруу демилгеси укугуна кайсы бийлик органдары ээ?
4. Мыйзамдын аткарылышы үчүн кандай материалдык каражат керек? Аларды каерден алууга болот?

## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

Модаль сөздөр

Эсиңерге сактагыла! Сүйлөм тизмегинде туруп, айтылуучу ойдун чындыкка карата болгон ар түрдүү мамилесин сүйлөөчүнүн көз карашына ылайык билдирген кызматчы сөздөр модаль сөздөр деп аталат.

**Тапшырма 1.1.** Жогоруда берилген текстти окуп чыгып, модалдык сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

### Кичи топтордо иштөө

Класстагы окуучулар төрт топко бөлүнүшүп, төмөнкү берилген модалдык сөздөр боюнча сүйлөмдөр түзүшөт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***1-топко:***

албетте, балким, мүмкүн, маселе, имиш, кызы

***2-топко:***

сыяктанат, баса болжолу, ырас, кыскасы, айтмакчы чындыгында

***3-топко:***

чынында, сөзсүз, мисалы, шексиз, чамасы, керек

***4-топко:***

дейм, кана, мына, окшойт, көрүнөт, чыгар

**Тапшырма 1.2.** «Бумеранг» методу. Ишке ашыруу.

Биринчи топтун окуучулары бир нече модалдык сөздөр жазып беришет.

Экинчи топтун окуучулары бул модалдык сөздөрдү катыштырып, текст түзүүгө аракеттенишет.

Аналогиялык тапшырма. Берилген сүйлөмдөрдөгү көп чекиттердин ордуна тиешелүү модалдык сөздөрдү коюп көчүрүп жазгыла.

1. Ташчайнар менен Акбара тезирээк кайра үңкүргө жетип келиши ... . 2. ... , бул айткан сөзүң көпчүлүккө жакты. 3. ..., мен кийин барышым зарыл. 4. ... , бул оюн мага да, тигилерге да абдан жакты окшойт. 5. Балам, менин чачымды алып койчу, ... , мен жакында сергий албайт кептенем. 6. ... , атамдын айтканы туура чыгар. 7. Сиздин бул оюңуз кандай, ... , мага кечээги айтылган сөздөр аябай жакты. 8. ... , мен бүгүн келбей калсам, бул иш кандай чечилер эле дейсиң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## Накыл сөздөр

Акылдуу билимди, акылсыз кийимди ойлойт.
Акыл баштан, асыл таштан.
Билим алтындан кымбат, кылычтан курч, октон өткүр.
Билимди элден, алтынды жерден изде.

## Текст менен иштөө




### МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ – МАМЛЕКЕТ ӨКМӨТҮ, АТКАРУУ ОРГАНЫ

Министрлер Кабинетинин негизги уюштуруучулугу жана иш-мердигине Өзбекстан Республикасынын Конституциясынын 98-статьясы жана. «Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндөгү» мыйзам арналган. Министрлер Кабинети – Өзбекстан Республикасынын өкмөтү жана Өзбекстан Республикасынын аткаруучу органы саналат жана экономикалык, социалдык жана руханий тармактын жемиштүү иш-аракетине жетекчиликти, Өзбекстан Республикасынын мыйзамдары, Олий Мажлис токтомдору, Президент Буйруктары, токтомдору жана жарлыктарынын аткарылышын камсыздайт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Министрлер Кабинети мамлекеттик башкаруу органдарын жана алар тарабынан түзүлгөн чарбалык башкаруу органдары системасын башкарат, алардын келишип иштешин камсыздайт. Министрлер Кабинети өз иши боюнча Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлиси жана Өзбекстан Республикасысынын Президенти алдында жооптуу саналат.

Олий Мажлис Палаталарында карап чыгылуучу мыйзам долбоорлору жана башка документтерди даярдоодо Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинетинин Аппараты, жайлардагы жергиликтүү мамлекеттин жана чарбалык башкаруу органдары, ошондой эле аткаруу органдары бийлиги структуралык бөлүмдөрүнүн жакын шериктештигин камсыздоо максатында Олий Мажлисте Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинети Өкүлү кызматы.

Борбордук бийлик органдарынан айырмалуу түрдө жергиликтүү бийлик органдары социалдык маселелерди аймактык деңгээлде чечет. Алар коом турмушунун түрдүү багыттарындагы көйгөйлөрдү түздөн-түз чечкен абалда аткаруу бийлигинин мыйзамдары менен нормативдик акттарын ишке ашырат. Бийлик органдары жерлерде элдин бейпилдигин камсыздоо жана мамлекеттин алдында турган маанилүү милдеттерди аткарууда чоң роль ойнойт.

Элдик депутаттар Кеңеши облус, район жана шаарларда бийликтин өкүлчүлүк органы саналат. Алардын ишмердиги өзүнүн аймагындагы калктын турмушуна тиешелүү ар түрдүү тапшырмалар жана көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган. Облус, шаар, райондун аймагындагы өкүлчүлүк жана аткаруу бийлигин аким башкарат. Облус акимдери жана Ташкент шаарынын акими Президент жана тиешелүү Элдик депутаттар Кеңешине эсеп берүүгө милдеттүү.

Облус, район, шаарларда (районго баш ийген шаарлардан, ошондой эле шаарга баш ийген райондордон тышкары) акимдер жетекчилик кылган элдик депутаттардын Кеңештери бийликтин өкүлчүлүк органары болуп, алар мамлекеттин жана жарандардын таламдарын көздөп, өздөрүнүн ыйгарым укуктарына тиешелүү маселелерди чечишет.

***Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 99-статья.***

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Тексттеги негизинен кандай тема жөнүндө ой бөлүштүрүлдү?
2. Министрлер Кабинетинин милдети жөнүндө эмнелерди үйрөндүңөр?
3. Министрлер Кабинети эмнелерди камсыздайт?
4. Борбордук бийлик органдары менен жергиликтүү бийлик органдарынын айырмасы эмнеде?
5. Элдик депутаттардын милдеттери жөнүндө кандай маалыматтар берилген?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор**

1. Өзбекстан Республикасында кандай аткаруу органдары бар?
2. Министрлер Кабинетинин курамы кандай түзүлөт?
3. Республика өкмөтүнүн негизги ыйгарым укуктарын сана.
4. Министрлер Кабинети Олий Мажлис менен өз ара катышы кандайча ишке ашырылат?
5. Аткаруучу бийлик органдарынын негизги милдетин айткыла.

## Грамматика боюнча билимдерди тереңдетүү

**Тапшырма 1.** «Даймонд» стратегиясы методу. Модалдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү боюнча төмөнкү тапшырманы аткаргыла.

| Үлгү: | Эрежеси: | Мисалдар: |
|---|---|---|
| 1. | Айтылуучу ойду ырастоо, кубаттоо маанисинде: | |
| 2. | Айтылуучу ой-пикирге күнөм саноо, божомолдоо: | |
| 3. | Ой-пикирди тактоо мааанисинде: | |

### Топтор менен иштөө

Төмөнкү берилген модалдык сөздөрдү катыштырып, «Айылдык депутаттын милдети» деген темада презентация даярдагыла.

*1-топко:*




*2-топко:*







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***3-топко:***




**Тапшырма 1.2.** Өз алдынча иштөө. Төмөнкү сүйлөмдөрдү окуп чыгып, модаль сөздөрдү тапкыла. Алардын кандай мааниде колдонулуп жатканын айтып бергиле. Кызматчы сөздөрдүн канчага бөлүнөрүн санагыла.

1. Балким, ал өзүн кайраттуу жана кубаттуу кылып көрсөткүсү келгендир. 2. Чындыгында, баланын мээрими, махабаты такыр башка. 3. Бул саат оңдоочу усталар Ташкенден да табылбайт имиш. 4. Чагымда, мунун айткан ойлору ишке ашты көрүнөт. 5. Бала жылмайганда, сөзсүз, Айтике да жылмаят. 6. Мүмкүн, Жапар бүгүн келип калар. 7. Булар тоо кийик өңдөнөт. 8. Жапардын келерине, болжолу, эки-үч күн калды окшойт.

**Тапшырма 1.3.** Анологиялык тапшырма. Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдөгү көп чекиттердин ордуна тиешелүү модалдык сөздөрдү коюп жазгыла.

1. Уурдалган бөлтүрүктөрүн жоктоп, ... , карышкырлар улуп жатса керек. 2. Менин үйдө жогумду карачы, үйдө болсом, ... , Базарбай бөлтүрүктөрдү уурдабайт эле. 3. Улуу тоолор калыбынан жазбай, суз гана карап турган ... . 4. Бөлтүрүктөрүн бербесе, карышкырлар дагы кол салууга ... . 5. ..., бөрүлөр улуй берип, тынчыбызды алат ... . 6. ... , Базарбайдын бөлтүрүктөрдү аракка сатканы, ..., бизди кайгыга салды.

**Тапшырма 1.4** Төмөнкү берилген текстти окуп чыгып, мазмунун түшүндүрүп бергиле жана күндөлүк турмуштан мисалдар келтиргиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ОБЛУСТАР, РАЙОНДОР, ШААРЛАРДЫН АКИМДЕРИ

1. Өзбекстан Республикасынын мыйзамдары, Олий Мажлис палаталары. Өзбекстан Республикасынын Президенти, Министрлер Кабинетинин мыйзамдары жана документтер, жогору турган органдар жана тиешелүү элдик депутаттар Кеңеши токтомдорунун аткарылышын уюштурат;

2. Коомдук тартипти сактоо жана кылмыштуулук менен күрөшү, жарандар коопсуздугун камсыздоо, алардын укук жана саламаттыгын камсыздоо менен байланыштуу иш-чараларды көрөт, табигый кырсык, эпидемия жана башка экстремалдык жагдайларда иштерди уюштурат;

3. Облус, район, шаарларды социалдык жана экономикалык өнүктүрүүнүн негизги багыттары, облус, район, шаар бюджетинин негизги параметрлери жана алардын аткаруу жөнүндөгү эсепти элдик депутаттар Кеңешине берет;

4. Республикада жана чет өлкөдө облус, район, шаардын расмий өкүлү иретинде иш алып баруу;

5. Калкты кабыл алууну уюштурат, жарандардын даттануу, арыз жана сунуштарын көрүп чыгат жана башкалар.



«Биздин айылдык депутат» деген темада эссе жазгыла.

**Тапшырма 1.5.** Сүрөттөр менен иштөө. Төмөнкүдө берилген сүрөттөр боюнча өз пикириңерди билдирип, чакан тексттер түзгүлө.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |
| ... | ... | ... |

## Накыл сөздөр

Окуу – түндө алдыңдагы шам чырак,
Билим алсаң маңдай ачык жаркырап.
Окуу, билим көп нерсеге жеткирет,
Бул экөөнөн урмат-сыйды көп көргөн.

## Текст менен иштөө

### АВТОРЛУК УКУГУ

Ар күнү жүз миңдеген адам өз ой пикирин көркөм же музыкалык чыгарма катарында чагылдыруу, изилдөөлөр формулалары же жадыбалдарын жазуу, ойлоп табуусу үлгүлүү нускасынын чиймелерин даярдоо жана башка максаттарда колуна таза кагаз алат. Мындай эмгек – интеллектуалдык эмгек, ал менен жаратылган чыгармалар болсо интеллектуалдык мүлк деп аталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Алгачкы интеллектуалдык мүлк түшүнчөсү 1967-жылда Дүйнөлүк интеллектуалдык мүлк уюму бекиткен Конвенцияга ылайык жарыя кылынды. Өзбекстан дагы ушул уюм мүчөсү эсептелинет.

Эл аралык конвенциялар жана Өзбекстан Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана чыгармачыл иштер натыйжаларына карата атайын жеке жана мүлктүк укуктар жыйындысы интеллектуалдык мүлк деп аталат.

Автордук укугу жарандык укуктун бир бөлүгү болуп, акыл эмгеги менен алакеттенген жарандар укуктарын коргоого багытталган.

Автордук укуктун максаты, көркөм кадыр кымбаты жана белгилөө усулуна (проза, ырлар, ауди жазуулар ж.б.) карабастан басып чыгарылган жана кол жазма формасындагы бардык чыгармаларга тиешелүү болот.

Аны жаратууда чыгармачыл эмгеги сиңген жак автору эсептелинет. Чыгарма шериктештиктеги чыгармачылык эмгек түшүмү болсо, ал бардык авторлорго да тиешелүү болот.

Чыгарма кимдин чыгармачылык эмгеги менен жаратылган болсо, ошол жаран чыгарманын автору деп эсептелет.

Илим, адабият жана искусство чыгармасына автордук укугу аны жаратуу фактысы боюнча пайда болот. Автордук укуктун пайда болушу жана ишке ашырылышы үчүн чыгарманы каттоодон өткөрүү же кандайдыр бир башка официалдуулукка амал кылуу талап кылынбайт.

Чыгарманын түп нускасында же нускасында автор катары көрсөтүлгөн адам, эгерде башкача абал далилденбеген болсо, чыгарманын автору эсептелинет.

**Өзбекстан Республикасынын**
**Жарандык кодекси 1046-статья..**

**Тексттеги маалыматтын чагылдырылыш ыкмасы боюнча суроолор**

1. Интеллектуалдык эмгек жана интеллектуалдык мүлк деген кандай түшүнчөнү билдирет?
2. Текстте автордук укук боюнча кандай маалыматтар берилген?
3. Өзбекстан Республикасынын Жарандык кодекси 1046-статьясы эмне жөнүндө айтылган?
4. Кайсы учурларда авторлук укук тартиби бузулган деп эсептелинген**?**
5. Чыгарманын автору түшүнчөсү боюнча маалыматтар туура берилгенби**?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Тексттеги маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча суроолор

1. Интеллектуалдык мулк обьекттеринин кандай түрлөрү бар?
2. Автордук укук кимдин кызыкчылыгын коргойт?
3. Автордук укуктарды коргой турган мыйзамдар кайсы?
4. Чыгарманын автору же автордошу ким?
5. Өзбекстандын автордук укугу кандай мөөнөткө амал кылат?
6. Автордук келишим эмне? Ал кандай, ким менен жана кандай мөөнөттө түзүлөт?
7. Автордук келишимге кандай шарттар киритилиши шарт?

**Тапшырма 1.1.** Төмөнкү таблицада берилген сүйлөмдөрдөгү модалдык сөздөрдү таап, маанисине карай түрлөргө ажыраткыла.

| Сүйлөмдөр | Модалдык сөздүн кайсы түрү экендиги |
|---|---|
| 1. Мүмкүн, Толгонай, эне болуп, энелик үзүрдүн эң сонун мезгили сен үчүн ошондо башталган чыгар. | |
| 2. Бектурган аке, чамасы, сиз ойлогон ой ошентип, ишке ашса керек. | |
| 3. Айтмакчы, сиз сөзүңүздүн аягына чыкпай калдыңыз көрүнөт. | |
| 4. Албетте, силердин да ойлогон оюңар бар чыгар. | |
| 5. Коркпо балам, балким, бул сөз жалган болушу ыктымал. | |
| 6. Сөзсүз, жалган болсо экен, сага жамандыкты каалабаганым ырас. | |

**Тапшырма 1.2.** Аналогиялык көнүгүү. Төмөнкү көп чекиттин ордуна модаль сөздөрдү коюп, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Же төмөнкү үлгүгө салып, модалдык сөздөрдү катыштырып, оозеки сүйлөм түзгүлө. Сүйлөмдөгү модалдык сөздөрдү маанилери боюнча ажыраткыла. Синтаксистик кызматын түшүндүргүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Болжолу, мүмкүн, балким, албетте, ырас, шексиз, чамасы, имиш. ...ыйлап жатты окшойт, бөйрөктөрү болк-болк этет.


Ү л г ү : Болжолу, ыйлап жатты окшойт, бөйрөктөрү болк-болк этет.

1. ... көп жерден окуган окшойт, – деди Бүбүш. 2. Аялдын жашы отуздан небак ашкан, бирок көргөн адам чачын ак деп айтышы ... 3. ..., шордуу энем менин күйүтүмдү көтөрө албай жүргөн чыгар. 4. Иш жагынан башчыбыз Бекишке баш иебиз жана сыйлайбыз. 5. ..., жол азабын тартсак да, эртерээк жетсек экен. 6. Иштин түйүнү башка жакта экени ... .

## Топтор менен иштөө

**Тапшырма 1.3.** «Кластер» методу. Кичи топтордо иштөө. Класстагы окуучулар төрт топко бөлүнүшүп, төмөнкү берилген тапшырма боюнча ар бирине мисалдар келтирип, сүйлөмдөр түзгүлө.


***1-топко:***




***2-топко:***




***3-топко:***




***4-топко:***






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Өз алдынча иштөө. Төмөнкүдө берилген кызматчы сөздөрдү аныктап, байламта менен бөлүкчөнү маанисине карай ажыратып, аларга кандай сөздөр кирерин айтып бергиле. Жандоочтордун кайсы жөндөмөлөр менен айкашып келгенин аныктагыла, мисалдар келтиргиле.

1. Жайнак болсо, өтө шайыр, өтө ачык-айрым жигит болуп өстү, бирок үйгө токтоо деген жок эле го анда. Катчымын деп, жаштар менен, алар кайда болсо, ошондо. 2. МТСтен сыйлык алган велосипедин минип, эртең менен Касымдын так комбайнын көздөй кетип бара жаткан эле. 3. Алтын менен күмүштү зергер үчүн жараткан, аркар менен кулжаны эл, жер үчүн жараткан. 4. Дүйшөн менен Алтынайдын теректерин тартсамбы, же Дүйшөндүн суу кечип, же мектепти карай баратканын тартсамбы? 5. Эгерде биз Айга карай саякат жасай турган болсок, жолубуз эки гана бөлүктөн турар эле: биринчиси – атмосфера, экинчиси – космос. 6. Айтике түш көргөндөй болду да, бирок өзүнө-өзү ишенбеди.

**Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула**

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## Накыл сөздөр

Окуу – түндө алдыңдагы шам чырак,
Билим алсаң маңдай ачык жаркырап.
Окуу , билим көп нерсеге жеткирет,
Бул экөөнөн урмат-сыйды көп көргөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЖЫЛ БОЮНЧА ӨТҮЛГӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО ЖАНА ТЕКСТТЕРДИ ЛОГИКАЛЫК ЖАКТАН ТАЛДОО

**1-тапшырма.** Төмөнкү кесиптерди тематикалык топторго бөлүштүргүлө.

Аудитор, адвокат, бухгалтер, укук коргоочу, журналист, кассир, сценарист, дизайнер, маркетолог, тигүүчү, тергөөчү, сот, лингвист, англис тилчи, медэксперт, менеджер, продюсер, экономист, кыргыз тилчи, режиссёр, чачтарач, сүрөтчү, косметолог, логопед, массажист, психиатр, психолог, фармацевт, кардиолог, программист, оператор ПК, интернет-маркетолог, веб-аналитик, окутуучу, тарбиячы.

| Экономика | Укук таануу | Сулуулук жана | Маалымат технологиясы | Медицина | Кино жана | Окутуучулук жана |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |

**2-тапшырма.** кичи топтордо иштеп, төмөнкү таблицаны толтургула. Презентация даярдагыла.

| Ким? | Кандай милдет аткарат? | Кайда иштейт? |
|---|---|---|
| Врач | Адамдарды дарылайт, операция жасайт, айыктырат. | Ооруканада, клиникада, госпиталда иштейт. |

## ТҮРДҮҮ КЕСИП ЭЭЛЕРИ

**3-тапшырма.** «Эң ..., эң ..., эң ...» оюну. Берилген сөз айкаштарына тиешелүү кесипти тапкыла.

1. Эң таттуу (сатуучу, кондитер, момпосуй).
2. Эң көп акчалуу (байлар, банкир, банк).
3. Эң коюу чачтуу (кыздар, чачтарач).
4. Эң кичинекей (тарбиячы, педиатр, мугалим).
5. Эң сүрдүү (психолог, хирург, директор).

**4-тапшырма.** Сүйлөмдөрдү бүтүргүлө.

1. Соодагер алтын салган кабын жоготуп ... .
2. Жыгач устанын аялы жарыяны угуп ... .



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3. Аны уккан соодагер абдан … .
4. Мен абдан чынчыл, намыскөй … .
5. Сот соодагерди суракка алып, … .
6. Жыгач уста таап алган түйүнчөктү… .

**5-тапшырма.** Төмөнкү эссени окугула, суроолорго жооп бергиле.

Мен чоңойгондо кайсы кесипке ээ болууну чече элекмин. Кесип тандоо – жөнөкөй иш эмес. Себеби дүйнөдө абдан кызыктуу кесиптер көп да. Балким мен врач болуп, эң жаман ооруларды айыктырам. Же космос мейкиндигин аралап, ааламга саякаттайм. А балким, биздин планетанын сырдуу жерлерин изилдейм, же болбосо буудай өстүрүп, нан бышырам.

Илимпоз болуп, энергиянын жаңы түрүн табам, же апамдын ордуна ашканада тамак жасай турган роботту ойлоп табам. Мен азыр болгону… 7-класстын окуучусумун, келечекте кандай кесипке ээ болоорумду айтуу мен үчүн кыйын. Бирок мен адамдарга пайдалуу эмгектенем, ошондо мектептен алган билимим мага жардам берерине ишенем.

1. Кесипти тандоо чын эле оорбу? Эмне үчүн?
2. Врач эмне кылат? Илимпоз эмне кылат? Космонавтчы?
3. Эгерде окуучу мектепте жакшы окуса, анда келечекте мыкты эмгектене турганына кошуласыңбы? Эмне үчүн?
4. Бул окуучу канчанчы класста окуйт деп ойлойсуң? Эмне үчүн?

## Текст менен иштөө

### БАЙЧЕЧЕКЕЙ

Илгери өткөн заманда короо-короо малы, өрүш бербеген жылкысы, сандыгына батпаган алтын-зери бар бир бай болуптур. Бай сексенге таяп калса да бала көрбөй, «баланын ыңаалаган үнүн укпай, бул жашоодон куу баш өтөмбү» деп кайгырып жүргөн мезгилде кебезден ак, айдан сулуу, гүлдөн назик кыздуу болот.Мезгил өтөт, кызы чулдурап сүйлөп, там-туң басып, атанын кайгыдан карып болгон жүрөгүн жашартып, жашына жаш кошуп, көңүлүн кушубак кылат. Күндөр айга, айлар жылга алмашып, кыз кол арага да жарап калат.«Кыз да болсо – туяк», – деп ата өзүн сооротот. Күндөрдүн биринде кыз талаадан ойноп келип, «башым» деп ооруп калат. Табити эч нерсеге тартпай, жеген тамагы аш болбой, төшөккө жатып калат. Атасы тегеректеги табыптарды алдырат. Бирок бири да кыздын дартын таппай, баштары катат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Айласы кеткен ата короо-короо малын, өрүш бербеген жылкысын, сандыкка батпаган алтын-зерин чачып, туш-тушка жарчы жайып, чабарман чаптырып, оорунун жайын билген табып издетет. Келген шыпаакерлердин бирөө да сыркоонун сырын ача алышпай,келген жактарына кете беришет. Амалы түгөнгөн бай:

– Карыганда тапкан жалгыз чечекейимден айрылат турбаймынбы, кудай, – деп бótодой боздойт.

Күндөр өтө берет, кыздын адам болбосу билинип, эл-журт камылгасын көрө баштайт. Ошол мезгилде кайдан-жайдан белгисиз, жер кезген бир думана пайда болот.

Ал акырын басып келип, кыздын тамырын кармап:

– Бактыңыз бар экен, байым, кызыңыздын үч күндүк гана өмүрү калган экен, улуу тоонун башында, калың карга карабай желегин жайган, сыздаган суукка туруштук берип өскөн, жаздын, жашоонун жышаанын берген бир кичинекей сары гүл бар, колуңуздан келсе ошону алдырыңыз, кызыңыздын дартына бир болсо ошол өмүр гүл гана даба болот, – дейт.

Сүйүнгөн ата жигиттерди аттап-тондоп ошол улуу тоого жиберет, ат арышын токтотпой, бел чечип эс албай, барып келүүлөрүн катуу эскертет.

Үчүнчү күн дегенде жигиттер баягы кереметтүү сары гүлдү алып келишет. Табып аны кызга искетип, кайнатып берип, кыздын дартын тапка салып, кырк күн жанынан жылбай карайт. Кырк биринчи күн дегенде кыз төшөктөн туруп, өз алдынча сыртка чыгып калат.

Күндөр өтүп, байдын кызынын демине-дем, күчүнө-күч кошулуп тыңып калат, өз ишин аткарган касиеттүү думана-табыпты бай ыраазы кылып узатат. Оюнкараак кызынын баштагыдай так секирип ойноп, күлкүсү шаңдуу чыгып калганын көргөн байдын көңүлү тынат.

Ошондон кийин эл байдын жалгыз чечекейин өлүмдөн алып калган кичинекей ошол кереметтүү сары гүлдү «байчечекей» деп атап калышат.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**6-тапшырма.** Текстти окуп чыгып, төмөнкү тест суроолоруна жооп бергиле.

1. Бул ... .
а) роман
б) жомок
в) макал
г) уламыш

2. Байчечекей гүлү ... чыгат.
а) кышында
б) күзүндө
в) жазында
г) жайында

3. Бай качан кыздуу болот?
а) пайгамбар жашында
б) жаш курак кезинде
в) орто жаш кезинде
г) бой жеткен кезинде

4. Кызга эмне болот?
а) сүйүп калат
б) сыркоолоп калат
в) жактырып калат
г) назданып калат

5. Кыздын оорусун ким табат?
а) эч ким
б) табып
в) дарыгер
г) акылман

6. Бай эмнеге капаланат?
а) дарыгердин жообуна
б) малынын аздыгына
в) жайлоонун тардыгына
г) алтынынын аздыгына

7. Ошондо сары гүлдү кайдан таап келишет?
а) ай-асмандан
б) кумдуу чөлдөн
в) ээн талаадан
г) аска-зоодон



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

8. Кызды өлүмдөн … сактап калат.
а) жигит
б) жолоочу
в) манап
г) дарыгер

9. Кыз канча күн дегенде өзүнө келет?
а) жыйырма күн
б) үч күн
в) отуз күн
г) кырк күн

10. Кичинекей сары гүл качан «байчечекей» деп аталып калыптыр?
а) кыз үзүп алгандан кийин
б) кызга жагып калгандан кийин
в) кызды сактагандан кийин
г) бай кызына бергенден кийин

## ТИЛ ҮЙРӨНҮҮ

Силер эне тилиңерди билесиңерби?
Силер кыргызча жакшы сүйлөй аласыңарбы? Англис тилиндечи?
Тил билгениңерге байланыштуу кандайдыр бир окуяны эстеп айтып бергиле.




«Тил үйрөнүү» деген темада эмнелер тууралуу сөз кылабыз?

**7-тапшырма.** Төмөнкү сөз айкаштарды пайдаланып, чакан текст түзгүлө.

Тил – көпүрө, макта-, жатта-, улуу тил, тилдерди бил-, баркта-, жадыбалдай жатта-, өз-өзүнчө сакта



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**8-тапшырма.** Ырды көркөм окугула.

## ТИЛДЕР ЖАНА ЭНЕЛЕР

Орус тили экинчи эне тилибиз,
Ошон үчүн мактап, жаттап жүрөбүз.
Көп элдердин ортосунда көпүрө,
Ушул тилдин улуулугун билиңиз.
Орус эне дагы экинчи энебиз,
Ак эмгеги, ак сүтү бар ченегис.
Ким барктаса өз энесин, өз тилин,
Барктай билет дүйнө элинин көп тилин.
Ар улуттун энеси улуу, тили улуу
Өйдө, ылдый деп айта албайбыз эч бирин.
Уккун мени уул, кызым, жаштарым!
Ушул сөзүм жадыбалдай жаттагын.
Тилди тилге, эне менен энени
Чаташтырбай өз-өзүнчө барктагын,
Төртөөнүн тең тазалыгын сактагын!

*Б. Сарногоев*

**9-тапшырма.** Өзүңөр түзгөн чакан текст менен Б. Сарногоевдин ырынын текстин салыштыргыла. Айырмачылыктарын жана жалпылыктарын атагыла.

1. Байдылда Сарногоевдин ыры эмне жөнүндө?
2. Эмне үчүн ар башка улуттардын тилин өйдө, ылдый деп баалабаш керек?
3. Акын айткандай тилди тилге чаташтырбай таза сүйлөш керек деп ойлойсуңарбы? Эмне үчүн? Кандай аргументтерди айта аласыңар?
4. Силерге Байдылда Сарногоевдин «Тилдер жана энелер» деген ыры жактыбы? Эмне үчүн?

**10-тапшырма.** Тил үйрөнүүдөгү максаттардын бирине таянып, комментарий бергиле

.

Ү л г ү : Менин тил үйрөнүүдөгү негизги максатым ..., анткени ... .

– Тил үйрөнүүдө жеке кызыкчылык үчүн үйрөнөсүзбү же башкабы?

– башка элдин маданиятын таануу үчүнбү?

– окуган жерде сүйлөшө алуу үчүнбү? (Телефондо сүйлөшүү, чогулуштарга катышуу жана аларды түшүнө алуу, коноктор менен сүйлөшүү.)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– дагы жакшыраак иш табуугабы?
– достор же үй-бүлөңөр менен сүйлөшүү үчүнбү?
– чет өлкөгө барып-келүү үчүнбү?
– китеп окуу үчүнбү?
– интернет колдонуу үчүнбү?

**11-тапшырма.** Көп тил билген адам кандай ийгиликтерге жетишет? деген суроого сүрөттөгү маалыматтарды пайдаланып, жооп берип, жупта талкуулагыла.

Конструкцияны пайдалангыла
Кыргыз тилин үйрөнүүдөгү негизги максаты –
Биринчиден;... Экинчиден, ... деп ойлойм.
Ал эми англис тилин башталышы.

**12-тапшырма.** Сүйлөмдөрдү туура түзгүлө.

1. (Убакыт, убакытты) үнөмдөгүң келсе – (тил, тилди) үйрөн.
2. Ишке киргенде (компьютер, компьютерди) сабаттуу колдоно алуу менен бирге бир канча (тил, тилди) билүүсү шарт.
3. (Дүйнө, дүйнөнү) кыдыргың келсе – англис (тил, тилин) үйрөн.
4. (Аң-сезим, аң-сезимди) өстүргүң келсе – (тил, тилди) үйрөн.
5. (Чындык, чындыкты) билгиң келсе – (тил, тилди) үйрөн.
6. Азыркы (технология, технологияны) үйрөнүү үчүн көп (тил, тилди) билүү керек.

**13-тапшырма.** Текстти окуп, тапшырманы аткаргыла.

**Кырдаал:** Ийгиликке жетүү үчүн тил үйрөнүү зарыл. Азыркы учурда технологиянын жардамы менен тил үйрөнсө боло турган кандай кеңеш берет элеңер? Бири-бириңер менен маектешип,пайдалуу эки кеңешти сунуштагыла.

## ТИЛ ҮЙРӨНҮҮ ҮЧҮН ЭҢ ПАЙДАЛУУ КЕҢЕШТЕР

Азыркы технологиянын жардамы менен диванда отурган жерден эле тил үйрөнсө боло тургандыгына байланыштуу пайдалуу кеңештерди. Кыргыз тили беребиз. Мисалы, **TuneIn.com** сайты-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

на кирип, каалаган тилиңерде, каалаган тармагыңарда, каалаган өлкөңөрдүн радиосун акысыз уга аласыңар.

Даяр категорияларга бөлүнгөн радио станцияларды каалаган убагыңарда, каалаган жериңерде угуп, жаңы тилде угуу жөндөмдүүлүгүңөрдү өркүндөтө аласыңар.

Эгерде окуганды жакшы көрсөңар анда **www.alexa.com** сайтына кирип, өлкөдө болуп жаткан ар кайсы тармактагы кызыктуу кабарларды жана маалыматтарды окуп турсаңар болот.**Duolingo** – тил үйрөнүүнү оюнга айландырган программа. Акылдуу телефонуңарга же планшетиңерге жүктөп алып, коомдук жайларда, унааларда, бирөөнү күтүп турганда, бош бактыңарда ж. б. бардык учурда оюн ойногончо тил үйрөнсөңөр болот.

**Babbel** – дээрлик көпчүлүк тилдерде колдонулган 2 000ге жакын сөз камтыган, сүрөттөрү жана аудио форматтары бар программа. Жаттаган жаңы сөздөрдүн узак мөөнөттүү болушун камсыз кылат. Сөздөрдүн туура айтылышын да үйрөнө аласыңар.

**Forvo** – сөздөрдүн аудио форматтарын камтыган дүйнөдөгү эң чоң база. Кайсы бир сөздүн же болбосо адамдын атын чет тилинде кандай айтыларын билбей калсаңар, бул программаны колдонгон жана ошол тил эне тили болгон адамдар силерге жардам берет. Албетте, силер да башка адамдарга өз тилиңерде кайсы бир сөздүн кантип айтылышын үйрөтө аласыңар.

**Lang-8** – жазылган тексттердеги каталарды текшертүү жана текшерүү үчүн курулган тил үйрөнүүчүлөрдүн жана үйрөтүүчүлөрдүн коому.

Бир канча параграфтан турган өзүңөр жазган текстти бул жакка жазып койсоңор, эң кыска убакыттын ичинде силерге тексттин каталарын таап, тийиштүү көмөк көрсөтүшөт.

**Тапшырма 14. Кептик конструкцияларга таянып, кеңеш бергиле.**

а) Мага ____________ сайты жакты. Анткени ....
б) Башка тилди тез үйрөнүш үчүн:
уу Биринчиден, ... сайтын ... . Анткени ... .
уу Экинчиден, ... сайтын ... . Анткени ... .
уу Үчүнчүдөн, ... сайтын ... . Анткени

**Тапшырма 15. Сүйлөмдөрдү толуктоо тести:**

**1.** Тилден _______ да тамат, _______ да тамат.
а) кан, суу
б) бал, уу
в) гүл, нур
г) туз, шор

**2.** Канча тил _______, ошончо дил _______.
а) билсең, билесиң



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

б) үйрөнсөң, аласың
в) күтсөң, табасың
г) тапсаң, болосуң

**3.** Тил – ______, босогоңдо комдонгон, ______, өзүңдү да жеп койгон. *Ж. Баласагын*

а) карышкыр, ачка калса
б) төө, тили менен
в) өгүз, сүзүп койсо
г) арстан, бошоп кетсе

**4.** ______ – кызыл тил.
а) оозуңда
б) эне тилиң
в) кыргыз тили
г) өнөр алды

**5.** Илим менен ______ көпүрө – тил, көкөлөткөн адамды ______ деп бил. *(Ж. Баласагын)*

а) адамга, бийлиги
б) билимге, тили
в) акылга, жаны
г) ыйманга, ниети.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ОКУУЧУЛАРДЫН БИЛИМИН, МАШЫККАНДЫГЫН ЖАНА КӨНҮККӨНДҮГҮН БААЛОО ҮЧҮН ТЕСТТЕР

1. Кайсы сүйлөмдөгү кара тамга менен берилген сөз кыймыл-аракеттин ордун билдирет?

а) Бүгүн мына баарыңар **андан-мындан** келип, бизге жардамдашып жатасыңар.

б) Бул жерге, **анда-санда** болсо да, келип турганыңар жакшы.

в) Анан калп эле **аркы-берини** айта бербей, ишибизди кылалы.

г) Бул жандыктар ордун **тез-тез** алмаштырып турат.

2. Кайсы варианттагы сүйлөмдө кара тамга менен берилген сөз кыймыл-аракеттин мезгилин билдирет?

а) Кечигип жатабыз! **Тезирээк** кыймылдагыла!

б) Бул жерге **кез-кезде** шаар башчылары келип турат.

в) Бул топ менен **алмак-салмак** ойносоңор болобу?

г) Бул кылганыңар **эч кандай** эрежеге туура келбейт.

3. Берилген сөзгө кайсы варианттагы мүчөнү уласак, кыймыл-аракеттин сыпатын билдирген сөз жасалган болот?

а) -дан

б) -га

в) -ча

г) -дай

4. Кайсы варианттагы сүйлөмдө кара тамга менен берилген сөз кыймыл-аракеттин сын-сыпатын билдирет?

а) Азыгыңарды **көбүрөөк** алгыла.

б) Кичине **жайыраак** сүйлөңүзчү.

в) Дагы **төмөнүрөөк** баса түшкүлө.

г) Нанды **азыраак** жегиле.

5. Жай келери менен, алар ........................ көлгө жөнөшөт. Жогорудагы сүйлөмдү толуктоо үчүн кайсы сөз эң ылайыктуу?

а) азырынча

б) каадасынча

в) жыланча

г) бүгүнчө

6. Кайсы варианттагы сүйлөмдө кара тамга менен берилген сөз кыймыл-аракеттин сан-өлчөмүн билдирет?

а) Сыйлуу конок чайды **бөксөрөөк** куюш керек.

б) Бир эки-үч устунду **жогору** чыгарыш керек.

в) **Кечээден** бери канча убакыт өттү?

г) Иштерден **күн мурун** пландаштырыш керек



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

7. Кайсы сүйлөмдөгү «бир» сөзү кыймыл-аракеттин сыпатын билдирет?
а) Аман менен Белек бир жерде иштешет.
б) Эки оору  бир келсе –ажалыңдын жеткени.
в) Бир күнү өлкөбүз өнүккөн өлкө болуп калат.
г) Сизге бир жолу барсам жок экенсиз.

8. Кайсы варианттагы сөздөн тактооч жасай албайбыз?
а) адам
б) алат
в) айбат
г) айбан

9. Бечаралар **кышты-кыштай** үшүп чыгышты. Сүйлөмдөгү кара тамга менен берилген сөз кандай мүчөнүн уланусу менен жасалган?
а) -лай
б) -дай
б) -ла+-й
г) -да+-й

10. Мен бу ишке **аргасыздан** бардым. Сүйлөмдөгү кара тамга менен берилген сөз кыймыл-аракеттин эмнесин билдирди?
а) сыпатын
б) себебин
в) өлчөмүн
г) максатын

11. Адамдардын сүйлөшүүсүн туураган сөз кайсы варианттагы сүйлөмдө берилген?
а) Баягылардын кобур-собуру угулуп жатты.
б) Бир маалда калдыр-шалдыр башталды.
в) Аны акырын калем менен белгилеп койгула.
г) Шыдыр болуп, шуулдаган бойдон жеттик.

12. Бечара ...................... басып келатат. Сүйлөмдү толуктоого кайсы варианттагы сөз эң ылайыктуу?
а) корсулдап
б) аксаңдап
в) тарс-турс
г) жарк-журк

13. Кайсы сөз сырдык сөздөрдүн катарына кирет?
а) балким
б) айтор
в) ыракмат
г) албетте



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

14. .................... чебер деп ушуну айт. Сүйлөмдү кайсы варианттагы сөз менен толуктасак, сүйлөм мааниси жагынан туура түзүлгөн болот?
а) ай-ай-ай
б) пай-пай-пай
в) о, кокуй
г) аттиң-ай

15. Төмөндө берилген сырдык сөздөрдүн арасынан кайсы бирин айбанатка карата айтууга болот?
а) ай-ай
б) чү-чү
в) ок-ок
г) тес-тес
Бул адамдардын айткандарынын баары пайдасыз, ............. ал университетте мугалим болуп иштейт.

16. Бул адамдын айткандарынын баары пайдасыз, ... ал университетте мугалим болуп иштейт. Сүйлөмдү төмөндө берилген сөздөрдүн кайсы бири менен толуктасак, мааниси туура болот?
а) анткени
б) анткени менен
в) ошондуктан
г) ал эми

17. Кайсы сүйлөмдөгү кара тамга менен берилген сөздөр божомолдоо маанисин туюндурат?
а) Канчалык көп окусаң, **ошончолук** өнүгөсүң.
б) Бул иш бизди **же** байытат, **же** жакырлантат.
в) Жакырлар **да**, байлар **да** адам эмеспи?
г) Бул киши **ары** даанышман, **ары** карылуу бир адам экен.

18. Кайсы варианттагы сүйлөмдө кара тамга менен берилген сөз шарт маанисин туюндурат?
а) Ийгиликке жетишесиң, **эгер** менин айткандарымды аткарсаң.
б) Сабакты **канчалык** берилүү менен окусаң, ошончолук пайдалуу болот.
в) Тез келе кал, **же болбосо** жетишпей каласың.
г) Мезгил катаал, **ошондуктан** катаал бололу.

19. Бул шаар өтө коркунучтуу болуп эсептелет ............. бул жерден каалаганыңды тапсаң болот. Сүйлөмдү төмөндө берилген сөздөрдүн кайсы бири менен толуктасак, мааниси туура болот?
а) ал эми
б) ошондуктан
в) себеби
г) бирок



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

20. Кыйкырдым–укпадың. Сүйлөмдөгү сызыкчанын ордуна кайсы байламта келе алат?
а) же
б) да
в) бирок
г) ошол себептүү

21. Төмөндөгү сүйлөмдөрдүн кайсы биринде «менен» сөзү мезгилдик маанини туюндурат?
а) Биз келерибиз менен, жамгыр жаай баштады.
б) Аракет кылганыбыз менен, ийгиликке жете албадык.
в) Силерди кол чабуулар менен тосуп алабыз.
г) Жарык күйөт деген үмүт менен отурабыз.

22. Кайсы варианттагы сүйлөмдө кара тамга менен берилген сөз кыймыл-аракетти туюндурган жок?
а) Бардык ызы-чууларды **баштап** коюп, акырын кетип калдыңбы?
б) Кийинки айдын башынан **баштап**, жумушуңар көбөйөт?
в) Фильм көрүүнү **баштап** алып, бүткүчө уктаган жокмун.
г) Бизнес **баштап**, окууну унуттуңбу?

23. Кайсы катардагы сүйлөмдө кара тамга менен берилген сөз орундук маанидe колдонулду?
а) Аныкынан **мурун** биздин үйүбүз турат.
б) Бизден **мурун** бул үйдө мергенчилер жашаптыр.
в) Анан ал үйдө элден **мурун** биз сатып алдык.
г) Үй өзү он жыл **мурун** курулган үй экен.

24. Кайсы катардагы сүйлөмдө кара тамга менен берилген сөз мезгилдик маанидe колдонулду?
а) Жумуштан **кийин** сыртка чыгып сейилдедим.
б) Азыр ден соолук акчадан **кийин** турабы?
в) Узун бойлуулардан **кийин** кыска бойлуулар турсун.
г) **Кийин** тургула, мен келатам.

25. Кайсы варианттагы сүйлөмдөгү «менен» сөзү байланыштыргыч катары колдонулду?
а) Жамгыр менен жер көгөрөт.
б) Жамгыр менен шамал көп нерсени өзгөртөт.
в) Мен эл менен адаммын.
г) Эл менен дайыма байланышта болуу керек.

26. Кайсы варианттагы кара тамга менен берилген сөз күчөтүү маанисин туюндурду?
а) Бизди **аябай** туруп жеңип коюшту.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

б) Акчаңды **аябай** эле койчу, баары бир түгөнөт!
в) Биз мындай ишке **ным** жолобойбуз.
г) Биз жерде **ным** көп экен.

27. Кайсы катардагы сүйлөмдө кара тамга менен берилген сөз чектөө маанисин билдирет?
а) Биздин короодо үч **эле** бак бар.
б) Эшикти ача калсам **эле** – кар.
в) Кыш келсе **эле**, тоого чыгабыз.
г) Өткөндө айылыбызда бир окуя **эле**.

28. Анын атасы согушка катышкан **имиш.** Сүйлөмдөгү кара тамага менен берилген сөз эмнени билдирет?
а) суроону
б) күмөндүүлүктү
в) болжолдуулукту
г) тактыкты

29. Сабактын ............. ортосуна келгенде, мугалим сыртка чыгып кетти. Сүйлөмдү кайсы варианттагы сөз менен толуктасак, мааниси туура болот?
а) абдан
б) аябай
в) чылк
г) кап

30. Кайсы варианттагы кара тамга менен берилген сөз күчөтүү маанисин туюндурат?
а) Бул адамдын мүнөзү **тим эле** жумшак экен.
б) Акчасын **тим эле** коюңуз.
в) Баягы киши ошол бойдон **тим эле** болду го.
г) Биз анда бул жерге **тим эле** келиптирбиз да, ээ?

31. Кайсы сүйлөмдөгү кара тамга менен берилген сөз айтылып жаткан тактоо иретинде колдонулду?
а) **Көрсө,** мунун былк иштери көп турбайбы?
б) **Демек**, ар кимдин ишине аралаша бербеш керек.
в) **Кыскасы,** мунун баары жомок гана.
г) **Айтмакчы,** биздикилер жеңишке ээ болушту.

32. Кайсы варианттагы сөз ойду жыйынтыктоодо колдонулат?
а) Менимче
б) Демек
в) Балким
г) Албетте



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

33. Кайсы сүйлөмдө кара тамга менен берилген сөз сүйлөмгө кошумча гана маани берип, сүйлөмдүн эч кандай милдетин аткарбайт?

а) Мен Гарвард университетинде окуганымды айтсам, **ишенесиңби?**

б) Азыр чөнтөгүмдө бир тыйын акча жок, **ишенесиңби?**

в) Сен бул айтылган сөздөргө **ишенесиңби?**

г) **Ишенесиңби,** ишенбейсиңби– мага баары бир.

34. Кайсы варианттагы сөз сүйлөмдөн кара тамга менен берилген сөздү алып салсак, сүйлөмдүн мааниси көп деле өзгөрбөйт?

а) **Кыскасы** жакпаса, узунун ал!

б) Бул жумушту аткаруу жолунун **кыскасы** барбы?

в) **Кыскасы,** узуну–баары эле жарай берет.

г) **Кыскасы,** бул жердин жакшы жагы – салкындыгы.

35. Кайсы варианттагы сөз көп ишене бербөөнү билдирүүгө колдонулат?

а) Арийне

б) Ырас

в) Сыягы

г) Акыры

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 |
| а | а | а | в | б | а | а | б | б | б |
| 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 |
| а | б | б | б | в | а | б | а | б | в |
| 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 | 27 | 28 | 29 | 30 |
| а | а | а | а | б | в | а | б | а | а |
| 31 | 32 | 33 | 34 | 35 | | | | | |
| б | б | а | г | в | | | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*O‘quv nashri*

# ONA TILI

Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining
7-sinf o‘quvchilari uchun darslik

*(Qirg‘iz tilida)*

Редактору *А. Юнусалиева*
Сүрөтчүсү *Б. Зоиржонов*
Көркөм редактору *Ш. Ходжаев*
Дизайнер *Б. Зуфаров*
Техникалык редактору *Л. Хижова*
Кичи редактору *М. Салимова*
Корректору *М. Сулайманова*
Компьютерде даярдаган *Б. Душанова*

18.08.2022 да басууга уруксат этилди. Форматы 60 x $84^{1}/_{8}$.
Офсеттик кагаз. Арип түрү «Arial». Офсеттик басма.
Шарттуу басма табагы 26,04. Учёттук басма табагы 22,68.
Нускасы . Келишим № 22-190.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Уринбаева Ш.К., Шерматова Г.Э.**

У 69 Кыргыз тили [Матн] : 7-класс үчүн окуу китеби / Ш.К. Уринова, Г.Э. Шерматова – Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. – 224 б.

ISBN 978-9943-8371-2-6

**УЎК 811.512.154(075.3)**
**КБК 81.2(5Кир)я72**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал**

| № | Окуучунун аты, фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебин алган кездеги абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылып жаткандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкүчө баалоо критерийлери боюнча толтурулат.**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыралган эмес. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эзилген, четтери жыртылган, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыралуу абалы бар. Пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада иретке келтирилген. Кээ бир беттерине сызыган. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүктөн ажыралган же таптакыр жок. Канааттандырарлык даражада калыбына келтирилбеген. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, чийип, боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE